# Семетей

## 1-китеп



Жусуп Мамай

## Жусуп Мамайдын семетейи жөнүндө сөз

Дүйнөлүк мааниге ээ, улуу мурасыбыз «Манас» эпосу жөнүндө сөз болгондо кыргыз эли жалгыз гана Манас баатырдын улуу жүрүшүн түшүнбөстөн, эли-жерин коргогон Манас, анын уулу Семетей, небереси Сейтек бир түшүнүктө айтылып, бир бүтүндүктү .түзүп турат. Ошон үчүн «Манас» эпосу дегенде эл үчилтикти түшүнөт. Үчилтиктин ар бири өз алдынча көркөм эпикалык чыгармага айланып, эпостун баш каармандарынын ат-карган иштери, эли-жердин камы үчүн башын коюп, душмандары менен айыгышкан кармашта жеңишке жетишип, элин коргоп, жерин сактап калат. Бул эпикалык каармандардын жүргүзгөн ыйык күрөштөрү кыргыздын кийинки укум-тукумдарына ата журтун чексиз сүйүүгө жана аны жат душмандардан коргоого кол жеткис бийик идеал катары бизге мурас болуп калды. Үчилтиктин биринчи бөлүмүндө баш каармандын жүргүзгөн аракети талоонго учурап, туш тарапка айда-лып кеткен элдин башын бириктирип, өз Мекени болгон Ала-Тоону душмандын колунан бошотуп, элдин бейпилдигин сактоо идеясы иш жүзүнө ашырылат. Ал эми экинчи бөлүмүндө өзүнүн тарыхый шартына жараша бытырандылыкка учурап бараткан хандыктардын өз алдынча бөлүнүшү, феодалдык доордун башталышынын алгачкы үлгүлөрүнүн чагылышы менен ички душмандар сыяктуу эле сырткы душмандарга ата мурасын колдон чыгарбай эл тынчтыгы үчүн күрөшөт. Тарыхый кырдаалдан чыгып кетүүнүн аракетин жасаган элге, элден чык-кан чыгаан баатыр уулдардын жаралышын турмуштун өзү эпиканын дүйнөсүнө алып чыгат. Мына ушундай кырдаалда ата мурасын жактаган училтиктин үчүнчү бөлүмүндө Сейтек баатыр жаралат. Эпостун айрым каармандары бир эле эпикалык мазмун менен чектелип калбастан, биринен экинчисине өтүп, дагы да андан кийинки эпикалык окуяларга чейин катышат. Бирок ушундай көркөм чырмалуунун чыйрактыгына карабастан училтиктин ар бири өз алдынча көркөм чыгарма, ар биринин өз алдынча салттык өзөк окуялары бар экендиги кыргыз угармандарына аттын кашкасындай таанымал.
«Манас» үчилтиги жалгыз гана Ала-Тоолук кыргыздарда сакталып ушул күнгө чейин айтылып келе жат-кан болсо, жакындан бери Памирлик жана Кызыл-Суулук кыргыздарда да көздүн карегиндей сакталып, улуу мурастын учу уланып, эл арасында айтылып келе жат-кандыгы белгилүү болду. Мында сөз Кызыл-Суулук кыргыздардан чыккан улуу манасчы Жусуп Мамайдын«Семетейи» жөнүндө болмокчу.
«Семетей» эпосундагы тематикалык бөлүштүрүүлөргө караганда кайсы гана вариантты албайлы салттык өзөк окуяларын түзгөн эпизоддор бүтүндөй камтылган. Эпостун сюжетине көз чаптырганда өзөк окуялар бир тематикалык бирдикте топтоштурулуп, жүрүп жаткан окуянын фабуласын ачып берет. «Семетей» эпосунун бардык эле варианттарында сюжеттик өзөктү түзүп жаткан эпизоддордо болгон «Семетейдин балалык жана жигитчилик чагы», «Семетейдин Чынкожо, Толтой менен болгон согушу», «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү»,«Семетейдин Коңурбай менен болгон согушу» жана финалдык бөлүгү болгон «Семетейдин өлүмү» эпизоду менен эпос жыйынтыкталат.
Ар бир семетейчинин таалим алуу мектебиндеги негизги критерийлер сакталуу менен алар тарабынан эпос-ко киргизилген алымча-кошумчалар закончленемдүү көрүнүш катары эсептелинет. Ошон үчүн туруктуу окуялар менен катар эле варианттар арасында айырмачылыктар бар экендигин байкоо кыйын эмес.

Жусуп Мамайдын «Семетейиндеги» окуяларга ой жүгүртсөк бардык эле варианттарга мүнөздүү көрүнүштөрдөн болгон баатыр баланын эпиканын дүйнөсүнө келиши, эпиканын салтына ылайык эл башына кыйынчылык түшкөн учурда пайда болушуна карабастан, баатырдын төрөлүшүнүн алгачкы этабынан тартып, окуянын негизги багыты чыгарма жаралган ошол доордун тарыхый шарттын талабында өсүп, өнүгүп олтурат. Ал шарт феодалдык уруу түзүлүшүнүн гүлдөө учурунун алгачкы этабындагы уруу феодалдарынын өкүлдөрүнүн арасындагы өз ара келишпөөчүлүк карама-каршылыгы күчөп, уруулар арасындагы ырк, ынтымак бузулуп, өз алдынча болууну көксөп, бытырандылыкка багыт алган учуру болуп саналат. Ошондуктан, туугандар арасындагы көрө албастыктын, жеке керт башынын кызыкчылыгын жана бийлик үчүн болгон күрөштүн торуна түшкөн туугандар, ата мурасын сактап калуу үчүн жаралган баатыр баланын көзүн тазалап ордун басып калуу алардын бирден бир максаты. Мына ушундай татаал оор абалдан бошонууну көздөгөн Каныкей жеке өз керт башын сактап калууну ойлобостон, ал келечектен үмүт кылган, эли-жерин коргоп, Манастын атын сактап кала турган балага коркунуч туулуп турганын сезген эне анын башын калкалап, Семетейдин аман-эсен чоңоюшу үчүн көргөн камкордук аракети болуп жатат.
«Манас» эпосунун бардык варианттарында Манас баатыр Бээжинден жарат алып, Таласка келген соң дүйнөдөн кайтат. Туугандар арасында ырк келишпөөчүлүк Манас күмбөз тургузуу учурунда чыгып, Абыке менен Көбөш ачыктан ачык эле Бакайдан хандыкты талашат.
Жусуп Мамай деле «Семетейди» баштаганда Абыке, Көбөштүн зордугунан эмес, салт боюнча айтылып келинген «Манастын» финалдык окуясы болуп эсептелинген Манас баатырга күмбөз тургузуу, аны коюу расмиси жөнүндө баяндайт. Азасын күтүп, сөөгү коюлгандан кийин Каныкей адистин баарын чакыртып, эркечтин майына кышын, эчкинин майына акиташын бышыртып, көркөмдөп салдырган күмбөзгө көргөзмө көрүн каздырып, Манастын сөөгү коюлган жайды жашырып коет. Күмбөзгө жазуу түшүрүү бардык эле варианттарда эскертилбейт. Аталган манасчыда күмбөздүн тургузулушуна жумшалган эмгектин баасы жазылып, анык экендигин билгизиш үчүн Манастын ак мөөрүн бастырып бышыктайт. Ошентип, эл бир ооздон Манас күмбөзгө коюлду деген ойдо калат. Чындыгында баатырдын сөөгүн душман кордобос үчүн Кайнардын кара суусун бурдуруп, түбүн ойдуруп, сөөктү ошол жерге койдурат.
Манас өлгөндөн кийин уруулар арасындагы карама-каршылыктар күчөп, уруу башчылары өз үстөмдүгүн жүргүзүүгө умтулат. Бул кырдаал Жусуп Мамайдын вариантында кеңири баяндалып, Абыке менен Көбөштүн Манастын ордосуна кол салышынын натыйжасында баатыр баланын келечегин ойлогон энеси жан соогалап качууга аргасыз болот да, Бакайдын жардамы менен Семетейди алып Букарга качып чыгат. Жусуп Мамайдын вариантында деле Семетейдин балалыгы менен жигитчилик курагы таятасы Каракандын колунда өтөт. Семетей эр жетип, бой тартып калган кезинде эли-жерин, атасы Манас экендигин кабарлаган Сарытаз сюжетке киргизилип, өз ролун толугу менен аткаргандыгы бул вариантта да ачык баяндалат.
Туугандар арасындагы араздашууда чоң атасы Жакып, агалары Абыке, Көбөш жана кырк жигит менен болгон кармашы жеңиш менен аяктап, эл тынчып калганда сырткы душманга сатылып, элге жана Семетейге саткынчылык кылган Чынкожо эпиканын майданына чыга келет. Чынкожонун деле жүргүзгөн саясаты тең аталык кылып, бийлик үчүн

жасаган аракети десе да болот. Карындашы Аккоенду шылтоолоп, Гүлчородон ала качып, Толтойго кирип берет. Семетейден өчүн алып берүүнү өтүнүп, арамза оюн ортого салат. Чынкожонун саткындыгы ачыкка чыгып, ал Айчүрөктү тартып алуу максатында Толтой экөө Акун хандын шаарын камап калат. Айчүрөк, Толтой, Чынкожого байланыштуу айтылган окуянын жыйынтыгында Айчүрөктүн жасаган амалы Семетейди эки чоросу менен акшуңкарды издөөгө аргасыз кылат да Чынкожо, Толтой менен болгон кандуу кармаш башталат. «Семетейдин» 2-китебиндекандуу кармашта Чынкожо, Толтой курман болушуп, Семетей Айчүрөктү алып Таласка кайрылып келет.
Анын соңунан Токтосарт деген соодагердин Семетейге келип, сый-урматын көрүп, Семетейдин ал-ахыбалын байкап билип, Коңурбайга кабардар кылат. Эл жайлоого көчкөндө, анча-мынча жигиттери менен Ак ордодо калган Семетейди Коңурбай капысынан курчап калат. Семетейди куткаруу аракетин жасаган бул чоң кагылышта Гүлчоро, Канчоро, Байталак, Жалгызек жана Айчүрөктүн каармандык иштери кеңири баяндоого алынат. Бийлик үчүн болгон күрөш жалаң гана туугандар арасында болбостон, ошондой эле мурда Манастын айланасына топтошкон хандыктардын арасында да жүргөндүгү байкалат. Анткени, Манас баатырдын тушунда туш тарапка айдалган түрк уруулары кайра чогултулуп, бир атанын балдарындай Манастын тегерегинде болушканы менен ар бири өз алдынча хандык бийликке ээ болуп турушкан. Ушундай таасирде болгон Керимбай Көкчөнүн уулу Үмөтөйгө бийлик бергиси келбей, өзү хандык орунду астыртадан талашып, казак элине бүлгүн салат. Аракетти Керимбай өзү жеке керт башы менен жасабастан, элди алдап, коркутуп-үркүтүп, башка жерге коркутуп көчүрүп, душман баатырлары менен дөөлөрүнө кайрылып, кыргызды жаманаттылап жардам сурайт. Бул финалдын жыйынтыгында Кызылуюк дөө менен Мадыкан Гүлчоро, Канчоро жана Семетейден мерт табышат. Керимбай уу ичип өлөт.
Жусуп Мамай салттык окуяга жаңыча түс берүү менен окуянын жана мезгилдин шартына ылайык бир нечелеген окуяларды кошумчалаганын көрөбүз. Бул окуяларда башынан бери сюжетке башкы каармандардан болгон Бакай, Жамгырчы, Семетей, Гүлчоро, Канчоро жана башка баатырлар катышуу ар биринин көрсөткөн эрдиктери, каармандык кайраткерлиги эпоско мүнөздүү болгон ар кыл поэтикалык ыкмада эпикалык закон ченемде сүрөттөлүп берилген. Буларга: Керимбайдын жасаган аракеттери, Кызылуюк дөө менен Мадыкандын жүргүзгөн кандуу кармашы, Семетейдин жалгыз көздүү Мадыкан дөөнү сайып, эжеси Кардыгач менен жездеси Карманапты куткарышы, Уусанкелдин көргөзгөн дүмөгү, Жубатай дөөнүн Гүлчоро менен болгон кармашы сыяктуу согуштук окуялар кирет. Аталган окуялар негизинен Жусуп Мамайдын вариантына гана таандык. Башка варианттарда бул окуялар учурабайт. Демек, эпоско киргизилген бул сыяктуу кошумчалар эпостун идеялык мазмунун, сюжеттик өзөгүн жаңыртуу менен ага кандайдыр бир окуянын өөрчүтүлүшүнө, баатырлардын жүргүзгөн күрөш аракеттерине кошумча дем ,күч берип жаткандай сезилет. Ошондуктан мындай алымча-кошумча жаңылыктарды кубаттоого гана болот.
Эпосто кыргыз элине көзүн арткан душманы Коңурбайдын жүргүзгөн күрөшү жана айла-амалы кыргызды кулчулукка айландыруу жана Манастан калган кегин уулу Семетейден алуу анын бирден бир башкы максаты болуп саналат. Ошондуктан, Коңурбай дагы бир жолу айла-амал издеп, Семетейге кат жазып, алдап, элдешүүгө чакырышы анын акыркы аракети болот.

Жүрүп жаткан согуштук окуяларда Семетей менен Гүлчорого дем берген, кубат киргизген Манас, Алмамбет, Чубак жана Сыргактын элестери ар убак жардам берип, оор абалдан чыгарып, куткарып турат. Алмамбеттин арбагы Гүлчоро кандуу кармашта күч-кубаттан тайып бараткандa «тирүүмдө жүзүм көрбөдүң» дейт да Гүлчорого кайрат, дем берип турат. Манас баш болгон анын жакын жан-жөкөрлөрүнүн арбактарынын балдарына жардамга келиши укмуштуу фантастикалык пафосто сүрөттөлүү менен душман көзүнө да көрүнүп, алардын сесин алат. Алмамбеттен күч, кубат алган Гүлчоро Мадыканды жер жаздантат. Ушундай эле кайрат, кубат алуу менен Жубатайды да жаздым кылат.
«Семетей» эпосунун кайсы гана вариантына кайрылбайлы бардыгында бирдей эле Семетей кан майданда баатыр катары душман баатыры менен болгон күрөш үстүндө курман болбостон, алдоо сөзгө кирип, өзүнүн мурунку күч-кубатынан ажыраган учурда гана жаздым болушу негизги мотив болуп эсептелинген. Анткени, баатырдын өлүмү феодалдык уруу түзүлүшүнүн бытырандылыкка учураган алгачкы мезгилин ичине камтуу менен ар бир семетейчи ошол доордун шартына ылайык өз алдынча баатырдын өлүмүн мотивдештиришкен. Буга караганда эпос чагылдырган доордун шарты көрсөтүп тургандай айрым варианттарда Семетейдин өлүмү согуш талаасында эмес, ошол доор шартына өтө мүнөздүү көрүнүштөрдөн болгон аңчылык кылып, сейилге чыгуу учуруна ылайыкташтырылып жатат. Сөз болуп жаткан вариантта деле жогоруда эскерилген мотив негизинен сакталган. Сейил куруп, аңчылык кылуу мезгили болбосо да Канчоронун сөзү менен күмбөздү тайып келүүгө чыкканда, атайын кара ниеттик менен жасалган аракеттин аркасында Семетей мертинүүгө дуушар болот.
Семетейдин өлүмүнө негизинен эмчектеш тууганы Канчоронун ичи тардык жана көрө албастык, бийлик үчүн умтулган арам ойлуулук кегин иш жүзүнө ашыруу максатында жүргүзгөн аракеттеринин натыйжасынын жыйынтыгын көрөбүз. Ошондой эле анын алгачкы Семетейге жасаган карасанатайлык иши Үмүтөйдүн атасынын кунун алам деп келип өлүшүнөн башталат. Үмүтөйдүн өлүмү жана анын сөөгүн барктап коюп, Каныкейдин сөзү менен жакшылап узаталы дегенге Семетей көнөт. Ушул ыңгайлуу жагдайдан пайдаланып, Канчоро Семетейге акылыңды жоготпой казактардын хандык жолу менен эрлиги өзүң менен бир болгон соң Тайбуурулду тартууга бербесең болбойт деген Канчоронун кытмыр, кара ниет оюн туура таап, Тайбуурулду тартууга кошуп жиберет. Ошентип, канчадан бери ичине кек сактап жүргөн Канчоро Семетейди негизги күч берүүчү миңгич тулпары Тай буурулдан ажыраткан соң, ал өзүнүн башынан бери ойлоп жүргөн кара ниеттик кастык ишин иш жүзүнө ашырууга киришет.
Канчоро Гүлчоронун Суркоенун сурап минип, чалгын чалам демиш болуп, Кыязга жолугуп сөз бүтүрөт. Сөз бүткөн соң болжошкон күнү Канчоро катуу аракеттенип, Каныкей менен Айчүрөккө тилин тийгизип, Семетейди азгырып, күмбөздү тайып келебиз деп алып чыгып кетет. Акыры Каныкейдин эскерүүсү боюнча белдеги Манастын ташын Канчоро гана көтөрүп, ыргытып жиберет. Күмбөзгө келгенден кийин да Каныкейдин айткандары туура келип, Семетейдин жасаган аракеттери онунан чыкпай туруп алат. Канчоро дагы бир жолу Семетей менен Гүлчорону алдап, Суркоенду минип, курал-жарагын алып, анан өзүнүн саткындык сырын ачып, хан Кыязга кошулуп, эми өчүн аларын айтат да жүрүп кетет. Канчалык кылса да Кыяз алды менен тарткынчыктайт. Бирок Канчоронун каардуу сөзүнөн чыга албай колун айдап, Семетей жаткан жерге келишет да кол салышат. Алды менен Канчоро найза менен сайганда, Кыяз балта

чабат. Экинчи ирет Канчоро келгенде «бетиңди көрбөйүн эмне кылсаң өзүң бил» деп Семетей тескери карап туруп берет. Канчоро найза менен капталга саят, Кыяз балта менен Семетейди чыкыйга чабат. Семетей кулап түшкөндө Канчоро кылыч менен башын алып салайын дегенде хан Кыяз колунан кармап «бузбайлы мунун көркүн деп, албайлы бойдун бөркүн деп» токтотуп калат. Ошентип, Кыяз сөзүн айтып бүткөнчө Семетей көйкөлө түшүп, коргошундай жылт этип кайып болуп, өлгөндүгү билинбей жоголуп кетет. Канчоро менен Кыяз Семетейдин эмне болгонун биле албай туруп калышат.
«Семетей» эпосунун финалдык чечилиши Семетейдин кайып болушу менен эле бүтүп калбастан, башка варианттарда баяндалгандай эле Гүлчоронун көргөн кордугу, Сары хандын Канчородон жаздым болушу, элдин зар-муңу менен Канчоронун хандык мансапты алып, бийлик башына келип, элге көрсөткөн үстөмчүлүк баскынчылыгы кеңири сүрөттөөгө алынган.
«Семетей» эпосунун мазмундук сюжетине көз чаптыра турган болсок, «Манас» үчилтигинин салттык нугун бузбастан, башынан бери айтылып келе жаткан өзөк окуялар сакталуу менен мезгилдин жаңырышы жана доордун улам жакындашы менен эпостун мазмунуна манасчылар тарабынан тарыхый доордун мүнөзүнө жараша жаңыча алымча-кошумчалар киргизишип, эпоско жаңы түс, жаңы мазмун берип турганын байкоого болот. Анткени, «Манас» эпосуна караганда «Семетей»эпосу чагылдырган доор негизинен феодализм баскычындагы уруу түзүлүшүнүн гүлдөп, өсүп-өнүккөн чекитине жетип, андан соң ар бир уруу топтору өздөрүнүн кызыкчылыгын көздөп, бийлик үчүн баш коюп, ата мурасын ээлеп калуу үчүн жан кыйышкан кандуу күрөш айрыкча күчөп, бытырандылыкка баш койгон шартты чагылдырып жатат. Ушул идея эпостун сюжеттик өзөгүндө үзүлбөстөн уланып отуруп, акырындык менен өсүп-өнүгүп курчуй берет да Канчоронун бийлик үчүн жасаган аракеттери менен чечмеленип берилет.
Ошентип, Жусуп Мамайдын «Семетейинин» сюжеттик биримдигин биз эскерип өткөн туруктуу өзөк окуялар менен эпизоддор түзүп турат. Кылымдан кылымды карытып, ата-бабабыз салттык өзөгүн сактап айтып келе жаткан монументалдуу «Манас» эпосун элге жеткирүүдө биз сөзгө алып олтурган Кызыл-Суулук кыргыздардын «Манасы» кыргыздын улуу мурасына өз үлүшүн кошкон, кыргыз элине берген көркөм белеги болуп саналат.
**Кеңеш Кырбашев, филология илимдеринин кандидаты, улук илимий кызматкер.**

<u>Жомок башы</u>

Келтирип сөздүн омогун,
Айтайын «Манас» жомогун.
Анын арбактары колдосо,
Айтканым жалган болбосо.
Көбү төгүн — көбү чын,
Көрүп келген мен эмес,
Көпчүлүктүн көөнү үчүн.
Жармы төгүн — жармы чын,
Жанында турган мен эмес,

Жарандардын көөнү үчүн.
Атаңардын жомогу,
Айтпасак, балдар, болобу?
Бабаңардын жомогу,
Баштасак келер оролу.
Каңырык түтөйт Манастын,
Казасын адам ойлосо!
Кас душмандан кара нээт,
Капыстан каза болбосо.
Кайран Манас көкжалың,
Жатуучу беле чалкалап?
Бек ачуусу келгенде,
Бээжинди бузган талкалап.
Каарынан душман айбыккан,
Кара жанын калкалап.
Эрлиги менен алптыгы,

эмгиче элдин эсинде.
Бээжинди барып багынтып,
Сурап турган кезинде.
Кытайлардын Конурбай,
Кыярлык айла иштетип,
Кыраанды жаман алдады.
Камы жок турган беренди,
Айбалта менен жайлады.
Шилиге балта тийгенде,
Көзү оттой жайнады.
Кор болбогон баатырдын,
Шору минтип кайнады.
Жайылып уусу балтанын,
Жарасы жаман зилдеди.
Каныкей канча кылса да,
Эмдөөдөи пайда тийбеди.
Оён Манас ошентип,
0 дүйнө жүзүн көргөндө.
Азасын күтүп өкүрүп,
Ак калпак кыргыз көмгөндө.
Акылман туулган Каныкей,
Адистин баарын алдырды.
Бакайдын алып кеңешин,
Бар керегин жам кылды.
Эркечтин майын сызгыртып,
Майга кышын бышыртып,
Эчкинин майын сызгыртып,
Акиташын бышыртып,

www.bizdin.kg

Санжырга кылып урпакка,
Сарайлап күмбөз салдырды.
Көк тиреген көркүнө,
Көргөндүн көзүн талдырды.
Алп Манастын ак мөөрүн,
Алпайтып ага бастырды,
«Миң жамбы менен бүттү»— деп,
Өрнөктөп анык жаздырды.
Көзүнчө элдин Манаска,
Көргөзмө көрүн каздырды.
Үстүнө күмбөз салдырды,
Арыбы көп Каныкей,
Ар жоругун ашырды.
Кара ниет душманды,
Каптырып ташты аздырды.
Касиеттүү бул күмбөз,
Кышында тоңсо агарды.

Жайкы чилде тамызда,
Майы сызып карарды.
Калың эл калды Манасты
«Күмбөзүнө көмдүк деп
Алыстан келген эчендер,
Күмбөзүн тайып көрдүк» — деп.
Акылман Бакай, Каныкей,
Арыпты кыйын кылдырды.
Адамдан ашкан өнөрчүл,
Устанын баарын жыйдырды.
«Таба албай душман тынсын — деп
Билиндирбей бир жанга
Бузулбай дени турсун» — деп,
Туйгусбастан тир жанга.
Кайнардын Кара-Суусуна,
Көр каздырды ушуга.
Сууну тетир бурдурду,
Алдында сайды ойдурду.
Кара-Суунун кайнарга,
Манастын сөөгүн койдурду.
Ичи-тышын жакшылап,
Таш менен бекем кынады.
Коргошун куюп жигине,
Суу өткүс кылып шыбады.
«Кара-Суунун түбүнө,
Аркан салса бойлобойт.
Суу түбүнө Манасты,

Койду» — деп, киши ойлобойт.
Каныкей менен Бакайдын,
Кайгылуу көөнү тынды эми.
Арбагына Манастын,
Аянбай кызмат кылды эми.
Муну мындай таштайлы,
Абыке, Көбөш Канышты —
Чапканынан баштайлы.

Абыке менен Көбөштүн Каныкейди чабышы

Ал аңгыча Жакып хан,
Акылынан азганы.
Каралуу Каныш байкуштун,
Кара көзүн жаштады.
«Качып эрге тиет — деп,—
Карандай жала жапканы.
Абыке, Көбөш, жесирди,
Алгыла — деп айтканы.
Бириңерге тийбесе,
Чапкыла» — деп айтканы.
Хан Жакып кебин укканда,
Абыке, Көбөш дүпүлдөп.
Токтоо бербей акылга,
Кирген суудай күпүлдөп.
Кырк чорону чакырып,
Бээ семизин союшту.
Кыргыл чалды кутурган,
Элчиликке коюшту.
Кыянаттуу Кыргылчал,
Ак сакалын коюндап.
Олбуй-солбуй теминип,
Камчылап атын моюндап.
Хан Манастын ордого,
Салып уруп жеткени.
Каныкейге каралуу,
Как мазасын эзгени.

«ой, Каныкей кулак сал,
Жесирлик арман сенде бар.
Хан Манастан айрылып,
Жетимдик арман менде бар.
Кыяйын десем кызырдуу,

www.bizdin.kg

Мазардан корком дегендей.
Кыйбайын десем ызгарлуу
Назардан корком дегендей.
Айтайын десем айкөлдүн,
Арбагынан айбыгам.
Айтпайын десем хан Жакып,
Каар-заарынан айбыгам.
Өлгөндөн катын калуучу,
Өрнөктү жолго салуучу.
Өз жесирим жеңем — деп,
Кайниси каалап алучу.
Кайнатаң сенин Жакып хан
Элчиликке жиберди.
Абыке менен Көбөштүн
Бирөөнө каалап тийсин — деп,
Теңчиликке жиберди.
Абыке, Көбөш эки эрен,
Хан Манастан кем эмес.
Терең ойлоп жооп бергин,
Тийбей турган сен эмес.
Жылуу оордуң суутпай,
Сактап калгын кообуңду.
Кимисине тиесиң,
Ачык айткын жообуңду?
Баштакыдай Каныкей,
Биле албайсың тобуңду.
Кууп чыгат ордодон
Сен табасың жолуңду».
Абыке айтат: «Каныкей,
Айткан сөзгө кирбесе,
Көбөш айтат — кербез — деп,
Бирибизге тийбесе.
Кылабыз — дейт Каныкей,
Кыркмач байтал өзүңдү.
Чаап алып ордону,
Оёбуз — дейт,— көзүңдү».
Аны угуп Каныкей,
Кандуу жашы сел болуп.
Ханша башы көктөгү,
Паска түшүп жер болуп.

Кыргылчалга; «куу сакал,
Кылчайбастан кайт — деди.
Абыке менен Көбөшкө,
Төкпөй-чачпай айт» — деди —

www.bizdin.kg

«Эрен Манас өлгөндө.
Элчиге келчү сен белең?
Арбагы барда айкөлдүн,
Эрге тийчү мен белем?!
Кайнатамды алжыган,
Каарлуу көктүн сели урсун.
Абыке менен Көбөштү,
Ак топурак жер урсун.
Анттан безген Кыргылчал,
Сени кара жел урсун.
Өлсө дагы Манастын
Арбагынан танбаймын.
Сүйүүмдү берген айкөлгө,
Сүттөн аппак сактаймын.
Кошулган ага түбөлүк,
Койнумду жатка ачбаймын.
Абыке менен Көбөштү,
Алп Манастын өзү эмес,
Тырмагына албаймын.
Тиймек турсун аларды
Садагама чаппаймын.
Кылычтап башым кессе да,
Айтканыман жанбаймын».
Аны угуп Кыргылчал,
Кекерлеп сүйлөп чиренди:
«Тиесиң — деп — Көбөшкө»,
Кезенип камчы имерди.
Ачуусу келген Каныкей,
Ак тинтени алганы.
«Кый сүбөнүн тушу» — деп,
Кыргылчалга салганы.
Кызыл-ала кан болуп,
Качып Кыргыл калганы.
Абыке, Көбөш, Жакыпка,
Айтып ыйлап барганы.
«Жеңеңе бардым жеме уктум,
Теги эле жаман кеп уктум.
Карчытыман канжар жеп,
Качып араң кутулдум.
Кызыл-ала кан болдум,
Чакчалекей чаң болдум».

«Өзүм жесир тул — деди,
Абыке, Көбөш кул — деди.
Энеңерди Чыйырды,

Жумшап келген күң —деди.
Абыке, Көбөш эки арам,
Тийишпесин тим — деди.
Каалабаймын, тийбейм — дейт,
Капас болуп жүрбөйм — дейт.
Хан Манастын өзү эмес,
Тырмагына албайм — дейт.
Абыке менен Көбөштү,
Садагама чаппайм» — дейт.
Ушул кепти укканда,**
Оолугуп Жакып жатпады.
«Чапкыла!» деп долуну,
Кара калба баштады.
Абыке, Көбөш арданып
«Сени!» — деп оозун карманып.
«Какшатпасак долу — деп —
Хан ордоңду чаап алып.
«Кылбасак күң сени! —деп —
Казан-аяк карматып».
Көбөш менен Абыке,
Кырк чорону козгоду.
Калмакка чабуул салчудай —
Мылтыктарын октоду.
Түнү менен алашты,
Түгөл жыйып топтоду.
Таң саргарып атты эми,
Тараза жылдыз батты эми.
Доолбасын какты эми,
Черүүлөп кошун тартты эми.
Кайран Манас ордосун,
Кан майдан кылып басты эми.
Чыйырды менен Каныкей,
Чын эле жаман шашты эми.
Сарытазга жиберип,
Семетейди катты эми.
Абыке, Көбөш, Жакып хан,
Өрүштөгү малды алды.
Какыр бетин бербеген,
Калың кара нарды алды.
Казына толгон эсепсиз,
Канча дилде зарды алды.
Ойрон кылып ордону,

Чалдыбарын чыгарды.
Бак-дарагы кыйылып,

Чарбактын баары кыйрады.
Чыйырды менен Каныкей —
Чыңырып минтип ыйлады:
«Асылым Манас өлбөй кал,
Армандуу бизди бөлбөй кал!
Атаң менен иниңе,
Чаптырып көргө көмбөй кал!
Баатырым Манас өлбөй кал,
Бактысыз бизди бөлбөй кал!
Ордоңду каран чаптырып,
Оордуңа бизди көмбөй кал!
Каралдым Манас өлбөй кал,
Кайгыңа бизди бөлбөй кал!
Кан талоон кылып чаптырып,
Катыгүн көргө көмбөй кал!
Жолборсум Манас өлбөй кал!
Жоктотуп бизди бөлбөй кал!
Чоролорго чаптырып,
Чогултуп көргө көмбөй кал!»
Ал аңгыча болбоду,
Хан Жакып келди каркылдап.
Калмакты жеңип алгандай.
Кара күчкө баркылдап.
«Ай! Каныкей нээ дейсиң?
Айткан сөзгө кирбейсиң.
Көзү оюлган ит долу,
Көбөшкө нээ тийбейсиң?!»
Каныкей туруп салт менен,
Хан Жакыпка жүгүндү.
«Көбөшкө тий» — деп айтканга,
Көл болуп жашы күйүндү:
«Кайната, Манас барында,
Хан ордодо жаткансың.
Өлгөн уулуң барында,
Өзүң бек болуп жаткансың.
Арстандан калган белегиң,
Эки жашка толо элек.
Манас уулуң өлгөнү,
Толук он күн боло элек.
Манас өлдү сүйүндүң,
Кейибедиң балам — деп.
Эки арамың ээрчитип
Эми келдиң чабам — деп

Малды айдадым чарбакка,
Баарыңды койдум арбакка.
Чаңдатып чабуул салгандай,
Калмактын жокко ордосу?
Эл укса муну эмне дейт,
Эскерип ата ойлочу?!
Агар алтын зарды алдың,
Айры өркөч нарды алдың.
Ылайым ата оңбой кал,
Үй — үлкүмөт барды алдың.
Айтып эмне кылайын,
Аларды алып тынарсың.
Артындагы айкөлдүн,
Жалгызын кандай кыларсың?
Аны угуп Жакып айкырды:
«Абыке, Көбөш кайдасың?
Көргүлөчү күңдүн бул,
Медер кылып алыптыр,
Кечөөкү туулган баласын.
Көкбөрү кылып тарткыла,
Ала көзү карарсын.
Каз туруп али баласы,
Ордунан телчип кобо элек.
Телчип басып темтеңдеп,
Үч жашка анык толо элек.
Чолпондой көзүн жайнатып,
Булбулдай тилин сайратып,
Тирүү койчу бала эмес,
Тумчуктурбай жайратып.
Кезек бербей силерге,
Атасы жүрдү башында.
Кумдактан муну кутказбай,
Өлтүргүлө жашында.
Каныкей долу катынга,
Бир кылбагын, үч кылгын!
Кажыбаган кайратын,
Өз башына күч кылгын!»
Аны укканда күүлөнүп —
Абыке, Көбөш эки арам,
Токтоо кылып турган жок.
Бөрк ал десе баш алган,
Бул экөөндөй урган жок.
Бастырып үйгө барышты,
Бешикти эңип алышты.
«Балабы» — деп санабай,

Эчтекесин карабай.
Ала күү болуп аракка,
Канталап көзү мас болуп,
Андан бетер шаш болуп,
Көкбөрү тартып калышты.
Алып барып ыргытып,
Жардан сууга салышты.
Семетейди арамдар,
«Өлтүрдүк» — деп калышты.
Арага түшкөн Бакайды,
Айдап элден таарынтты.
Ынтымак, ыркты кетирип,
Ыдыратты калкты.
Бакай абаң ошентип,
Темир тоодо жатчу экен.
Байыркынын акмагы,
Баласын жоодой чапчу экен.
Муну кое туруңуз,
Семетейди Каныкей,
Алып качканын угуңуз.

## Каныкейдин Семетейди алып качышы

Өлүмдүн иши кор экен

Жамандын иши чор экен.
Баш билги көзү өткөндө,
Артында калган кор экен.
Каныкей менен Чыйырды,
Көзүн жашка толтуруп.
Хан Манасты жоктошту,
Катарлаша олтуруп.
Чыйырды ыйлайт кан какшап,
Баласын эстеп зар какшап:
«Акырет кеткен кулунум,
Айрылды кийген болумум.
Абыке, Көбөш, Жакып хан,
Айлымды чаап курудум!
Келбеске кеттиң кулунум,
Кейишиң тартып курудум.
Талаанга түшүп хан ордоң,
Талаада калып улудум!
Катыгүн уулум өлбөй кал,

Кайгыртып бизди бөлбөй кал!
Кайрылар болсоң энеңе,
Кан какшатпай жаныңа ал!
Арман күн уулум өлбөй кал!
Артыңа таштап бөлбөй кал!
Арамдарга кор кылбай,
Аясаң мени жаныңа ал!»

Энеси ыйлап токтоду.
Каныкей турду канкакшап,
Кайырма жака, киш ичик
Желбегей жеңин бош таштап:
«Асыл туулган хан төрөм,
Азелде тагдыр ушу экен.
Азапка башың калганда,
Сыймыгың качкан куш экен.
Баатыр туулган хан төрөм,
Башынан тагдыр ушу экен.
Өксүткөн өмүр чиркиндин,
Аягы далкы туз экен!
Ааламдан ашкан жапаам бар,
Адамдан ашкан капам бар.
Асыл туулган кан төрөм,
Алганыңа болгун жар.
Бек арылбас жапаам бар,
Пендеден ашкан капам бар.
Берен туулган хан төрөм,
Перзентиңе көзүң сал!
Балаңдын башын калкалап,
Баатырым элден кетермин.
Арбагың төрөм колдосо,
Айланып кайта келермин.
Жетилсе уулуң берeним,
Жериңе кайтып келермин.
Абыке, Көбөш эңсесин,
Аман болсом кесемин».
Каныкей менен Чыйырды,
Канкакшады зар ыйлап.
Карап турган калың журт,
Токтоо кылбай баары ыйлап.
Эки катын журтунда,
Калды минтип жан кыйнап.
Уулунун малын жоодой чаап,
Укмушту Жакып баштады.
Улутуп эки катынды,

Өз журтуна таштады.
«Эрлигимди билер — деп,
Эси оогондо келер — деп.
Кайратымды билер — деп,
Карды ачканда келер» — деп.
Такыр талап малды алган,.
«Үч берен» — деген эр ошол.
Каныкейди журтуна,

Таштап кеткен жер ошол.
Кайран катын Каныкей,
Кайрат байлап бекемдеп.
«Күмбөзүнө Манастын,
Коштошуп анан кетем» — деп.
Ичерге суу таба албай,
Киерге тон таба албай.
Жөө-жалаңдап жөнөдү,
Минерге ат ала албай.
Элден куулган эр Бакай,
Темир тоодо жатчу экен.
Алдагы болор иштерди,
Алдын болжоп тапчу экен.
Каныкей менен Чыйырды,
Кантти экен деп санады.
Кайран Бакай көзүнө,
Дүрбү салып карады.
Ээсиз калган ордонун,
Эч көрүнбөйт карааны.
Акылман Бакай санаасы,
Алда канча бөлүнөт.
Эрбеңдеген журтунда,
Эки караан көрүнөт.
Каңырыгы кан түтөп,
Кандуу жашы төгүлүп.
«Кылган экен иттер» — деп,
Курган Бакай наалыды.
Чыйырды менен Каныштты,
Эми Бакай тааныды.
«Көп кечикпей кетсин — деп,
Самаган жерге жетсин — деп.
Эри менен көңүлдөш,
Антымды актайм билсин» — деп.
Эки койду сойдуруп,
Этин анын бышыртып,
«Эки катын жесин» — деп.

Эки чанач сүт камдап,
«Суусаганда ичсин» — деп.
Эки байтал күч алып,
«Жөө кетпестен минсин» — деп.
Этти, сүттү Бакайың,
Байталдарга арттырып.
Душмандарга көрүнбөй,
Бөксө менен желиптир.
Чыйырды менен Каныштын,

Жолун тосуп келиптир.
Бакай, Каныш, Чыйырды,
Бакырып ыйлап көрүштү.
Армандарын айтышып,
Көздөн жашын төгүштү.
Чыйырды менен Канышка,
Байталдарды миндирип,
Акыл айтып токтотуп,
Чын достугун билдирип.
Айдалган элден Бакай да,
Андан башка арга жок.
Хандыгы кеткен колунан,
Каруу кылар айла жок.
Туягына байталдын,
Каздырып жолун Таластын.
Баштап барды аларды,
Күмбөзүнө Манастын.
Каныкей менен Чыйырды,
Какшап ыйлап боздоду.
Ошондоку Каныштын,
Хан Манасты кошкону:
«Башыман кетип сыймыгым,
Баатырым Манас өлгөнүң.
Эми айтам кыдыртып,
Эл чогулуп көмгөнүн.
Он күн өтбөй ордоңду,
Ойрондоп кордук көргөнүм.
Амырына теңирдин,
Айлам барбы көнгөнүм.
Карыган атаң Жакып хан,
Хан төрөм сага кас кылган.
Абыке менен Көбөштү,
Алашка калың баш кылган.
Теңирим сенин атаңдын,
Эрибес боорун таш кылган.

www.bizdin.kg

Асылым Манас өлгөнүң,
Эл чогулуп көмгөнү.
Артыңда калган мал, пулду,
Абыке, Көбөш — Жакып хан,
Камчыга ченеп бөлгөнү.
Айланды башым тел болуп,
Арка кылам кимиңди?
Карыган Бакай абаңдын,
Айласы жогу билинди.
Туулган элең көп алаш,

Туткалуу элге баш болгон,
Туу элең өзүң эр Манас.
Жердеген жериң кең Талас,
Жергеңди жоодон коргогон,
Жетигим элең эр Манас.
Аккула атың арыттың,
Ак калпак кыргыз элиңди,
Ааламга бүткүл тааныттың.
Кытайды кырып арыттың,
Кырк уруу кыргыз элиңди,
Кылымга бүткүл тааныттың.
Калмакка бардың кан үчүн,
Канча бир өлгөн жан үчүн.
Калмакка кеткен кыргыздын,
Кайтарып кегин алуу үчүн.
Кытайга бардың кан үчүн,
Кырылган канча жан үчүн.
Кытайга кеткен кыргыздын,
Кырган кекти алуу үчүн.
Адырда жылкың ала баш,
Аргымак атың аралаш.
Аргымак атың минерге,
Абыке, Көбөш, Жакыптан,
Абдандап өчтү аларга,
Артыңда калган бала жаш.
Тоодоку жылкың ала баш,
Тобурчак күлүк аралаш.
Тобурчак атың минерге,
Тоздурбай тонуң киерге,
Тобуңда калган бала жаш.
Тозогум айтам арызданып,
Күйгүзбөй мени ала жат.
Сары алтын менен сырдаган,
Сарайың калды каңгырап.

Кыргызда төрөм өзүң жок,
Кыйнооңду тартып маминтип,
Каныкей калды жалдырап.
Ак мармар менен сырдаган,
Ак ордоң калды каңгырап.
Калкыңда төрөм өзүң жок.
Кайгыңды тартып маминтип,
Карабет калды жалдырап.
Жайкалган Талас бош калды,
Атакелеп ыйларга,
Артыңда балаң жаш калды.

Көйкөлгөн Талас бош калды,
Хан аталап ыйларга,
Каралдың балаң жаш калды.
Белинен сынды терегим,
Бейпайга салдың береним.
Бежиндеги казатка,
Султан Алмаң, Чубактай,
Бектердин баарын бергениң.
Бергениңе жараша,
Береним аман келбедиң.
Карч этип сынды терегим,
Кайгыга салдың береним.
Калмакка каршы казатка,
Музбурчак, Сыргак баштаган,
Хандардын баарын бергениң.
Канчалык курман берсең да,
Кайрылып аман келбедиң.
Казатка бардың кол менен,
Адам тапкыс жол менен.
Айлана кара тоо менен
Оргуган аппак шор менен,
Казатка таштап колуңду,
Кайгырып келдиң ор менен.
Чарыктап башың кол жыйнап,
Чактабай аскер мол жыйнап.
Чабам деп барып Бээжинди,
Чарчадың бекер жан кыйнап.
Илгертен киши барбаган,
Искендер изин салбаган.
Чалкыган кытай Бээжинди,
Чакташып пенде албаган.
Балакеттүү Бээжинге,
Падышам бекер бардың сен.

www.bizdin.kg

Жапасын тартып балаңдын,
Жанымды кыйнап калдым мен.
Бээжинге бардың жол алып,
Белсенип арбын кол алып.
Кыйла баатыр кыргыздан,
Кырылды бекер шор алып.
Барбай турган Бээжинди,
Падышам кандай чендеген?
Барса келбес Бээжинди,
Баштан кытай жердеген.
Адам ата — аба эне,
Ошондон бери карата,

Элиңди эми ким баштайт?!»
Каныкейдин кошогу,
Хан Бакайды муңайтты.
Каңырыгын түтөтүп,
Кандуу жашын булатты.
Азасына Манастын,
Асман, жерди тунартты.
Салмагы тоодой залкайган,
Санаты кыйын суроо айтты.
Аттанып Манас чыкканда,
Асаба туусун карматкан.
Карайлап Манас калганда,
Как жарып түндү көз тапкан.
Шашылып Манас калганда,
Шар аккан суудай сөз тапкан.
Азып Манас калганда,
Алдынан даңгыр жол тапкан.
Жалгыздап Манас калганда,
Жанына сан миң кол тапкан.
Жеңилип Манас калганда,
Жеңиштин туусун ыргаткан.
Желигип Манас калганда,
Жетектеп тизгин жыйнаткан.
Жаалы жанып калганда,
Жалгантып эшип чыйралткан.
Кайрат берип Канышка,
Кара куручтай чыңалткан.
Акылман Бакай муну айтат,
Айлантып сөздү ыраактан:
«Кайыңда канча так жокпу,
Кыргыздар балта чаппаган?
Кызарып жаткан сай жокпу,

www.bizdin.kg

Кыргыздын каны акпаган?
Үйүлгөн дөбө таш жокпу,
Кыргыздын сөөгү жатпаган?!
Ошондо да кыргыздар,
Түгөнбөй тукум сактаган.
Энесай бою кең өзөн,
Элирип кенен жайладык.
Эрегишип эчен жоо,
Эрдиктен теги танбадык.
Эр өлсө дагы канчалык,
Ээсиз — башсыз калбадык.
Төбө бий болуп түрктүн,
Төбөсүндө чардадык.

Андан кийин Алтайдын,
Аскар тоосун жердедик.
Сансыз жоого сан ирет,
Салгылашып беттедик.
Алалыктын айынан,
Алдырып эчен кемдедик.
Кайра баштан баш кошуп,
Качырып жоону кектедик.
Кара кытай, калмакка,
Кайышып өнөк бербедик.
Айкөл Манас чыкканда,
Аттанып белди байладык.
Калктын кегин кубалап,
Каар менен азуу кайрадык.
Кара кытай, калмактын,
Канына кылыч майладык.
Хан ордо тигип Таласка,
Калайыкка жардадык.
Кыргыздын туусун көтөрүп,
Кылымга бийик кармадык.
Кайгырбагын Каныкей
Кайгыдан кайрат кетилет.
Чынары сынса Манастын,
Чырпыгы кайра жетилет.
Артында калган Семетей,
Айланып куштай кезигет.
Чыгып акыр далдалы,
Чыккынчы душман эзилет.
Аман болсо Семетей,
Атасындай алп болот.
Элебеген эч жоону,

Эрдиги артык март болот.
Дүңгүрөтүп дүйнөнү,
Дүмөгү анын даңк болот.
Азарланбай Каныкей,
Атаңа барып паанала.
Хан Манаска түбөлүк,
Кара тутуп каадала.
Каралды жалгыз balaңды,
Кас душмандан далдала.
Акыл айтып, аруу бак,
Алгыр куштай таптагын.
Ар өнөргө маш кылып,
Ак буудайдай баптагын.
Аябай жакшы бышырып

Аптапка салып кактагың.
Кайыкбас кылып кара кыш,
Какаарына чактагын.
Жетилгенче жетимиң,
Жергесин, элин угузба.
Атасы Манас экенин,
Ага, Каныш туйгузба.
Сабылбасын саргарып,
Санаасын күлүк бургузба.
Ой-акылы жетилип,
Оюнун балаң койгондо,
Опол тоодой залкайып,
Он эки жашка толгондо,
Ойрон Манас көкжалдай
Ойротту бузаар болгондо,
Баргын — деп,— балам Бакай

Жиберип бергин өзүмө.

Ата конуш Таласын,
Көрсөтөйүн көзүнө.

Кандырайын абыдан,

Акыл-насаат сөзүмө.

Уютуп айтып баарыны,

Укпаганын угузам.

Тунуктап айтып билдирип,

www.bizdin.kg

Туйбаганын туйгузам.

Алып берип Манастын,

Алтын туусун туткузам.

Арка болгон башынан,

Адал досун таанытам.

Каршы болгон азелтен,

Кас душманын айыртам.

Баш койдуруп бутуна,

Басташканын багынтам.

Эрен Манас көкжалдай,

Эрөөлүм менен эр кылам.

Өркөнүн өргө чаптырып,

Өрүшүн анын кең кылам.

Каршылашкан душманын,

Кара жер менен тең кылам».

Акылы менен насаатын,

Айтып Бакай токтолду.

Кайгынын баары жоюлуп,

Каныкей катуу кош болду.

Күмбөзү менен Манастын,

Коштошуп булар козголду.

Ал аңгыча чыркырап,
Баланын үнү угулду.
Каныштын сөөгү зыркырап,
Кайрылып артка бурулду.
Семетейди көтөрүп,
Сарытаз келип калганы.

www.bizdin.kg

Колун сунуп арбайтып,
Баланы Бакай алганы.
Көзүнөн аккан кандуу жаш,
Жакасын жууп чыктады.
«Семетей балам сенсиң — деп,
Абаң Бакай менмин» — деп,
Маңдайдан аны жыттады.
«Атаң Манас баатырды,
Ардагым эске аларсың.
Ата журтуң Таласты,
Айланып кайта табарсың.
Касташкан каркеч душманга,
Качырып найза саларсың».
Карчыгадай каркылдап,
Кайран Бакай дагы айтат,
Каныкейдин колуна,
Семетейди табыштап:
«Тирүү болсоң бараарсың,
Төркүнүң таап аларсың,
Төрөдөн калган туякты,
Өз билгиңче багарсың.
Минген атың жоорутпа,
Баатырдан калган туяктын,
Теги эле көөнүн оорутпа.
Киши көзүн салбасын,
Каныкей сөзгө кулак сал,
Киргил болуп калбасын.
Баланы жаман бакканың,
Өзүңө болот жаман ат.
Чыйырды менен Каныкей,
Силерге бала аманат».
Берметтей жашы тизилип,
Жүрөк боору эзилип.
Кайрат кылып хан Бакай,
Калбасын деп кечигип.
Семетейди колмо кол,
Ортосуна алышты.
Кезектешип баланы,
Өөп, жыттап каныкшты.

Бакай менен Сарытаз,
Баруучу жолго бет айтып,
Эки бирдей байталдын,
Басмайылын бек тартып,
Аттанышып жөнөдү.

Каныкей менен Чыйырды.
Айрылышып кете албай,
Агызып жашын кыйылды.
Ак жол тилеп кош айтып,
Абакең Бакай тыйылды.
Карап калган Сарытаз,
Хан Бакайга кеп айтат:
«Кайда барып жан сактайм,
Каралдым Бакай — деп айтат.
Мен Манастын тушунда,
Эшик ага эр элем.
Бээжинге бектер барганда,
Беренден кайсы кем элем?
Аркасында Манастын,
Ардакталган шер элем.
Карасаң азыр Манастын,
Карaанына зар болдум.
Хан ордодон айдалып,
Арамдарга кар болдум.
Таласта туруп нетейин,
Тал кармап алыс кетейин.
Көрсөтпөйт жакшы ит өлүгүн,
Итчелик жокпу эсебим?
Айкөлдүн уулу келгенде,
Алдынан тосуп жетейин».
Анда Бакай мындай дейт:
«Айтканың Сарым чындай — дейт.
Сабыр кылып чыдагын,
Толгонуп тогуз жылдай — дейт.
Алдыңа ат, төө берейин,
Кирелеп кербен тарткын — дейт.
Каныкейдин артынан,
Сен да ээрчип баргын — дейт.
Каракандын шаарында,
Соодагер болуп алгын — дейт.
Унутуп сөзүм калбагын,
Көптү көргөн карысың.
Каныкейдин абалын,
Кабарлап катка жазгының.
Семетейдин сыртынан,

Серп салып жакшы баккының.
Он эки жашка толгондо,
Ойротту бузар болгондо.
Атасы Манас экенин,

Жери Талас экенин,
Эли алаш экенин,
Эбин таап тааныткын.
Эмгеги тиер эр болсо,
Эгин салып жер айдайт,
Куур жолу шар болсо,
Куш жайылтып куу кармайт.
Куруган жаман ал болсо,
Айылдан чыгып баса албайт.
Зилинде дээри бар болсо,
Үйүндө уктап жата албайт.
Айткан сөздүн баарысын,
Акылыңа илерсиң.
Семетей келип хан болсо,
Сыр коргонго кирерсиң.
Алтын жака сары тон,
Ардакталып киерсиң».
Сары таз анда кеп айтат:
«Болот Бакай» — деп айтат.
Каныкейдин артынан,
Каракандын шаарына,
Кербенчи болуп жол тартат.
Каныкей менен Чыйырды,
Алыс сапар жол жүрүп.
Караканга жетүүгө,
Ат аябай мол жүрүп.
Уюлгутуп чаңдарды,
Узакты сары күн жүрүп.
Аялдабай эч жерге,
Ай караңгы түн жүрүп.
Капа кылбай энесин,
Кара күчкө каткырып.
Чыйырды менен баланы,
Ыктуу жерге жаткызып.
Суулугунан бек кармап,
Байталдарды чалдырып.
Өлмөй болду байталы,
Ташыркап бутун талдырып.
Тирүү киши билбеген,
Түн түшүнө кирбеген.
Адам менен куу түлкү,

Чыйырдап изи чийбеген.

Өңүткө келип конгону
Жолго түшкөн эсеби,
Бир жарым ай болгону.
Узакты жол чаң басып,
Элечек, жоолук кирдеди.
Эрме чөл басып арыган,
Эки байтал жүрбөдү.
Амалы кетип Каныкей,
Ара жолго таштады.
Семетейди көтөрүп,
Жөө-жалаң баса баштады.
Карылыгы курусун,
Чыйырды жүрбөй чарчады.
Асыл тууган Каныштын,
Арка сөөгү кайышып.
Келе жатат тиштенип,
Сыр билгизбей тайышып.
Буулум тону кырчылып,
Бутунда кепич жыртылып.
Кезерип эрин кесилип,
Кендири катып кыркылып.
Согончогу жооруду,
Томуктары ооруду.
Аркасында Чыйырды,
Арык койдой соолуду.
Кепичи жок маасычан,
Кейиди жаман курган жан,
Маасысы жок байпакчан,
Магдыры кетти* курган жан.
Арып, чарчап, чаалыгып,
Азып өңү кер болуп.
Жоболоң тартты Каныкей,
Темгил ала тер болуп.
Эңкейип бели ийилип,
Эмгекти тарткан кезинде.
Керимсел калкып агылган,
Кечки салкын бешимде.
Өзөк жалгар неме жок,
Эси кетип нес болуп.
Төл болуп башы тургандa,
Бир киши келди кез болуп.
Жолуккан киши кеп айтат:

«Бастыңар кайда —деп айтат.
Көтөрүп эне, балаңды,

Качтыңар кайда — деп айтат.
Жүрөр жолуң кайсы? — дейт,
Жетер жериң кайсы? — дейт.
Айткылачы энелер,
Барар элиң кайсы?» — дейт.
Жолуккан киши баягы,
Атынын башын бурганы.
Кепке салып Канышты,
Аңгеме дүкөн курганы.
Каныкей анда кеп айтат:
«Уккунуң бала — деп айтат.
Жерибизди сурасаң,
Атагы чыккан кең Талас.
Элибизди сурасаң,
Ак калпактуу көп алаш.
Упурап качып келемин,
Уусун жутуп кайгынын.
Ааламга кеткен атагы,
Арстан Манас зайбымын.
Кастарлаган калың эл,
Камка тондун тышымын.
Кадырланган ханыша,
Каракандын кызымын,
Эмгегин тартып баланын,
Эрме чөл тузун таттым мен.
Жедигердин Багышка,
Баш мааналап качтым мен.
Арылбас эки дүйнөдө,
Арманым айтсам муң болот.
Айланып башта тегирмен,
Эзилип сөөгүм ун болот.
Жол сураган жаш бала,
Жериңди айтып бер мага!
Эл башкарган ханзаада
Эриңди айтып бер мага!»
Анда бала кеп айтат,
Агартып тишин кылайтат:
«Камыш эмес жекенсиз,
Каракан кызы болсоңуз,
Эжекебиз экенсиз.
Темиркандын элибиз,
Ошондой болот дайныбыз,
Каракаң болот айлыбыз.

Жүрү эжеке кетели,
Жолдо туруп нетели.
Атка минип алалы,
Айлыбызга баралы.
Темиркан кызы эжеке,
Тентип жолдон азыпсың.
Бутуң жооруп жөө басып,
Чаалыгып, чарчап, арыпсың».
Жылуу-жумшак кеп айтып,
«Жүрү эжеке» — деп айтып,
Атын тартып алдына,
Элпелектеп эп айтып:
«Өз элиңди жаман деп,
Жакшы элди кайдан табасың?
Өз жериңди жаман деп,
Жат жерге кайдан барасың?
Өз атаңдан таарынып,
Өзгө элге кайдан батасың?»
Деп бала жолун торгоду,
Эр Багышка кетем деп,
Каныкей бирок болбоду.
«Төрөм Манас өлгөнү,
Түк көөнүм менин тынган жок.
Төркүндүгү ушубу,
Төрөмө бата кылган жок.
Баатырдын көзү өткөнү,
Байкуш жаным тынган жок.
Аталыгы ушубу,
Арстанга бата кылган жок.
Тирүү болсом жетермин,
Жедигердин эр Багыш,
Ошого кирип кетермин.
Төө тартса дагы барбаймын,
Төркүнгө башым салбаймын».
Кейибестен кеп айтат:
«Кете бер бала!» — деп — айтат.
Ушул кепти уккан соң,
Атынын башын бурбастан,
Аяр кылып турбастан.
Эки этеги далбактап,
Эки буту салбактап,
Атка камчы басты эми.
Каракандын ордого,
Калк жыйылган коргонго,
Чаап кирип барды эми.

www.bizdin.kg

Шашкан бала калдастап,
Салам айтып калды эми.
Чогулган элдер кеп айтты:
«Чогоол өскөн айбанды,
Сабагыла» — деп айтты.
«Ордого түшүп кирбейсиң,
Урмат-сыйды илбейсиң.
Балаага туулган жансыңбы?
Эмгекти өзүң тилейсиң».
Чогулушкан чоңдордун,
Шайтаны ичке толду эле.
Сакчыларга карматып,
Сабата турган болду эле.
Бала туруп кеп айтат:
«Баарың уккун — деп айтат.
Кечээ күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде.
Бээжинге барчу бөксө жол,
Ошондо кетип баратсам.
Эки аял жолукту,
Арып, чарчап жөө баскан.
Эси оогандай эндирейт,
Жоо чапкандай сендирейт.
Элечеги чаң болгон,
Чубалып желге желбирейт.
Чаалыгып, чарчап болуптур,
Кубарып өңү оңуптур.
Чүңүрөйүп көздөрү,
Чөйчөгүндө соолуптур.
Ачкалыктын айынан,
Араң келет өчөйүп,
Каруусу жок эндиреп,
Кемпир келет жөтөлүп.
Кемпир менен баланы,
Бир келбеттүү зайып көтөрүп.
Кейпи кеткен кезерип,
Бели ийилген мекчейип,
Көзү кеткен чекчейип.
Айтып сөздү курадым,
Анын дайнын сурадым.
Келбеттүү аял кеп айтты:
«Кете бер бала —деп айтты.
Жерим Талас — деп айтты,
Эрим Манас — деп айтты.
Арстаным Манас өлгөн — дейт,

Акырет жүзүн көргөн — дейт,
Жазылбады капам — дейт
Каракан менин атам — дейт,
Көңүлдөн кетпейт капам — дейт.
Көтөргөн жетим балам — дейт,
Жедигердин эр Багыш,
Ошого бара жатам — дейт.
Жедигерге жетпесем,
Теги эле көөнүм тынбайт — дейт.
Төркүндүн жоктур пайдасы,
Төрөмө бата кылбайт — дейт,
Төө тартса да барбайм — дейт,
Төркүнгө башым салбайм — дейт.
Какшык кылып кеп айтты,
Каныкей атым» — деп айтты.
Таап келген кебим бул,
Шашып келген жерим бул.
Калп эле ачуу кыласың,
Кабар уктум аяктан.
Калк бийлеген Каракан,
Кутулдумбу таяктан?»
Кайран бала ошентип,
Кайтарды шайтан кыжырды.
Баш ийдирип өзүнө,
Баарысын кепке сындырды.
Баладан кепти угушуп.
Баш чайкашып турушуп,
Каракан баштап баарысы,
Кандуу жашын куюшуп.
Эси кетип далдайып,
Эки колу шалдайып,
Каракан ыйлап мындай дейт,
Калкына карап калдайып:
«Ай караңгы түнү бул,
Атанын арман күнү бул.
Кайран күйөөм өлгөнбү?
Караңгы жайды көргөнбү?
Аркасында тууганы,
Малын талап бөлгөнбү?
Кыраандан перзент тапканбы?
Жесирдик дартын тартканбы?
Баш калкалап багышка,
Баласын алып качканбы?
Жол азабын тартканбы?
Жөө жалаңдап басканбы?

Төрөмө бата кылбайт деп,
Таарынып менден азганбы?!
Карап турбай баарыңар,
Алдына анын барыңар!
Тартуу тартып тогуздап,
Алып келе калыңар!
Хан Манастын өлгөнүн,
Укпай калган иш эле.
Кудагыйым Чыйырды,
Нарк, нускалуу киши эле.
Алдына анын барыңар,
Үстүнө кымкап жабыңар.
Алдына ат тартыңар,
«Аза деген карыбайт»,
Ал сөздү дагы айтыңар,
Каныштты алып кайтыңар.
«Түбү бирге кошулат,
Учу бирге жазылат».
Чыйырды айтса Каныштын,
Таарынчысы арылат.
Каныкейге айтыңар,
Эр Багышка барбасын.
Каракандын атына,
Айтылып наалат калбасын.
Токтобостон чабыңар,
Тосуп аны алыңар.
Эр Манастын өлгөнүн,
Эми уктук — деп — айтыңар.
Чыйырды өзү сындасын,
Каныкей намыс кылбасын.
Кадыр-баркым кетирбей,
Калк алдында сыйласын.
Жүрүшү жумшак аттарга,
Ээр-токумду салгыла.
Чыйырды менен Каныштты,
Алып келе калгыла!»
Каракан кебин бурчу эмес,
Карап мында турчу эмес.
Аттанышты чуу коюп,
Аялдабай дуу коюп.
Торгун, кымкап, торкодон
Тогуздап кымкап камдашып,
Чыйырды менен Канышка,
Жетип барды жардашып:
Тим кишиге ыктаган,

Тили оозуна жукпаган,
Кай жумушка бет алса,
Кадоосун таап мыктаган
Керимкул деген бар экен,
Кеп айтканы шар экен.
Келе калып кеп айтат,
«Эжекебай — деп айтат:
«Жериңен тосуп чыкпадык,
Жездемден кабар укпадык.
Баладан угуп кабарың,
Баарыбыз ыйлап сыздадык.
Сиз айтыпсыз, эжеке,
Көтөргөн жетим балам — деп,
Жедигердин эр Багыш
Ошого кетип барам — деп.
Ошол кепти укканда,
Атаңыз жаман шаштырды.
Алдыңызга тартуулап,
Ат-тону менен чаптырды.
Күйүтү болот жесирдин,
Күнөөбүз болсо кечиргин.
Көпчүлүк келдик алдыңа,
Көөнүңдөн кириң кетиргин.
Үстүңө тон жабабыз.
Алдыңа ат тартабыз.
Таарынчыңды бер бизге,
Элиңе алып кайтабыз.
Каз моюн чалыш аргымак,
Минүүгө мына жоргоңуз.
Айтууга мындан көбүрөөк,
Айбатыңан коркобуз.
Тонубузду кийиңиз,
Аргымакка миниңиз,
Келсең дагы — кетсең да,
Калганын өзүң билиңиз».
Кашка тишин кылайтып,
Каныкей турду муну айтып:
«Ээрчиткен энем тил алса,
Төркүнгө издеп барбаймын.
Аман кыл — деп — жетимди,
Арстаным Манастын
Арбагына зарлаймын».
Чыйырды буга болбоду,
Чындап жолун торгоду:
«Каныкей сөзгө кулак сал,

Кадимки сөөктөн чанбайлы.
Элден безип тентиреп,
Эр Багышка барбайлы.
Өлгөн уулум шок эле,
Атканы анын ок эле.
Көздөгөн жоосу көп эле,
Аткан огу төп эле.
Өчөшкөн жери көп эле.
Өзү баатыр көк эле.
Элебеген душманын,
Сыңар өркөч лөк эле.
Душман бизге күйөбү?
Жат элге барсак сүйөбү?
Жалгыз жетим Семетей,
Жалдырап элге жүрөбү?
Атасы башка душманда,
Арзыңды бирөө тергейби?
Алдыңдагы жетимге,
Мышыктын боорун бербейби?
Күйүттүү тууган экөөбүз,
Күндү кайдан көрөбүз?
Атасы башка жат элде,
Күйүп жүрүп өлөбүз».
Чыйырды мындай кеп айтты,
Келгендин баары чуркурап,
«Чын айтасыз» — деп айтты.
Канетсе да Каныкей,
Кайнене жүзүн кайтарбай,
Баштаган соң Чыйырды,
«Барбаймын» — деп айта албай.
Алтын жака кымкап тон,
Айкара жаап кийишти.
Каныкей менен Чыйырды,
Жорголорго миништи.
Каракандын шаарына,
Калдайып жетип келишти.
Каз канаттап калың эл,
Каршы алып салам беришти.
Каракан ыйлап буркурайт,
Калың эл бирге чуркурайт:
«Хан Манастан айрылып,
Кайдан келе жатасың?
Төркүнүң турса келбестен,
Төтөлөп кайда качасың?
Кагылайын Канышым,

Кайда барып батасың?!
Атаң көргөн жол эмес,
Энең бычкан тон эмес.
Эр Багышка барганың,
Эгеримде оң эмес».
Калкы менен Каракан,
Кадырлап сыйлап кондуруп.
Урматына Манастын,
Бээ семизин сойдуруп.
Ат чаптырып аш берди,
Карыларга баш берди.
Көлдөй сорпо, тоодой эт
Калайыкка аз келди.
Каныкей менен Чыйырды,
Айлын бөлөк кондурду.
Семетейге сырдатып,
Талдан бешик жондурду.
Көкүрөктөн зил кетип,
Көңүлдөн кайгы, кир кетип.
Жай алышып жамбаштап,
Күн жаркырап, түн кетип.
Караканды аркалап,
Семетейди калкалап,
Каныкей менен Чыйырды,
Жатып калды чалкалап.
Муну коё туралы,
Семетейдин балалык,
Жомогунан угалы.

Семетейдин балалык чагы

Каныкей менен Чыйырды

Бакайдын сөзүн ойлонот

«Баланы жакшы баксак» —деп,
Күнү-түнү толгонот.
Курч жүрөктүү болсун деп,
Куйрук, казы, жал берип.
Кайратына толсун деп,
Көнөккө салган бал берип.
Кардын анын ачырбай,
Каймакка бышкан нан берип,
Эрте-кечте жээрине,
Куурдак менен май берип.

Каркытына ичсин деп,
Кандыра кымыз, чай берип.
Тумшуктууга чокутпай,
Тырмактууну тийгизбей,
Таманын жерге бастырбай,
Эски кийим кийгизбей.
Эли башка экенин,
Эстетип ага билгизбей
Багып жүрдү алпештеп,
Чыйырды менен Каныкей.
Аягы чыгып, телчип ал
Атка минип желгенче,
Айкөлдүн уулу Семетей,
Алты жашка келгенче.

Айландырып дүйнөнү,
Акылдан санаа бөлө элек.
Таятасы Каракан,
Баланын жүзүн көрө элек.
«Кас душманын кан кылган,
Кабылан Манас төрөм — деп.
Баатырдан калган туяктын,
Дидарын барып көрөм» — деп.
Бótодой боздоп буркурап,
Бүткөн бою зыркырап.
«Семетейди көрсөм» — деп,
Сүйүнгөндөн көзүнөн,
Куюлат жашы дыбырап.
Арбагын сыйлап Манастын,
Элине Каныш жагыптыр.
Семетейди Каныкей,
Алты жашка келгинче,
Көрсөтпөй жанга багыптыр.
Жээндигин билгизбей,
Жерине Каныш жагыптыр.
Жети жашка келгинче,
Жел тийгизбей багыптыр.
Көрөмүн деп баланы.
Таятасы барыптыр.
«Сүйүнгөнүм өтөр — деп,
Көзүм тийип кетер» — деп,
Көзүнө айнек салыптыр.
Жети кабат таш айнек,
Көз уусун тосуп калыптыр.
«Көрөйүн муну жакшы» — деп,

Көзүнө айнек кынаптыр.
«Кандай бала болор?» —деп,
Каракан мындай сынаптыр:
«Арстандан калган чунагың,
Алты жашка толуптур,
Ат минер чагы болуптур.
Жетим калган чунагың,
Жети жашка толуптур,
Куш салар чагы болуптур.
Жетилсе жээним Семетей,
Жеткилең баатыр болот — деп,
Касташканын кан кылып,
Кара көзүн оет — деп,
Жалдуу жалкы жолборстой,
Жалганды кезип жойлойт — деп.

Пендеден артык шер болуп,
Беттешкен жоосун койбойт — деп,
Атасы айкөл Манастай,
Ааламды кезип жойлойт — деп.
Айыгышкан душманы,
Арты артынан сойлойт» — деп.
Көңүлү толуп Каракан,
Көздөн жашын булатат.
Карчыгадай шаңкылдап,
Каныкейге муну айтат:
«Каныкей балам бектигиң,
Кабарын мага билгизбей,
Алты жашка келгинче
Ак жорго атка мингизбей.
Жети жашка келгинче
Желпинтип кийим кийгизбей,
Кумарын мунун кандырып,
Колуна кушту илгизбей.
Атка минип, куш салса
Адам болуп калбайбы.
Эл аралап, жер көрсө
Эргип канат жайбайбы».
Семетейди Каракан,
Айландырып сынады.
Баласы сынга толбосо,
Көңүлү хандын тынабы?!
Семетейге Каракан,
Карап көзүн талдырды.
Ичи элжиреп балага,

Купулун, курчун кандырды.
«Абыдан сынга толуптур,
Ат минер чагы болуптур.
Куп сынына толуптур,
Куш салар чагы болуптур.
Көзүнө анын караса,
Көгөрүп жалын от күйөт.
Ажарынан ай балкып,
Күлкүсүнөн күн күлөт.
Түркүгүндөй дүйнөнүн,
Тиреп көктү дүңкүёт.
Чоңдугу тоонун сеңирдей,
Каары кара темирдей.
Касташып калган душманын,
Хан Манастай жегидей».
Жетисинде Семетей,

Жетик окуп кат таанып.
Сегизинде Семетей,
Ар өнөрдү жатка алып.
Тогузунда Семетей,
Тобурчак аттай тапталып.
Он жашында Семетей,
Алоолонуп от болду.
Он биринде Семетей,
Ок жыландай октолду.
Он экиге келгенде,
Ойротто мындай жок болду.
Алтындан кемер курчанып,
Айдай бети нур чалып.
Алыстан көргөн кыз-келин,
Ашык болуп муңканып.
Күмүштөн кемер курчанып,
Күндөй бети нур чалып.
Көрүп калган кыз-келин,
Күйүп ичтен муңканып.
Жоргону жолго салдырып,
Шуңкарга өрдөк алдырып.
Жанына котчу алыптыр,
Жагалданып калыптыр.
Ойноп жүрүп бир күнү,
Токойго Семең барыптыр.
Кызыл-тазыл кыргоолго,
Агытып шуңкар салыптыр.
Шуңкар катуу тийиптир,

www.bizdin.kg

Кыргоол жерге кириптир.
Канчалаган кыргоолду,
Кан кылып шуңкар илиптир.
Эркинче көзүн оюптур,
Жемге шуңкар тоюптур.
Ошентип ойноп жүргөндө,
Кызыкка батып күлгөндө.
Акырында жаш Семең,
Бадалдуу терең токойго,
Шумкарды шилтеп ийгенде.
Кыргоолду мыкчып шуңкары,
Чытырманга киргенде.
Атынан түшпөй эринип,
Аркасынан бара албай,
Арсайган калың тикенден,
Семетей кушун ала албай.
Илгир болгон шуңкары.

Эрлигине жараша,
Эр Семетей чунагың,
Эки жагын караса,
Көп токойду көчүрүп,
Көк түтүндү булатып,
Көмүр кылып өчүрүп,
Бул токойго баш экен,
Көмүр кылчу таз экен.
Семең көргөн ушул таз,
Соопко көңүл бuручу,
Атайлап Бакай жиберген,
Соодагер Сарытаз болучу,
Соодасын сатып дүкөндө,
Далай жыл күттү баланы.
Таанытууга ал өзүн,
Таба албай жүргөн арганы.
Семетейдин куш салып,
Жүргөнүн билип алыптыр.
Дүкөнүн жыйып Сарытаз,
Чоң токойго барыптыр.
«Алтын, күмүш баары таш,
Жыйнап муну нетем? —деп,
Ойноп жүргөн Семеңди,
Элиме алып кетем — деп.
Аралап жүрсөм токойду,
Эби келер бекен?» — деп.
Эртеден кечке токойдо,

Өчүрүп көмүр сепеңдеп.
Семетей тиктеп ыраактан,
Тазды көрө салды эми.
Тайманбаган чунагың,
Жанына жетип барды эми.
Сарытазды урматтап,
Салам айтып калды эми.
Кайран тазым кеп айтты,
«Алеки салам» — деп айтты.
Сарытаз жүзүн муңайтты,
Семетей тазга муну айтты:
«Көзү-башы көө болгон,
Көмүргө жеке ээ болгон.
Тикенек бассаң кирбеген
Бутуңдагы чокойго,
Кыргоол алып шуңкарым
Кирди мобу токойго.
Кушума бачым барасың,

Кыргоолду айрып аласың.
Эч болбосо сен тазым,
Шиш кебеп кылып канасың».
Куш короозду жеди эле,
«Курган таз жүгүр» — деди эле.
Таз балага кеп айтат,
Ачуусу келип бек айтат:
«Кушуңду алып берүүчү,
Кулуң барбы» — деп айтат.
Кыргыздан кыраан эр Семең,
Кыйкыра түшүп кеп айтат:
«Тула боюң көө болгон,
Кул эмей тазым бай белең?
Көөнүң куунак жай белең?
Кушумду алып бересиң,
Бербесең бирди көрөсүң».
Сарытаз анда кеп айтат:
«Куштан мурда сөзүмө,
Кулак салгын» — деп айтат.
«Элиң сенин кайда? — дейт,
Жериң сенин кайда?» — дейт.
Аны угуп Семетей,
Аң-таң калып ойлонуп,
Эли-жерин айта албай,
Тура түшүп толгонуп:
«Элимди эмне сурайсың?

Элирген чал сен кимсиң?
Жеримди эмне сурайсың?
Желиккен чал сен кимсиң?»
Сарытаз анда кеп баштайт:
«Санатым уккун — деп баштайт.
Укбасаң балам угуп ал,
Кулагыңа илип ал.
Билдирейин эл-жериң,
Ата-энең, түп тегиң,
Билбесең жакшы билип ал,
Элиң алаш болучу,
Жериң Талас болучу.
Атаң эмес Каракан,
Атаң Манас болучу.
Атаң Манас өлгөндө,
Ак калпак кыргыз көмгөндө,
Абыке, Көбөш, Жакып хан,
Хан ордосун Манастын,
Камчыга ченеп бөлгөндө.

Каныкей менен Чыйырды,
Качып келген болучу.
Калкалап сенин башыңды,
Катып келген болучу.
Атасына пааналап,
Азып келген болучу.
Уйку көрбөй түн катып,
Басып келген болучу.
Аркар бел ашуу кумдарды,
Ашып келген болучу.
Далай азап-кордукту,
Тартып келген болучу.
Оң эки жашка толупсуң,
Ойротту бузар болупсуң.
Жолуңду тосуп жүрчү элем,
Семетей жакшы жолуктуң.
Элкимде кенен жайлаган,
Элиңди таппай жатпа эми.
Жердеген атаң эр Манас,
Жериңди таппай жатпа эми.
Манастын болсоң тукуму,
Кегиңди куубай жатпа эми.
Калмак менен Кытайда,
Хан Манастын кеги бар.
Көкөйүндө кыргыздын,

Көгөргөн таштай чери бар.
Көз жашында элиңдин,
Көп кайгынын сели бар.
Атанын болсоң баласы,
Акылында зээри бар.
Элиңдин тыйып көз жашын,
Залимдин койбой кес башын.
Ата конуш Таласка,
Аттанып турбай жет бачым.
Мен Манастын чоросу,
Ээрчиткен жаштан жоросу.
Аттанып чыксаң Семетей,
Боломун жолуң баштоочу».
«Жериң Талас» — деп угуп,
«Атаң Манас» — деп угуп,
Ач жолборстой Семетей
Ачуусуна буулугуп.
Каңырыгы кан түтөп,
Калк кегинен куюгуп.
Аттан түшө калыптыр,

Кушун колго алыптыр.
Кужурлуу тууган чунагың,
Куюндап үйгө барыптыр.
Астындагы жоргонун,
Токумун алып ыргытып.
Колундагы шуңкардын,
Боосун алып ыргытып.
Кабагы карыш түйүлүп,
Кайгы ичине үйүлүп.
Өзөгүнөн өрт чыгып,
Өпкөсү көөп күйүгүп.
Санаасы арбып көп болуп,
Саргарып өңү чөп болуп.
«Абыке, Көбөш сени» — деп,
Эки көзү өрт болуп.
Кайнап каны жүрөктө
Жатып алды көк болуп.
Ар канча акыл айтса да,
Адамдын сөзүн укпады.
Күндүз-түнү тынч албай,
Кылайып көзгө уйку албай,
Үшкүрүп оор сыздады.
Оозуна наар албады.
Кыюулап кундуз кармаган,

www.bizdin.kg

Кынама бешмант кийгени.
Кыраакы туулган Каныкей,
Жетимдин сырын билгени.
Каракандын үйүнө,
Каныкей басып киргени.
Олтурган экен Каракан,
Олчоюп өз төрүндө.
Айтты ага Каныкей,
Ойлонгон кебин көөнүндө:
«Айланайын атаке,
Жетимди кудай уруптур.
Бирөөдөн кеп укканбы,
Бетин катуу буруптур.
Үч күн болду атынан,
Үйгө келип түшкөнү.
Күнү-түнү алты күн,
Тамак берсем ичпеди.
Баш көтөрбөй муңайып,
Бармагын кесе тиштеди.
Күндүзүндө тынчы жок,
Түн ичинде уйку жок.

Үшкүрүгү таш жарып,
Эчтекеге кунту жок.
Сөзгө кулак салбады,
Оозуна наар албады.
Калганбы деп ойлоном,
Кара калба салганы».
Каракан анда муну айтат,
Кашка тишин кылайтат.
«Кайгырбастан бекерге,
Канышым уккун» — деп айтат:
«Кысыр эмди тай союп,
Кыз-келинди жыйдыргын.
Күптүкөй болгон баланын,
Көңүлүн ачып тындыргын.
Каалап калса колукту,
Мага кабар кылдыргын».
Каракандан кеп угуп,
«Жакшы акыл» — деп угуп.
Кайран катын Каныкей,
Кысыр эмди сойдуруп.
Кыз-келинди жыйдырды,
Таң-тамаша кылдырды.
Көөкөргө арак куйдурду,

www.bizdin.kg

Семетейге сундурду.
Таасын менен ырдашып,
Тамашаны баштады.
Кararгандан, түнөрүп,
Кабагын Семең ачбады.
Кыналып ырдап кыз-келин,
Арак сунса албады.
Кылактаган сулууга,
Кылчайып көз салбады.
Оюнду оттой өчүрүп,
Оолактап баарын айдады.
Калганда жалгыз Семетей,
Каныкейге мындай дейт:
«Майлап буудай кууруп бер,
Курсагым ачты жеймин» — дейт.
Жетине албай Каныкей,
Жетимдин көөнүн ачарга.
Майлап буудай кууруду,
Карбаластап казанга.
«Буудайдан уучтап алып бер» —
Деп Семетей калганы.
Шашкалактап Каныкей,

Кочууштап буудай алганы.
«Алгының чунак ылдам» — деп,
Семетейге барганы.
Каныкейдин, тентегиң,—
Капшыра колун кармады.
Чыдай албай күйгөнгө,
Чыңырып Каныш жалбарды.
Баатырдын уулу Семетей:
«Чыңырба эне, жашыба,
Элим кайда айтып бер?
Жерим кайда айтып бер?
Карабайм — дейт — жашыңа».
Чыдай албай Каныкей,
Чымырканып кеп айтат:
«Кое бер чунак колумду,
Айтайын баарын» — деп айтат.
«Атагы кеткен ааламга,
Атаң сенин эр Манас.
Хан ордо тиккен атакең,
Жериң сенин кең Талас.
Ак калпак кийип жардаган,
Элиң сенин көп алаш.

Ак сакалын жайкаган,
Адамдын сырын байкаган.
Акылы артык даанышман,
Бакай деген абаң бар.
Арам нээт куу сакал
Айлымды чаап тентиткен,
Атаң Манас атасы
Хан Жакып чоң атаң бар.
Чоң дөөлөткө семирип,
Чокчоңдогон элирип,
Кандуу камчы, кара кол,
Абыке, Көбөш агаң бар.
Чоң атаң Жакып жоо болуп,
Хан ордом чапты талкалап.
Абыке менен Көбөштөн,
Семетей сени калкалап,
Качып келдим төркүнгө
Хан атамды аркалап.
Арка-мойнуң каткыча,
Ата-тегиң айтпадым.
Канаттууга кактырбай,
Карегимдей сактадым.
Опол тоодой жетилдиң

Орундалды максатым.
Атаң Манас күмбөзү,
Кең Кол ата оюнда.
Алмалуу булак, шуңкар таш
Ашып түшчү жолунда.
Токсон миң эркеч майына,
Кыш бышыртып бек салдым.
Канча кылым өтсө да,
Козголбосун деп салдым.
Хан атаңдын ак мөөрүн,
Калдайтып ага бастырдым.
Атаңдын айтып баянын,
Алтын менен жаздырдым.
Атаңдан калган ак ордо,
Алты жүз киши киргенде,
Тар келбеген чак ордо.
Үй маанисин менден ук,
Менден уксаң бейлеп ук.
Төтөгөсүн карасаң,
Төрт эли кундуз жээктүү.
Босогонун башаты,

Сомдогон алтын тээктүү.
Токсон төөнүн таруусу,
Тогуз күнгө жетчү эмес.
Сексен төөнүн күрүчү,
Сегиз күнгө жетчү эмес.
Эшигинин алдынан,
Эл жыйылып кетчү эмес.
Бечел адам кыйкырса,
Төр жактагы эштчү эмес.
Төрөсү менен Каныкей,
Төр жагынан кетчү эмес.
Ырасын айтсам учурбай,
Үй чоңдугу ушундай.
Ортосунда көп ногой,
Ордо салып атуучу.
Эр жагында кырк чоро,
Алчыланып жатуучу.
Эпчи жакта Тазбаймат,
Казан асып жатуучу.
Төр жагында төрө, бий,
Кеңеш кебин айтуучу.
Үй тигилүү туруучу,
Кең Таластын жолунда.
Атакталуу ал үйүң,

Абыкенин колунда.
Ар ким бизге чоң болгон,
Арстан атаң жогунда.
Айта берсем ордоңдун,
Санжыргасы бир далай.
Чарыктап көктү тиреген,
Чамгарагы чылк калай.
Чеберге ченсиз кылдырган,
Желбоосу жез чынжырдан.
Бастыргысы дейилда,
Башкы боосу манаттан.
Айта берсем кеми жок,
Сарамжалы санаттан.
Тышын аппак бордогон,
Ичин кызыл сырдаган.
Салтанатын даңк кылып,
Жамакчылар ырдаган.
Чырашын сонун келтирип,
Чийине жибек — чырмаган.
Кастарлуу ошол ордоңду,

Каныкей энең кармаган.
Конок болгон даам ичип,
Кош колдоп бата арнаган.
Керегесин көктөбөй,
Сары жез менен тээктеп,
Ак этегин үйүңдүн
Кундуз менен жээктеп.
Көздү тартып ак ордоң,
Көктү тиреп туруучу.
Өрүшүнөн май агып,
Ырыска эл тунуучу.
Эшигинде балтачан,
Эрендер күзөт кылуучу.
Ачын арткан душмандын,
Алмадай башын кыюучу.
Хан атаңдын көп дүйнө,
Кайсы бирин айтайын.
Эсебин адам албаган,
Элкинде жаткан чарбанын.
Жылкысы жылга берчү эмес,
Коюна колот жетчү эмес.
Түтөгөн төөсү түмөн миң,
Топосу тоодон келчү эмес.
Атадан калып балага,
Айтылып келген нускасы.

Колунан каухар төгүлгөн,
Усталардын устасы,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Чеберлик менен жасаган.
Атса, чапса душманды,
Ашагандан-машаган.
Атакеңдин Сырнайза,
Абыкенин колунда.
Көзгө атар Аккелте,
Көр Көбөштүн жонунда.
Аколпок менен башканы,
Анык издеп таап кел!
Каршылашкан иттерге,
Кандуу кыргын салып кел!»
Асыл туулган Каныкей,
Ак таңдайын кылайтып,
Убайын айтып козгоду,
Уккандарды муңайтып.
Эске түшүп эскиси,

Эзилди Каныш жашооруп.
Каныкейдин кордугун,
Укканда Семең баш ооруп.
Каныкей менен Чыйырды,
Кантип көнгөн кордукка,
Кара жаны кашайды.
Карандай салган зордукка:
«Андай болсо эки эне,
Калкка кабар салайын.
Атама арнап тай союп,
Ак батасын алайын.
Берер бекен таятам
Кара олпогун сурайын.
Кайгыңды угуп кор болгон,
Канткенде чыдап турайын.
Абыке менен Көбөштөн
Өчүңдү алып берейин.
Кеткен кегиң куубасам,
Туулбай туна чөгөйүн.
Эси жок эки арамдын,
Эрдигин барып көрөйүн.
Абыке менен Көбөштүн
Агызып көзүн тешпесем.
Көк ала сакал Жакыптын
Көрүнө башын кеспесем.
Асты арманым арылбайт,

Элимди алып тынбасам.
Сөөгүмдү какшатты
Кебиңди байкап сындасам.
Эки арам күчүн көрбөсөм,
Тирүүлөй көргө көмбөсөм.
Каракандан Семетей,
Айбыга турган эр эмес.
Салам айтып салмактуу,
«Тай атаке» — деп айтат.
Бала туруп Семетей,
Падышадай кеп айтат:
«Айланайын тай ата,
Түбү бирге кошулат.
Учу бирге жазылат.
Атам Манас — деп уктум,
Жерим Талас — деп уктум.
Ак калпактуу төө чепкен,
Элим алаш — деп уктум.

Желке тери тон болбойт,
Жээн деген эл болбойт,
Деп тай ата кейибе.
Уруксат бер барайын,
Убайлуу кыргыз элиме.
Эмгекке туулган эки энем,
Тарткан экен кордукту.
Абыке, Көбөш, Жакыптан
Көргөн экен зордукту.
Сойбосом какбаш Жакыпты,
Канын ичип тойбосом.
Жиниккен жинин какпасам,
Жиликтерин чакпасам.
Кылдай мойнун кыйбасам,
Жымытып жылас кылбасам.
Атамдын алып бар мүлкүн
Анан кийин тынбасам.
Эки энем үчүн албасам,
Эгешкен жоого барбасам.
Кас душманга кара нээт,
Кандуу кыргын салбасам».
Он экиде Семеңдин,
Оттой көзү чачырап.
Абыке менен Көбөшкө,
Азуулары качырап.
Эки энесин ээрчитип,
Семетей басып калганы.

Каракандын ордого
Кайкалап кирип барганы.
Сөлөкөтү, сөөлөтү,
Падышадан кем эмес.
«Азабын угуп олтуруп,
Абыдан жаным ачынат.
Албасам кегин алардын,
Арманым кайдан басылат.
Жетим өскөн баламын
Жериме мен барамын.
Кас душманды талкандап,
Калкымды колго аламын.
Кан тай ата өзүңө,
Кадыр салып турамын.
Жоого кирсе ок өтпөс,
Отко кирсе чок өтпөс,
Кара олпогуң сурадым?!»

www.bizdin.kg

Каракан угуп бул кепти,
«Каралдым кулак сал — деди.
Аттанаар болсоң казатка,
Алты ай минсе арыбас,
Боз тулпар минип бар» — деди.
Кара олпок кийип калкайып,
Боз тулпар минип алпайып.
Жөнөмөк болду элине,
Ата конуш жерине,
Сары тазды кошчу алып.
Муну мындай таштайлы,
Каныкейдин Семеңе,
Насаатынан баштайлы.

Каныкейдин Семетейге айткан насааты

Аман бол» — деп Семетей,
Аттанып жүрөр болгондо.
Имерилип Каныкей,
Ичине капа толгондо.
Кызыл жүзү кубарып,
Кылгырып жашы муңайып,
Семетейге муну айтат,
Кашка тишин кылайтат:
«Адамдын кебин уга элек,
Аттанып үйдөн чыга элек.
Жортуп жолго жүрө элек,
Жоонун ченин биле элек.
Тоздуруп тонду кие элек,
Тон кадырын биле элек.
Ат арытып мине элек.
Ат кадырын биле элек.
Алыска сапар жүрө элек,
Азабын жолдун биле элек.
Баралына бара элек.
Баласың, али толо элек.
Барар болсоң элиңе,
Барып кел балам саламат.
Жаралган жалкы жалгызым
Жаратканга аманат.
Ат-тонуңдан ажырап,
Боло көрбө жаман ат.

Арбактуу атаң колдосун,
Алптар болсун жолдошуң.
Бастыргын балам жол болсун,
Басташкан душман кор болсун,
Арбагы колдоп атаңдын,
Айбатың журттан зор болсун.
Аңдап уккун Семетей
Айткан кептин башы ушул.
Айтылуу Кең-Кол, Таластын
Аркайган бийик ташы ушул.
Дайындап сага арнаган,
Тайбуурул деген тулпар бар
Казатка минер ат ушул.
Аттанып балам жөнөрсүң,
Апаңдын жашын төгөрсүң.
Буркурап ыйлап кеп айтам,
Бузбагын ишти деп айтам.
Энеңди таштап кетерсиң,
Элиңе балам жетерсиң.
Апаңды таштап кетерсиң,
Ата журтка жетерсиң.
Аттанып жолго кирерсиң,
Ат кадырын билерсиң.
Тоорулуп жолго кирерсиң,
Тон кадырын билерсиң.
Акылың болсо кулунум
Айтканыма кирерсиң.
Эсиң болсо кулунум
Энеңдин сөзүн билерсиң.
Аттанып чыксаң Таласка,
Алтымыш күндө жетерсиң.
Апаңды көп какшатпай
Айланып кайта келерсиң.
Эрикпей мындан жол жүрсөң,
Элүү күндө жетерсиң.
Энеңди көп сагынтпай,
Эрмегим кайта келерсиң.
Апаңдын айткан насаатын,
Акылыңа илерсиң.
Аман болсоң кулунум
Жүз күнгөчө келерсиң.
Андан ары барарсың,
Айлантып көзүң саларсың.
Аттанып чыксаң жол келер,
Арбактуу жолуң оң келер,

Адырмак кара тоо келер,
Ашуусу бийик зоо келер,
Агыны катуу сел келер,
Аркары калың жер келер.
Аркарын кууп кетпегин,
Аркардын башын кеспегин.
Артыңда калган энеңдин,
Агызып жашын ээбегин.
Будурмак кара тоо келер,
Булутту челген зоо келер,
Бурулуп аккан сел келер,
Бугусу калың жер келер.
Бугуну кууп кетпегин,
Бугунун башын кеспегин.
Буркураган энеңдин,
Булатып жашын ээбегин.
Тиреген көктү тоо келер,
Төбөсү бийик зоо келер.
Тескери аккан сел келер,
Текеси калың жер келер.
Текесин кууп кетпегин,
Текенин башын кеспегин.
Телмирген сага энеңдин,
Тентитип жашын ээбегин.
Аркарды кууcaң токтолор,
Ажалы анын ок болор,
Аркарды кууп сен кетсең,
Арманда энең жок болор.
Бугуну кууcaң токтолор,
Буйруган ажал ок болор,
Бугуну кууп сен кетсең
Буркурап энең жок болор.
Текени кууcaң токтолор,
Теги эле ажал ок болор,
Текени кууп сен кетсең
Тентип бир энең жок болор».
Буркурап Каныш көп ыйлап,
Булуттуу көк кошо ыйлап.
Кайгырып Каныш көп ыйлап,
Кайышып кошо жер ыйлап.
Уккандын баарын муңайтат.
Узактан сөзүн улантат:
«Айтканга кулак саларсың,
Акылыңа аларсың.
Сары абам менен саламат,

www.bizdin.kg

Бакайга туура бараарсың.
Эскерткен кебим алгының.
Эсиңе түйүп салгының.
Эки энеңди ыйлатпай.
Эртелеп кайра жангының.
Ботонун белин ашканда,
Кара Буура, Чаткалда
Каңшаар кара таш келет,
Ташка ошол катканга.
Атаңдын көзү барында,
Хан ордом аман чагында.
Устаны далай жыйдыргам,
Ташты ошол ойдургам.
Атаңдын асыл дүйнөсүн
Каттырып ага койдургам.
Адисти далай жыйдыргам,
Алмастап ташты ойдургам.
Жан кишиге туйдурбай,
Жетимиш нарга арттыргам.
Кызыл алтын дүйнөнү
Жашырып анда каттыргам.
Артынан ташты көзөтүп,
Шамалга жол ачтыргам.
Таш менен Талас арасын,
Бир күндүк болжоп каздыргам.
Семетей сага керек — деп,
Дүйнөңдү антип жашыргам.
Таш менен кептеп тешигин,
Табылгыс кылып бөктүргөм.
Орду анык болсун деп,
Оозуна топо төктүргөм.
Көчүрүп келип шилбини,
Көгөртүп анда өндүргөм.
Андан нары барганда,
Айлантып көзүң салганда,
Үч-Кошойдун чатында,
Жекендүү көлдүн башында,
Телмирген сенин жолуңа,
Темир тоонун астында,
Бек атаңдын карасы,
Белдүү Бакай абасы.
Хан атаңдын карасы,
Кайраттуу Бакай абасы.
Мына ошондо жатуучу,
Акылдан алтын чачуучу.

Жолуң тосуп жаткандыр,
Көзүнө дүрбү тарткандыр.
Атаңдын ошол абасы
Бакайды таап аларсың.
Абыке, Көбөш, Жакыпка
Баштатып аны барарсың.
Бакайды таппай сен барсаң
Балаага башың каларсың.
Жалгыз туяк Семетей,
Жаныңа жабыр саларсың.
Бакай жолуң тоспосо,
Барбагын анда чунагым.
Калбасын башың балага,
Баатырдан калган туягым.
Андан нары жүргөндө,
Атаңдын досу Көкбөрү,
Айткандын уулу Каракөк,
Тартуу кылып атаңа,
Алып келген кара Лөк.
Кайран Лөктү ойлоймун,
Жооругандыр бели — деп.
Чаткалдын тумшук жолунда,
Жаткандыр тосуп сени — деп.
Айбан да болсо жаныбар,
Адам билгис жайы бар.
Кош өркөчү койкойгон,
Эгиз кара сеңирдей.
Аркасын басып албан жүк,
Жүргөндүр байкуш семирбей.
Кал басып көзүн калгандыр
Же, Каныкей сөзү жалгандыр.
Каныкей сөзү чын болсо,
Чөгүп жатып алгандыр.
Жатканын көрсөң кара Лөк,
Түшпөй өтүп кетпегин.
«Атакемдин кара нар,
Амансыңбы сен?» — дегин.
Каткан алтын зарыңды,
Таап алса адамдар,
Кара Лөк боздоп жиберет.
Албаса киши дүйнөңдү,
Айбаттанып чиренет.
Чачыратып жинин ал,
Чаңдатып жолду чамынат.
Куудай мойнун койкойтуп,

Салпылдатып өркөчүн
Тайманбай сени качырат.
Жаныңа кирип келгенде,
Көөнүнө азар бербегин.
Адашып кетип канча жыл,
Элимди издеп келаткан
Семетейиң мен дегин.
Сенин атың укканда,
Селдей жашы төгүлөт,
Карып калган кара Лөк
Жашарып кайта жаңы асый,
Жаш бууржундай* көрүнөт.
Башын салып буркулдап,
Бакайды көздөй жүгүрөт.
Кара Лөк кайра тартканда
Куу тайган келет арсылдап.
Алгыр тууган Кумайык
Азуулары карсылдап.
Утуру келген куу тайган,
Улуп-уңшуп ажылдап.
Кирип келет качырып,
Боз жоргоңду такымдап.
«Куу тайганы атамдын,
Мен Семетей жалгыз» — де.
«Абыке — Көбөш айынан,
Тентип кеткен алыс» — де.
Семетей атың укканда,
Ай чапчып алыс түйүлөт.
Уулуң келди дегенсип,
Сүйүнчүлөп Манастын,
Күмбөзүнө жүгүрөт.
Анын тыяк жагында,
Жекендүү көлдүн башында,
Шабырлуу көлдүн чатында.
Сан миң бээни байлаган,
Салакалуу атаңдын
Санжыргасы жайнаган.
Алтын мамы казык бар,
Аккуланы байлаган.
Андан нары жагында
Атаңдын сайган багында.
Төрт-Көлдүн төмөн жагында,
Төрөмдүн сайган багында.

Баркөлдүн маңдай жагында,
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө.
Кең-Кол ата чатында,
Ала-Көлдүн башында.
Атаң Манас күмбөзү,
Заңкайып турат алдыңда.
Ошол жерге барганда
Атыңан ыйлап түшөрсүң.
Медет сурап арбактан,
Көөнүңдө ишиң бүтөрсүң.
Оң бөйрөгүң таянып,
Ойронум атам — деп түшкүн.
Сол бөйрөгүң таянып,
Солтонум атам — деп түшкүн.
Арбагы анын колдосо,
Шамал чыгат күркүрөп.
Баргын десе чунагым,
Доош чыгат күңгүрөп.
Күү толгогон комуздай,
Күңгүрөнүп күүлөнөт.
Агыны катуу дайрадай.
Айбат салып сүрдөнөт.
Күмбөздөн доош чыкпаса,
Билдирип белги кылбаса.
Кайтып кел анда чунагым,
Какшаган зарың укпаса.
Күмбөзгө барсаң чунагым,
Аземдеп аны салдыргам.
Кыш койдурчу топосун,
Тогуз миң төөнү чубатып,
Чоң Ополдон алдыргам.
Чоң Ополдун кил топо,
Ажыралбас кил ошо.
Төкөр уста Бөлөкбай,
Көкжал атаң Манастын
Бар шайманын жасарда,
Кен бышырган көл ошо.
Маңдайына күмбөздүн,
Атаңдын атын жаздыргам.
Ал ичинде күмбөздүн,
Арка болгон атаңа
Арстандардын сүрөтүн,
Адис менен тарттыргам.
Абайлап баштан карасаң,

Ак сакалы жайкалган,
Боз жорго минип чайпалган,
Акылман абаң Бакай хан.
Анын арткы жагында
Минген аты Коенбоз,
Салынганы баяндос.
Аккула минип алпайган,
Ала-Тоодой заңкайган,
Этек-жеңи жыйналбай
Ак көбөө тону далпайган.
Аккелте асып далыга,
Жоо жарагы шайланган.
Арстан атаң алп Манас,
Ак калпак кийип жарданган.
Андан кийин карасаң,
Тоодой тору аты бар,
Толгомо саптуу камчы бар,
Ээрчиткен тайган ити бар,
Адамдан башка сүрү бар,
Тургандай тирүү түрү бар.
Көргөндө көңүл толкуган,
Олуя заада Кошой хан.
Андан нары карасаң,
Карыга найза илинүү,
Бакырыгы баш жарган,
Баатырлыгы белгилүү.
Темир кызыл аты бар,
Жаалысы жанды жазгыраар,
Көзүнөн кызыл от күйүп,
Жалыны жанга чачырар,
Калем, дүбөт кармаган,
Кагазга түшкөн каты бар.
Атаң менен аталаш,
Агаң Сыргак аты бар.
Каныкей энең жанында,
Кан зардап болгон дарты бар.
Андан нары карасаң,
Төр жагына тартылган,
Төрөлөрдөн бешөө бар,
Аттары катар айтылган:
Музбурчак, Агыш, Керкөкүл,
Үрбү, Сынчы алар бар.
Ал бешөөнүн артынан,
Айрым жалгыз тартылган,
Көк дөбө жээк тон тийген,

Көк ала тулпар ат минген,
Айдаркан уулу Көкчө хан.
Сол жагында күмбөздүн,
Ай чырайлуу, нур жүздүү,
Ичи сүттөй, ак көңүл,
Ийриси жок, түз сөздүү,
Жээрде сакал, айбаттуу,
Кажыбаган кайраттуу,
Айдай жүзү нур чалган,
Алтындан кемер курчанган,
Сары ала тулпар ат минген,
Сары алтындан тон кийген,
Жердеги кымбат асылдан,
Жетимиш эки тил билген.
Баштап барып атаңды,
Чоң Бээжинге кийирген.
Калмак менен касташып,
Кардына кара жин кирген.
Алтын тактан ажырап,
Элинен качып тентиген,
Азизкандын Алмамбет
Атаң Манас дос билген.
Андан нары карасаң,
Көктеке тулпар ат минген,
Көзү күйүп жалындап,
Көпкөк темир тон кийген.
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Бет алган жагы от күйгөн,
Тогуз жашта кошулуп,
Атаң менен бир жүргөн.
Өнөгүн колдон бербеген,
Беттешип пенде жеңбеген.
Кармашарга жоо келсе,
Камынып, алдын мен деген.
Жоону сайса көп сайган,
Мен сайдым — деп айтпаган,
Жолборсум сайды — деп айткан.
Эрди сайса ал сайган,
Эр сайдым — деп айтпаган,
Эр Манас сайды — деп айткан.
Сундуруп найза тартпаган,
Сумсайып жоодон качпаган.
Суу ордуна кан кечкен,
Акбалта хандын Чубак хан.
Андан ары карасаң,

www.bizdin.kg

Карткүрөңдөй ат минген.
Сүлөөсүн ичик, суусар бөрк,
Сыланып кыздай кийинген.
Жетик окуп жашынан,
Жетимиш канча тил билген.
Ак калпак кыргыз ичинде
Анчалык илим ким билген?!
Элчи болуп Манаска
Эл кыдырып көп жүргөн.
Хан алдында тартынбай,
Таамайлап так сүйлөгөн.
Коңур чечен Ажыбай,
Алты сан элди бийлеген.
Андан нары карасаң
Ак кагазга кат жазган,
Атаң Манас эрдигин
Абанга салып жат айткан.
Жаагын жанып кайраган,
Кызыл тили сайраган.
Айткан кезде Манасты
Кардыгып үнү калбаган.
Ырамандын Ырчы уулу,
Ыр менен даңкын тараткан.
Айтылуу «Манас» жомогун
Алмадай баштан жараткан.
Атаңдын балам күмбөзүн,
Аземдеп ошондой жасаттым.
Айкөл Манас атагын,
Ай-ааламга тараттым.
Айлантып айтып кулунум,
Арстандарды жат кылдым.
Ал өзүңдү, атаңдын
Арбагына тапшырдым.
Бакайдын берген белгиси,
Бул кынды ала баргын — деп,
Көрүшкөн жерде абаңа,
Көрсөтүп аны салгын» — деп.
Кайран Каныш буркурап,
Чыйырды турат зыркырап.
Ал экөөнү көргөндө,
Калың эл ыйлайт чуркурап.
Анда Семең кеп айтат,
«Ыйлаба эне — деп — айтат:
Акыл сөзүң алармын,
Адашпай элге бараармын.

Атакемдин күмбөзүн
Анык издеп табармын.
Хан атамдын ордосун,
Кайтарып өзүм алармын.
Насаат кебиң алармын,
Намыска кылыч чабаармын.
Абыке менен Көбөштөн,
Кегиңди алып жанармын.
Аркарды көрсө атат — деп,
Адырда түнөп жатат — деп,
Ойлонбогун энеке,
Кызыкка куунап батат — деп.
Кулжаны көрсө атат — деп,
Курбуда уктап жатат — деп,
Кам санаба энеке,
Кан кызыкка батат — деп.
Бугуну көрсө атат — деп,
Ат үркүтүп жатат — деп,
Кайгырбагын энеке,
Капылетке батат — деп.
Буруштуу жерде бугу бар,
Мусапыр эрдин муңу бар.
Муңу жок киши баштанып,
Бугуну кантип атайын?
Буркурап энем сен турсаң,
Бурулуп кантип жатайын?
Адырлуу жерде аркар бар,
Азамат эрде арман бар.
Армансыз киши кептенип,
Аркарды кантип атайын?
Тентиген энем сен турсаң,
Термелбей кантип жатайын?..
Тектирлүү жерде теке бар,
Тел болгон менде капа бар.
Текени кууп атат — деп,
Тентек тууган чунагым,
Теңселип уктап жатат — деп.
Теги ойлобо энеке,
Теңир урсун балаңды,
Тентип кетсем теги эле,
Теке атыштын ордуна,
Тентиткен жоону басармын.
Абыке менен Көбөштүн,
Алайтып көзүн ачаармын».
Амандашып, коштошуп,

Ноюбаган эр Семең
Жүрүп кетти бастырып,
Жүрөгү курч шер Семең.
Муну кое туруңуз,
Ата журтун Семетей,
Тапканынан угуңуз.

Семетейдин Таласка барышы

Эл чогулуп аттантып,
Энелер жашын тыйган соң,
«Кош аман бол эне» — деп,
Козголуп жолго чыккан соң,
Аяр кылып турбастан,
Атынын башын бурбастан,
Боз бууданын булкунтуп,
Жолдон чаңын бургутуп,
Үстөкө-босток камчылап,
Борбуйдан терин агызып,
Келе жатат Семетей
Атырылтып аргытып.
Сарытазды баштатып,
Сан колу бар немедей,
Элсиз эрме чөл менен
Эчтекени кенебей.
Жолум тосуп капыстан,
Жоо чыгат деп элебей.
Кара жолдо калкылдап,
Кара олпогу жалтылдап.
Бала жолборс чунагың,
Кетип барат шалкылдап.
Он экиде Семетей
Оттон жанбас убагы.
Алдын тосуп атылган,
Октон жанбас убагы.

Кабактан каарын төктү эми,
Үч-Кайыңдан өттү эми.
Жекендүү көлдүн башында,
Шабырлуу көлдүн чатында,
Атасы Манас жайлаган,
Сан миңдеп бээни байлаган,
Алтын мамы казыктуу,

Талаага жетти чаңдаган.
Болжолун байкап Семетей,
«Каныкейдин кеби» — деп.
Топосун сүрттү көзүнө,
«Хан атам Манас жери» — деп.
Семетей жолго чыкканга,
Элүү күнгө толуптур.
Алдында аты зоругуп,
Арага канча конуптур.
Талыкпай жүрүп олтуруп,
Кең Таласка жетти эми.
Ата конуш алдынан,
Жыпар жытын септи эми.
Кең Таластын оюнан,
Аккан суунун боюнан,
Үч-Кошойдун чатынан,
Баркөлдүн башкы жагынан,
Атасынын күмбөзүн,
Алыскы жерден көрдү эми.
Закымдай болуп зыркырап,
Урган таштай дыркырап,
Шамалдай болуп күркүрөп,
Аттан түшүп Семетей
Агызып жашын төктү эми.
Жакын келип чунагың,
Атакелеп ыйлады.
Азарланып эчкирип,
Аманат жанын кыйнады.
Оң бөйрөгүн таянып,
«Ойронум атам» — деп түштү.
Сол бөйрөгүн таянып,
«Солтонум атам» — деп түштү.
Боз жоргону бош таштап,
Боортоктоп Семең бүк түштү.
Азасынан баланын,
Айлана ыйлап түнт түштү.
«Алыска кетип жоголуп,
Араң келдим, атам — деп-

Тилек кылам өзүңө,
Тийсин мага батаң» — деп.
Ал аңгыча күмбөздөн
Шамал чыгып күркүрөп,
Күңгүрөнүп калды эми.
Ордунан туруп Семетей,

«Арбактуу атам колдо» — деп,
Күмбөзгө кирип барды эми.
Хан күмбөзгө караса,
Атасы Манас залкайып,
Тартылуу турат сүрөттө
Аккула минип алпайып.
Арбагы артык баатырың,
Аккелте асып далыга,—
Жоо жарагы шайланган.
Арстандын оң-сол жагында,
Айбаты шердей баатырлар,
Оң жагында күмбөздүн,
Ак калпак кийип жарданган.
Ак сакалы жайкалган,
Боз жорго минип чайпалган,
Акылман ата Бакай хан.
Анын арткы жагында,
Тоодой тору аты бар,
Толгомо саптуу камчы бар,
Ээрчиткен тайган ити бар,
Адамдан башка сүрү бар,
Олуя заада Кошой хан.
Андан ары караса,
Карыга найза илинүү,
Темир кызыл аты бар.
Көзүнөн жалын от күйгөн,
Жаалысы жанды жазгыраар,
Калем, дүбөт кармаган,
Кагазга түшкөн каты бар.
Атасы менен аталаш,
Агасы Сыргак аты бар.
Андан аркы жагында,
Музбурчак, Агыш, Керкөкүл
Үрбү, Сынчы дагы бар.
Төрөлөрдөн бешөө бар,
Бек, баатырдан канчоо бар.
Ал бешөөнүн артынан,
Айрым жалгыз тартылган,
Айдаркан уулу Көкчө хан.

Сол жагында күмбөздүн,
Айдай жүзү нур чалган,
Алтын кемер курчанган,
Сарала тулпар ат минген,
Сары алтындан тон кийген

Аяш ата Алмамбет.
Анын ары жагында,
Көктеке тулпар ат минген,
Көпкөк темир кийинген,
Бет алган жакта от күйгөн,
Тогуз жашта кошулуп,
Атасы менен бир жүргөн.
Беттешип пенде жеңбеген,
Өнөгүн колдон бербеген,
Акбалта хандын Чубак хан.
Андан ары караса
Карткүрөңдөй ат минген,
Сыланып кыздай кийинген,
Жетик окуп жашынан,
Жетимиш эки тил билген,
Коңур чечен Ажыбай.
Анын ары жагында,
Жаагын жанып кайраган,
Кызыл тили сайраган,
Ак кагазга кат жазган,
Атасы Манас жомогун,
Абанга салып жатка айткан,
Ырамандын Ырчы уулу,
Тартылыптыр сүрөткө.
Бала баатыр Семетей,
Баарын түйүп жүрөккө.
Башын ийип бүгүлүп,
Кетенчиктеп жүгүнүп.
Жанып чыкты күмбөздөн,
Жагалданып сүйүнүп.
Атын чечип мамыдан,
Баса минип абыдан,
Алыска сапар тартты эми.
Алмалуу булак, Шуңкар таш
Ашуусунан ашты эми.
Керилип жаткан кең талаа
Кең-Колду карай басты эми.
Бөксө жолдо баратса,
Боздогон ачуу үн чыгат,
Бооруңду эзип күү чыгат.

Семетей байкап караса,
Ээсин жоктоп маң баскан,
Эки көзүн кал баскан,
Атадан калган кара Лөк

www.bizdin.kg

Жаткан экен сеңирде.
Ат дүбүртүн укканда,
Кара Лөк оонап чамынды.
Көбүгүн чачып буркулдап,
Семетейди качырды.
«Энекем айткан баягы,
Кара Лөгүм экен» — деп,
Эр Семетей тааныды.
Семетей анда кеп айтты:
«Кар болупсуң кара Лөк,
Кал басып көзүң сен — деди.
Калкын издеп келаткан,
Семетейиң мен» — деди.
Кубангандан кара Лөк,
Мойнун жерге салганы.
Энесин тапкан тайлактай,
Артынан ээрчип алганы.
Жана Семең жол жүрдү,
Бөлүнүп акыл-санаасы.
Абалап чыккан алдынан,
Куу тайганды карачы.
Коркуп андан калабы,
Кабыландын баласы.
Бутун жалап эркелеп,
«Келиптир — деп — Манастын,
Мени ээрчитчү карасы».
Келишинде тайгандын,
Семетейге даты бар.
Хан Манастын тушунда,
Даңкы чыккан алашка
Кумайык деген аты бар.
Үргөнүнө жадабай,
Көңүлү башка санабай.
Шыйпаңдап келген тайганга,
Семетей айтты мамындай:
«Көп жылдан бери жол сактап,
Жүргөн тайган сен — деди.
Элин издеп келаткан,
Семетейиң мен» — деди.
Бу кепти угуп куу тайган,
Карачы ылдам желгенин.

Кабар кылат Бакайга,
Семетейдин келгенин.
Көптү көргөн Бакайың

Темир тоодо жүрүчү.
Ай аркандап, күн санап,
Он экиге Семетей,
Толгондугун билүүчү.
Маңдайдагы бөксө жол
Темир тоонун тараша,
Баткалаштан Бакайың
Дүрбү салып караса.
Күчү кеткен Бакайдын
Көзүнөн жашы төгүлөт.
Жагалданган алыстан,
Жалгыз караан көрүнөт.
Семетей ушул белем деп,
Бакайдын көөнү бөлүнөт.
Ыңай карап олтуруп,
Сымбатына толтуруп
Акылман Бакай караптыр.
Манастын уулу Семетей
Атасындай алпайып,
Хан Бакайга жараптыр.
Толкуп көөнү толгондой,
Көкчолокко камчы уруп,
Алдынан тосуп желгени.
Бакай менен Семетей,
Оро-пара келгени.
Көрбөсө да көргөндөй,
Мурда бирге жүргөндөй.
Билбесе да билгендей,
Бирге мурда жүргөндөй.
Салты менен Семетей
Салам айтып көрүштү.
Кучакташып, жыттavailable,
Колдун учун өбүштү:
«Караанымды көргөндө,
Камчылап атың кыйнадың,
Капасы бар кишидей
Хан аба эмне ыйладың?»
Анда акылман Бакайың,
Арып менен кеп курап:
«Ата тегиң ким болот,
Айтчы балам мага?» — дейт.
Сынагандай сөз сурап,

Анда Семең кеп айтат:
«Атаке уккун — деп — айтат.

Атамдын аты эр Манас,
Жеримдин аты кең Талас.
Каракандан келемин,
Тентип кетип эрте жаш.
Оен атам өлүптүр,
Эки энем кордук көрүптүр.
Абыке, Көбөш, Жакып кан,
Аябай түйшүк салыптыр.
Мен жетимди калкалап,
Эки карып энекем,
Төркүнүнө барыптыр.
Он эки жашка толгуча,
Сырын айтпай багыптыр.
Элирип атым тердетип,
Котчу алып желдетип,
Кызык дооран сүрчү элем.
Ит агытып, куш салып,
Элкинде дуулап жүрчү элем.
Сары абамдан көп уктум,
Атаң Манас — деп уктум.
Жериң Талас — деп уктум,
Элиң алаш — деп уктум.
Элим башка болгон соң,
Кантип турам уялбай.
Энемдин угуп насаатын,
Издеп чыктым туралбай.
Абаке сиздей кишини,
Калыс үчүн жараткан.
Мен сыяктуу жетимди,
Намыс үчүн жараткан.
Каныш энем кеп айткан,
Хан Бакай баргын — деп айткан.
Аксакалдар сиз өңдүү,
Акыл айтса эп айткан.
Карасам байкап өзүңдү,
Кайнардын кара көзүсүң.
Каныкей энем маа айткан,
Так Бакайдын өзүсүң.
Билбегеним билгизгин,
Укпаганым угузгун.
Сезбегеним сездиргин,

Туйбаганым туйгузгун!»
Анда Бакай кеп айтат:
«Таанып айттың — деп айтат.

Айланайын кулунум,
Арманың айтып курудум.
Кагылайын кулунум,
Кайгыңды тартып курудум.
Кайран энең Каныкей,
Калкалап сени качканда.
Каракандын шаарына
Караан тартып панаалап,
Караңгыда басканда.
Эки чанач сүт берип,
Эки байтал күч берип,
Орто арыктын ашуудан
Узатып калгам сенделип.
Кынымды белек бергемин,
Белегим алчы көрөйүн.
Семетей балам сен болсоң,
Колуңда жүрүп өлөйүн».
Айкөлдүн уулу Семетей,
Сыймык конгон немедей,
«Мынаке ата кының» — деп,
Сунуп калды чебелей.
Кынды көрүп карт Бакай,
Семетейди кучактап,
Күчү кеткен көзүнөн
Көл болуп жашы бурчактап.
Арманын айтып муңайтат,
Акактай сөзүн чубалтат:
«Сак-саламат жүрдүңбү?
Сагынганда келдиңби?!
Куп саламат жүрдүңбү?
Кууpаганым билдиңби?!
Кагылайын чырагым,
Кайгымды ичтен чыгардың.
Сүйүнгөндөн дайрадай,
Ташкындап турган убагым.
Кайгынын уусу арылып,
Атаң Манас өлгөндө,
Абыке, Көбөш, Жакыптан,
Аябай кордук көргөмүн.
Араң жүрдүм сабыр — деп,
Сабырдын түбү кайыр — деп.
Айтсам арбын көргөнүм,

Арманда мен өлбөдүм.
Атаңдан кийин төө бактым,

Жооруп бутум жөө бастым.
Айта берсем түгөнбөйт,
Азаптуу кыйын бел аштым.
Атаң Манас барында,
Жүргөн элем жанында.
Ар качан да мен элем,
Акыл-кеңеш башында.
Айкөл Манас досумдун,
Айткан кебин сыйладым.
Келер бекен уулу — деп,
Кейиштүү жанды кыйнадым.
Атаң Манас барында,
Аргымак минип дууладым.
Асылым Манас өлгөндө,
Айдалып элден куурадым.
Падышам Манас барында,
Барыкталып дууладым.
Хан Манас көзү өткөн соң,

Кар болуп четте куурадым.
Темиркандын шаарына
Тентип кетип сен калдың.
Терегиң өсүп жеткиче,

Телмирип сага мен калдым.

Карааның көрөр бекем деп,

Канча жылы зарладым.

Көзүңдү көрүп Семетей,

Көңүлүм өсүп чардадым».

Бакайга Семең кеп айтат,

«Ыйлаба аба! — деп айтат.

Кары сөөктү жашытып,

Кыйнаба аба!» — деп айтат.

Бакайдын чери жазылып,

Берметтей сөзү чачылып.

Семетейди ээрчитип,

Айылына жөнөдү,

«Манастап» ураан чакырып.

Бакайдын угуп ураанын,

Бардык эл калды жарышып.

Көкжалдын уулу Семеңди,

Көтөрүп аттан алышып.

Алп Манастай ардактап.

Астына килем салышып.

Аманчылык сурашып,

Акылман Бакай абаңдан,
Абдан сөзгө канышып.
Кайтып кетти калайык,
Хан Манастын баласы,
Семетей менен таанышып.
Үйүнө Бакай кондуруп,
Кысыр эмди сойдуруп.
Алп Манаска тартуучу
Ак чара менен бир этти,
Семетейдин алдына
Алып келип койдуруп.
Кош жигитти чакырып,
Куш тили кылып тууратып.
Тескейине сорпонун,
Тоо мыяз менен чыктатып
«Алгыныӊ кана уулум!» — деп,
Хан Бакай сакал жайкады.
Ачыккан Семеӊ жол басып,
Ак чара менен лык этти,
Ана-мына дегиче
Алты алып аймады.
Акылман Бакай Семеңдин,
Алп экенин байкады.
Сапырылган сабада
Бал кымызды чайкады.
Саптуу аяк менен ичкенде,
Сабада кымыз калбады.
Этке тоюп абыдан

www.bizdin.kg

Кымызга суусун кандырып,
Жатып калды Семетей
Жайлап орун салдырып.
Эртең менен болгондо,
Эл жыйылып толгондо.
Дасторкондун үстүндө,
Тамак ичип тойгондо,
Кайран Бакай карыя,
Айтып сөзүн жарыя.
Атты алдырып токутуп,
Бар кебин айтып окутуп.
Абыке, Көбөш, Жакыпка,
Жөнөп калды барышка.
Жолду Бакай чаң кылып,
Көргөн жанды таң кылып.
Ак калпак кыргыз элине,
Айкөлдүн уулу Семетей

Келгендигин даң кылып.
Семетей келет бастырып,
Эр Бакайды баш кылып.
Атасы түшүп оюна,
Эки көзүн жаш кылып.
Таскактатып аттарды,
Таласка булар келгенде.
Жакып хандын ордого,
Жакындашып жеткенде
Бакай токтоп кеп айтат:
«Баамда жакшы — деп айтат.
Жакып хан куйту киши эле,
Жакшылап кабар алайын.
Тура тургун сен мында,
Айткан болуп сүйүнчү
Алдыда мен барайын.
Кандай карайт өзүңө,
Кабагына карайын.
Сагынып сени зар бекен,
Болбосо ичи чаар бекен?
Алакчыраак киши эле,
Арамдыгы бар бекен?!»
Аны угуп Семетей
Аттан түшүп, «баргын! —деп,
Кандай карайт арамдар,
Кабар алып жангын» — деп.
Ак сакалын коюндап,

www.bizdin.kg

Көкчологун моюндап.
Атынын башын чулгутуп,
Жолдун чаңын бургутуп.
Хан Жакыптын айлына,
Бакай жетип барды эми.
«Айкөлдүн уулу Семетей,
Айлыңа жетип келди» — деп.
Жакыпка кабар салды эми.
«Өкүмсүгөн хан Жакып,
Өткөрдүк далай заманды.
Көрүшпөдүк көп болду,
Эли-журтуң аманбы?
Бербейсиңби сүйүнчү,
Таап келдим балаңды.
Семетей келди сени издеп,
Басарсың эми санааңды.
Манастын уулу Семейим,
Бала жолборс берени

Элин издеп келиптир,
Эп көргөнүң барсыңбы?
Өлгөн бала келди — деп,
Терс көргөнүң барсыңбы?
Самап жерин келиптир
Сагынганың барсыңбы?
Сайышар бала келди — деп,
Камынганың барсыңбы?!»
Хан Жакып угуп бул сөздү,
Жаман өңү бузулду.
Жаалысынан заар чачып,
Жан алчуудай жутунду:
«Келинимди кеткин — деп,
Караканга жеткин — деп,
Качырган какбаш келдиңби?
Балаң эми келди — деп,
Сүйүнчүмдү бергин — деп,
Бакырган какбаш келдиңби?
Бузуктугу мындан көп,
Душмандыгы андан көп,
Алжыган какбаш келдиңби?
Баламды бөлөк өстүрүп,
Менден көөнүн бөлдүрүп,
Азгырган какбаш келдиңби?
Элсизде жетим тенгендир,
Элин издеп келгендир,

Анын несин айтасың?
Жерин издеп келгендир,
Ала көңүл, куу сакал
Аздырбай балам алып кел!
Атасы Манас экенин
Кулагына салып кел!»
Мына ошентип Жакып хан,
Кейимиш болуп кеп айтты.
«Турбай мында жөнө»— деп,
Ачууланып бек айтты.
«Макул, Жакып, макул — деп,
Алып келем азыр» — деп,
Сыртка чыгып ойлонуп:
«Кытмыр эле Жакып хан,
Кантээр экен капыр» — деп.
Байкатпай барып Бакайың,
Туурдугун ачып тушунан,
Жакыптын кебин тыңшаптыр.
Анын угуп шумдугун,

Аза бою чыйрыгып,
Башын чайкап ыргаптыр.
Карт буурадай чамынып,
Жини оозунан чачылып,
Кара нээт Жакып мындай дейт:
«Он, Бакдөөлөт байбиче,
Мен айтайын сен уккун.
«Атамдын оордун басам — деп,
Семетей келди — деп уктум.
Тагымды минет Семетей,
Буулумду киет Семетей.
Аз келгенсип анысы
Абыке менен Көбөштү,
Ат кылып минет Семетей.
Тартып алып хандыкты,
Баарын билет Семетей.
Кыр көрсөтүп баарыга,
Кыргыйдай тиет Семетей.
Анык билем көк болот,
Жалындап күйгөн өрт болот.
Абыке менен Көбөштүн,
Жабыркап көзү төрт болот.
Ханыша болуп Каныкей,
Төбөңдө ойнойт өзүңдүн.
Чыйырдыга күң болуп,

www.bizdin.kg

Шоросу агат көзүңдүн.
Семетей, Бакай келгенде,
Көөкөрдөкү аракты
Көк чыныга куясың,
Бакайга жазбай сунасың.
Кытайдан келген сыр чыны,
Тийсе болот* уу чайка.
Арака кошуп, буу чайка.
Уудан арбын куя көр,
Семетейге суна көр!»
Ал Бакдөөлөт байбиче
Чайкабады тырышып,
Жакып менен урушуп.
«Какбаш капыр оңбой кал!
Калың журтка уят — деп,
Айкөл Манас арбагы,
Анык сени урат — деп,
Семетейди өлтүрсөң,
Сени отко куурат» — деп.
Жаалы катуу Жакып хан,
«Жапкан оозуң ачпа! — дейт.

Жон териңен жоон эли,

Азыр тилем тасма!» — дейт.

Бакдөөлөт ыйлап турду эле,

Уруп-сабап коркутту.

Ылайым Жакып болбоду,

Ууну чайкап толкутту.

Аны угуп Бакайың,

Аттанып жолго салыптыр.

Жакыптын кылган шумдугун,

Семеңе айтып барыптыр.

«Жүрү балам Семетей,

Хан Жакыпка барабыз.

Арамдыгын, актыгын,

Ачык көрүп алабыз.

Айтканын ачык ал кылса,

Мууздап аны салабыз.

Сен экөөбүз түшкөн соң,

Чынында арак уу келет,

Ичип салсаң эгерде

Аркасынан чуу келет.

Көк чыныда аракты,

Сунганда ичип иемин,

Мени өлтүрбөсүн билемин.

Сыр чыныда уу берет,

Чыныны сага бергенде.

Хан Жакыпка сунгунуң.
Ичпейм — десе Жакып хан,
Ит аякка куйгунуң.
Ичкенде ууну ит өлсө,
Какбашты дароо сойгунуң.»
Бакай менен Семетей,
Кеңешип кепке канышты.
Шайбырлата бастырып,
Хан Жакыптын айлына,
Кирип алар барышты.
Алдына чыгып Жакып хан,
«Айланайын, кулунум,
Алыс жерге сен кетип,
Айламды таппай курудум.
Торолдуңбу, кулунум?
Чоңойдуңбу, кулунум?
Арстандан калган балам — деп
Чоочун жерге кетирген,
Долу энең капыр арам — деп,

Эч канчалык иш эмес,
Эсен келдиң мага — деп.
Үйрүлөйүн, балам — деп,

Алыс жерге алып качкан,
Акылсыз экең арам — деп,
Мени издеп келген соң,
Басылды эми санаам — деп.
Балам сенин айыңдан,
Башынан жүрдүм убайда.
Жалгызым өзүң келген соң,
Арманым барбы кудайга.
Арстандан калган туягым,
А дүйнө кетер убагым.
Жалгызым келип багыма,
Жазылды менин кубарым.
Балам сенин айыңан,
Баскан эле убайым.
Келипсиң ырас, кир үйгө,
Кериле басып чунагым!»
Сыр алдырбай Жакып хан,
Кучакташып көрүштү.
Сагынышкан немедей,
Колдун учун өбүштү.
Бакай менен Семетей,
Үйгө кирип олтурду.
Какылыктап калп эле,
Какбаш Жакып ал турду:
«Ой, Бакдөөлөт байбичем,
Аңкап келген балама,
Алып келгин арак — деп,
Койдуң беле белендеп?
Бакайга мурун сунгун — деп.
Сыр чыныда аракты,
Семетейге куйгун» — деп.
Жакып хан айтты мындай кеп.
Көк чыныны көтөрүп,
Бакай канга сунду эле.
Көк чыны колго тийгенде,
Шилтеп Бакай ийди эле.
Ал Бакдөөлөт байбиче,
Сыр чыныда аракты,
Семетейге суна албай,
Калтырап колу турду эле.
Аны сезген Жакып хан,
«Бол, ылдам!» — деп баркылдап.

Үкүс кылып алкылдап.
Корkконунан Бакдөөлөт,

www.bizdin.kg

Чыныны алып калтылдап,
Баланы карап жалдырап.
Эки колу титиреп,
Бүткөн бою дүркүрөп,
Баса албай кемпир бүжүрөп,
Көзүнүн жашын агызды.
Сыр чыныда аракты,
Семетейге карматты.
Аракты алып Семетей,
Билбегенсип кенедей,
Тура калып күлдү эле,
«Ооз тийип бергин, ата!» — деп,
Жакып ханга сунду эле.
Арамза Жакып ошондо:
«Атаң Манас өлгөнү,
Мен ачуудан калгамын.
Оозума теги албадым,
Карылык жолун издедим,
Ачыган тамак ичпедим.
Ыраазымын Семетей,
Иче кой балам!» — деп айтып,
Жакып хан турду мунайым.
Анда Семең турабы,
Иче кой, балам!» — деп айтып,
Чыныдагы арактын,
Кайнаганын байкады.
Жакып ханга карата,
Семетейдин айтканы:
«Жалгызыңдын көөнү үчүн,
Ооз тийип берчи, атаке.
Сизден мурун мен ичсем,
Кусуруң урар эми эле.
Ич! Атаке, ичкин!» — деп,
Чыныдагы аракты,
Оозуна Жакып ыктады.
Чыныда арак төгүлүп,
Сакалына тийди эле.
Тийген жерде сакалы,
Шыр-шыр этип күйдү эле.
«Сизден мурун ичпейм» — деп,
Тура калып Семетей,
Ит аякка куйду эле.
Тумшугу ууга тийгенде,

Иттин оозу ырсайып,
Тумшугу менен жер сайып,
Дардайып ит өлдү эле,
Муну Семең көрдү эле.
Ыргып тура калды эми,
Жүккө жыйган олпокту
Жүктөн сууруп алды эми.
Ачуусу келген Семетей,
Алдыдагы эшикти,
Жулуп алып ыргытты.
Өчүрүп ындын Жакыптын,
Мына ошондой тынчытты.
Ыргытылган эшиги
Бута атым жерге түштү эле.
Манастын уулу чунагың,
Мына ошондой күчтүү эле.
Эчтекени элебей,
Эшикке чыкты булкунуп.
Ачуусу менен алкынып,
Атка минди жулкунуп.
Арамзаада Жакыпка,
Айбат менен умтулуп,
Эр Семетей кеп айтат,
Кеп айтканда бек айтат:
«Арбак урган, куу сакал,
Атама ата болбой кал!
Өз балаңа уу берген
Эгерим Жакып оңбой кал!
Арак ич — деп алдайсың,
Бейажал уудан өлбөймүн.
Кара нээт какбаш чал,
Кара бетиң көрбөймүн.
Арагың ууга чайкаган,
Айланар өз ашыңа.
Мага кылган катыгың,
Өзүңдүн тиер башыңа».
Бул сөздү айтып Семетей:
«Абыке, Көбеш кайда?» — деп
Аттанып Семең жөнөдү,
Теминип атын желишти.
Абыке, Көбөш айлына,
Жетип булар келишти.
Муну мындай таштайлы,
Семетей, Көбөш, Абыке,
Кез келгенин баштайлы.

Семетейдин Абыке менен Көбөшкө кезигиши

Айкөлдүн уулу Семетей,
Ат омуроон тердетип.
Абыке, Көбөш айлына,
Жетип келди тепсетип.
Анда Бакай кеп айтат,
«Тура тур, балам! — деп айтат.
Алды менен мен барып,
Аларга кабар салайын.
Кастыгы бар кандайча,
Кабар алып жанайын.
Саламат сени келди — деп,
Сагынган тууган бар бекен?
Сайышар бала келди — деп,
Камынганы бар бекен?
Көрүшүүгө сен менен,
Көңүлдөрү зар бекен?
Эрте өлгөн бала — деп,
Демиккени бар бекен?
Эрте кетип, кеч келдиң,
Эстегени бар бекен?
Элжирешип жүрөгү
Эңсегендер бар бекен?
Тентиген жетим келди — деп,
Тегеренер бар бекен?
Келгениңди көрө албай,
Кекерленген бар бекен?

Как өзүңө чыкканы,
Кайың эмес, тал бекен?
Кара нээт Жакып сыяктуу,
Кас санаган бар бекен?
Эл издеп бала келди — деп,
Эп көргөнү бар бекен?
Издеп келсең көрө албай,
Жек көргөнү бар бекен?!»
«Макул баргын аба» — деп,
Туруп калды Семетей.
Акылына Бакайдын
Уюп калды Семетей.
Ак сакалын коюндап,
Көкчологун моюндап,

Абыке, Көбөш айлына,
Келди Бакай куюндап.
Абыке, Көбөш эки хан,
Жаткан экен ордо атып.
Чатыраш ойноп бир четтен,
Кызыкка алар мол батып.
Аттуу туруп Бакайың,
«Абыкелеп» чакырды.
«Ким кыйкырган сырттан» — деп,
Күркүрөп Көбөш айкырды.
Көп чогулуп Көбөштү,
Бий кылыптыр бозого.
Күркүрөгөн айбанга,
Адам батпайт ошого.
Ала күү болгон ноендор,
Эчтеме менен иши жок.
Ал мастардан Бакайга,
Жооп берген киши жок.
Эшик ага балага,
Бакай туруп кеп айтты:
«Айтчы балам араңда,
Абыке барбы?» — деп айтты.
«Бар» — деп, бала Бакайга,
Күлө сүйлөп кеп айтты.
«Абыкени бер жакка,
Чакырып койчу» — деп айтты.
Бала кирип ордого,
Абыкеге кеп айтты:
«Көкчолок минген аксакал,
Чакырат сизди» — деп айтты.
Абыке таанып Бакайды,

Күйпөлөктөп күйүнүп,
Кыяр туулган куу неме
Эшикке чыкты жүгүрүп.
Анда Бакай кеп айтат:
«Семетей келди — деп айтат.
Абыке, Көбөш барсыңбы?
Тууганcыңбы? Кассыңбы?!
Семетей келди сени издеп,
Сүйүнгөнүң барсыңбы?!
Эрте өлгөн бала — деп,
Күйүнгөнүң барсыңбы?
Самап келди тууганын,
Сагынганың барсыңбы?

Сайышар бала келди — деп,
Камынганың барсыңбы?
Манастан калган туяк — деп,
Туу кармоочуң барсыңбы?
Каңгырып кайдан келди — деп,
Урушуучуң барсыңбы!»
Келгенин угуп Бакайдын,
Эшикке чыккан жүгүрүп,
«Семетей келди» — дегенде,
Кан жутуп ичтен күйүгүп,
Ачуусу келип Көбөшүң
Кирген суудай күпүлдөйт.
«Алжыган Бакай карыга
Көрсөтөм» — деп дүпүлдөйт:
«Айлыма эмне ат менен
Аламан салып жүрөсүң?
Качан болсун бизге сен,
Кабагыңды түйөсүң.
Карганыңда сен Бакай,
Калпты таап келесиң.
Семетей деген ким эле?
Желигип эмне желесиң?
Семетейдей сени да,
Көкбөрү кылып тартпасам,
Семетейди өлтүргөн,
Жардан алыс таштатам.
Азууңду сенин чакпасам,
Алайтып көзүң ачпасам,
Тындым кылып өзүңдү
Тынып анан жатпасам.
Тишиңди сенин тербесем,
Кан кылып бооруң эзбесем.

Бакырчаак төөдөй башыңды,

Тетири чалып кеспесем!»

Мына ошентип көр Көбөш,

Баканды колго алганы.

Кан кылып башын Бакайдын,

Каңк дедире салганы.

Бакайдын башы жарылып,

Атынан түшүп калганы.

Куюлуп каны башынан,

Куйка тери салаңдап,

Жатып калды Бакайың

Эки көзү алаңдап.

Аны көрүп Абыке,

Арачага келиптир.

«Акмак Көбөш не кылдың?»

Аягандай кейиптир:

«Аңылдаган, ит Көбөш,

Айткан сөзгө кирбейсиң!

Ар ким менен урушуп,

Арың кетсе билбейсиң!

Ар качандан, бир качан
Ишти бузбай жүрбөйсүң!»

Абыке тилдеп Көбөштү,
Бакайга карап мындай дейт:
«Айланайын, абаке,
Көөнүңө алба кылдай — дейт.
Баш айрылса да баштатан,
Бөрк ичинде болуучу.
Кол сынса да тууганбыз,
Жең ичинде болуучу.
Жабылуу тонум үстүңө,
Тартылуу атым алдыңа.
Кандай десең андай де,
Мен даярмын баарыга».
Абыке жайкап сөз менен,
Тазалап канын жуудуруп,
Бакайдын башын таңдырды,
Ак даки менен буудуруп.
Алдына аппак май койду,
Майга кошуп бал койду.

Бар тамагын жайнатып,
Кайнатып кара чай койду.
Тамактын баарын май кылып
Бакайдын көөнүн жай кылып
Аш тамакка тойгузуп,

Кара чайга кандырып,
Абыке айтат бул сөздү,
Акылдан чыккан куу сөздү:
«Акылман туулган Каныкей,
Алтымыш арып салгандыр.
Семетейди жашырып,
Тирүү алып калгандыр.
Өрөпкүгөн Көбөштүн,
Өлтүргөнү жалгандыр.
Өлдү деген Семетей,
Издеп келип калгандыр.
Атыңды минип, абаке,
Аялдабай барып кел.
Семетейди жетелеп,
Айылыма алып кел.
Туу көтөрүп Манастай,
Тууган кылып алалы.

Катылышкан жоо болсо,

Качырып чабуул салалы.

Кылычташкан жоо болсо,

Кырчылдашып кыралы.

Алдырып келип алдына,

Алтымыш бээни соёюн.

Калың кара кыргызга,

Хан көтөрүп коёюн.

Таап иним көңүлүн,

Таарынчысын жоёюн.

Жаңылыш кеткен иш болсо,

Жайкап баарын оңоюн.

Айланайын, абаке,

Эл угуп уят болбосун.

Ичке тартып, сөз айткын

Имерилбей койбосун».

Аны угуп Бакайың

Атын минип алды дейт.

Көкчолокту камчылап,

Семетейге барды дейт.

Көргөн, баккан, укканын

Төкпөй айтып салды дейт.

Анда Семең муну айтат,

Агартып тишин кылайтат:

«Кагылайын, абаке,

Кан болуп башың кайтыпсың.

Жардырып кайран башыңды,

Жабуулап дагы таңыпсың.

Эрте өлгөн бала келди — деп,
Демиккени бар бекен?
Жектегени найза алып,
Желиккени бар бекен.
Элин издей келди — деп,
Эригени бар бекен?
Сайышууга найза алып,
Темингени бар бекен?!»
Анда Бакай кеп айтат,
Кеп айтканда бек айтат:
«Арстаным Манас барында,
Армандуу башым өлбөдүм.
Көр Көбөштөн бакан жеп,
Ушул болду көргөнүм.
Падышам Манас барында,

Бarкталып эмне өлбөдүм.
Карыган бул кезимде,
Кан болуп башым өксөдүм.
Жетилсе келер бекен — деп,
Жетимим сени көксөдүм.
Канча жыл тосуп жолуңду,
Кайгыга сөөгүм өрттөдүм.
Абыке угуп сүйүндү,
Көбөш угуп күйүндү.
Ат-тонун тартып Абыке,
Алдыма менин жүгүндү.
Абыке менен Көбөшкө,
Асты сырың ачпагын.
Балтыр этиң толо элек,
Балалык кылып шашпагын.
Абыке ишти жайлады,
Көбөштүн жаны калбады.
Карып калган абаңды,
Жыга чаап башын кандады.
Анда барып кеп айттым,
«Семетей келди» — деп айттым.
Көр Көбөштөн бакан жеп,
Абыкеден тон кийип,
Алдыңа балам мен кайттым».
«Айтканың аба туура — деп,
Акылың мага мура» — деп,
Аттанып Семең жөнөдү,
«Акыр да кылам буга» — деп.
Бакай менен Семетей,
Барган кезде коргонго.

Алдыга чыгып Абыке,
Баштап кирди ордого.
Аттан жөлөп алышты,
Астына килем салышты.
Кучакташып көрүштү,
Колдун учун өбүштү.
Семетейди көргөндө,
Көр Көбөштүн жүрөгү,
Чыгып кете жаздады.
Эскиси түшүп эсине,
Эзилип көзүн жаштады.
Кандыгы кетип башынан,
Кара жер болуп пастады.
Каныкейге кылганы,

Кан кылып жанын дарттады.
Акылдуу аяр Абыке,
Айлантып сөздү баштады:
«Айланайын, Семетей,
Аман-эсен келдиңби?
Аста жүрүп элиңди,
Армандап кайгы жедиңби.
Жарпыңды эми жаз, иним,
Көңүлүңдү ач, иним.
Кас санасак өзүңө,
Каныбызды чач, иним».
Өлдү деген Семетей,
Келип калып саламат.
Көбөш менен Абыке,
Көрүнө кылды жарамат.
Анда Семең кеп айтат:
«Абыке, Көбөш — деп айтат,
Хан атамдын ордосун
Кан талоон кылып чачканың,
Бешигимди талкалап,
Көкбөрү кылып тартканың,
Энекемди тентитип,
Эсепсиз кайгы салганың,
Эсимден кетпейт теги эле,
Энемди талап алганың.
Тууганмын десең өзүң бил,
Душманмын десең кошуун жый.
А болбосо Көбөштү,
Аңылдатпай өзүң тый.
Чабышар болсоң — чабышам,
Сайышар болсоң — сайышам.

Кылганыңар аз эмес,
Кыргынды катуу салышам».
Аны угуп Абыке,
Алдастап катуу жүгүндү.
«Кечиргиң» — деп, Семеңдин
Кучактап буту бүгүлдү:
«Айланайын, Семетей,
Айыбым болсо көрөйүн,
Алалык кылсам өзүңө
Акырет кетип өлөйүн.
Кара шуңкар баласы,
Карды тое жем жебейт.
Ханзаданын баласы,

Канчалык иши болсо да
Капа болуп кектебейт.
Ак шуңкардын баласы,
Ашепке* тое жем жебейт.
Асылзаада баласы,
Ар канча иши болсо да
Акылдан азып кектебейт.
Айланайын, Семетей,
Астыңа атым тартылуу,
Үстүңө тонум жабылуу.
Каарыңа алып көнбөсөң,
Кара башым алынуу.
Кылычыңды кандасаң,
Кырчын башым чабылуу.
Хан ордосун атаңдын,
Кайтарайын, Семетей.
Бар малыңды алдыңа,
Айдатайын, Семетей.
Сарайыңды ураган,
Жасатайын, Семетей.
Чарбагыңды кулаган,
Жайнатайын, Семетей.
Гүл багыңда булбулду,
Сайратайын, Семетей.
Асылдык кылсаң, кечерсиң
Асылдык кылбай сен койсоң,
Агаңдын башын кесерсиң.
Туйгундук кылсаң, кечерсиң
Туйгундук кылбай сен койсоң,
Тууганың башын кесерсиң».

Анда Семең мындай дейт:
«Куулук-шумдук кылбай — дейт,
Кулаган ордом салынсын,
Сарайым кайта жаңырсын!
Кыйраган чарбак гүл жайнап,
Талында күкүк чакырсын!
Таласка малым жайылсын,
Бөлүнүп айрым багылсын!
Айчыгы алтын кызыл туум,
Асмандата асылсын!
Аткарбасаң ушундай,
Абыке башың чабылсын!
Кара нээт Көбөштүн,
Карды төөдөй жарылсын!

Арамзада алакчы,
Жакыптын каны чачылсын!»
Анда Абыке кеп айтат:
«Арстаным, Семей,— деп айтат.
Айтканыңды кылдырам.
Көңүлүңдү тындырам.
Устанын барын жыйдырам,
Теректин барын кыйдырам.
Сарайыңды салдырам,
Көз уялып жаткыдай,
Көргөн элдин баарысы,
Даңазалап айткыдай.
Ата конуш журтуңа,
Айланам, иним, жанып кел!
Караканга калтырбай,
Каныкейди алып кел!»
Эки беткей Абыке,
Туугандыгын билгизди.
Семетей менен Бакайды,
Ак сарайга киргизди.
Алдына килем салдырды,
Дасторконун жайдырды.
Майга кошуп бал коюп,
Кара чайга кандырды.
Кемегесин ойдурду,
Бээ семизин сойдурду.
Казы, карта, учаны,
Казанга салып толтурду.
Бышырып этти тап менен,
Чаралап ага койдурду.
Куш тил кылып тууратып,

Туз менен жакшы чыктатып,
Бакай менен Семетей,
Балпылдатып алдырды.
Аш тамакты жеген соң,
Бал кымызга кандырды.
Жайлашып эми жатууга,
Абыке төшөк салдырды.
Бакай менен Семетей,
Баш коюп уйку талдырды.
Муну мындай коюңар,
Тайбуурулду Семетей,
Тапканынан угуңар.

www.bizdin.kg

Семетейдин Тайбуурулду табышы

Таң агарып атканда,
Тараза жылдыз батканда.
Камыштын башы шуудурап,
Кара каш торгой чурулдап.
Жан-жаныбар кыбырап,
Суунун бети чымырап.
Кырдан кийик кулдурап,
Ойдо кулун чуркурап,
Асмандагы жылдыздар,
Кыбыла көздөй зыркырап.
Аңтара түндүк тартылып,
Асмандап түтүн атылып.
Бакай менен Семетей,
Баш көтөрүп ойгонду,
Кийим-аягын кийишип,
Ордунан туруп козголду.
Ашыкпаган эрендер,
Аш-тамагын жай ичип.
Кара куурдак артынан,
Кымыз менен чай ичип.
Көөкөргө салган бал жешип,
Каймакка бышкан нан жешип.
Карындарын тойгузуп,
Казы-карта май жешип.
Ысыгынан кошпостон,
Муздагынан алдырган,

Кымыз менен аракка
Суусундарын кандырган.
Дасторконду жыйганда,
Абыке турду алдырап.
Семеңе кылып кызматты
Эки көзү жалдырап.
Айкөлдүн уулу Семетей,
Аттануута камданды.
Атадан калган мурасы,
Бар шайманы шайланды.
Аколпок менен Аккелте,
Ай далыга жайланды.
Айбалта менен албарсты,
Эки жанга байланды.

Булдурсун менен найзаны,
Эки колго кармады.
Айкөл келип калгандай,
Адамдын баары таңданды.
Көрө албаган кас душман,
Көзүн басып жалманды.
Жарактын баарын алган соң,
Жанына баарын аскан соң,
Абыке, Көбөш жыгылып,
Аягына жаткан соң.
Керүүдөн атты алдырып,
Үстүнө токум салдырып,
«Жылкыны барып көрөм» — деп
Айылдан чыкты бастырып.
Ат чабымдан узакка,
Ала баш жылкы жайылган.
Он эки катар тай чабым,
Жерге желе тартылган.
Жайы-кышы Кең-Колдо
Жайылып жылкы турчу экен.
Чекесинен субайды,
Жылкычы кармап минчү экен.
Манастын көзү барында
Семетейге арнаган,
Атты Бакай билчү экен.
«Семетей балам келгин — дейт,
Аралап жылкы киргин — дейт.
Арналуу атың Тайбуурул,
Он беш асый бул кезде,
Кармап аны мингин» — дейт.
Кыдыртып жипке тизилген,

Кырка кызыл шурудай
Өңкөй жылкы кызыл сур.
Каркылдап көккө тизилген,
Каркырадай, турнадай
Караса жылкы кара сур.
Жылкыны жыйып Семетей
Желеге карай айдады.
Чуулган түшүп кыргыздар,
Чогулушуп барганы.
Кызыл буурул бир жылкы,
Кыл тийгизбей желеге,
Аттап кетип калганы.
Акылман Бакай абакең,

Мыйыгында күлдү эми.
«Тайбуурул ушул экен» — деп,
Кыялында билди эми.
«Кубалабай жөн коюп,
Куржунду балам ачкын» — дейт.
Аккуланын боолугун,
Андан издеп тапкын» — дейт.
Аттан түшүп Семетей,
Ак куржунду ачыптыр.
Тоголоктоп түрүлгөн,
Боолукту булар жазыптыр.
Кайыңдан кылган укурук,
Карыга Семең алыптыр.
Атка минип Семетей,
Тайбуурулга барыптыр.
Укурукту, боолукту
Тайбуурулга салыптыр.
Октоло түшүп Тайбуурул,
Ордунда токтоп калыптыр.
Аккуланын ноктосун,
Алып Бакай чуркады.
Тааныгандай Тайбуурул,
Семетей менен Бакайды,
Сезгенбестен жыттады.
Алтын ooздук жүгөнгө,
Ачып оозун ыктады.
Алдыңкы кашы карк алтын,
Кийинки кашы чылк күмүш,
Эки каптал эн темир,
Эптеп кылган акканкы ээр,
Тайбуурулга чак каңкы ээр.
Жонуна мыктап токушту.

Семетейди колтуктап,
Мингизип ага коюшту.
Тайбуурул менен Семетей,
Табышкандай жарашты.
Аккула менен Манастай,
Аңырып эл караШты.
Буурулду минип зоңкоюп,
Сыр найза колдо койкоюп.
Арстан туулган Семетей,
Алп Манастай олчоюп.
Балтаны байлап белине,
Кылычты тагып жанына,

Аккелтени көзгө атар,
Асынып ай далыга.
Эр Семетей шаңданды,
Эли-журт көрүп жарданды.
Абыке, Көбөш корккондон,
Самандай өңү саргарды.
Буурулду тартып кекейтип,
Абыкени элейтип,
Күпүлдөгөн Көбөштүн,
Көрүнө көзүн челейтип.
«Айтамын сөзүм уккун — дейт,
Эсиңе экөөң туткун — дейт.
Акылман Бакай абакем,
Арада калыс киши бул.
Алактабай кебимди ук,
Абыке, Көбөш эки кул.
Атам Манас өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө,
Энемди жоодой чапканың,
Бакайды четке какканың,
Эсиңерде бар чыгар,
Эли-журт кантип унутаар?
Алма кезек дүнүйө,
Айланып эсеп кылгызаар.
Кайран энем Каныкей,
Каныңардан кечерби?
Эли-журт апуу кыларбы,
Эси жок эки эсерди?!
Хан абам Бакай сөзүнө,
Калайык кулак салгыла.
Хан атамдын ордуна,
Хан көтөрүп алгыла.
Энемди алып келгиче,

Эли-журт аман калгыла.
Абыке, Көбөш эми экөөң,
Какшатпай калкты баккыла.
Катылышкан жоо болсо,
Кан кылып тишин чаккыла!»
Анда Абыке кеп айтат:
«Айтканың болот — деп айтат.
Калыс болуп калкыңды,
Башкарамын — деп айтат.
Алышса душман сен үчүн,
Ат саламын — деп айтат.

Кызматың үчүн өзүңдүн,
Жан саламын — деп айтат.
Кан төгүшкөн касыңан,
Кан аламын» — деп айтат.
Аны угуп Бакай, Семетей,
Алыска сапар тартты эми.
Желпинген желге жекени,
Жекендүү көлдү басты эми.
Шаркыраган өркөчтөп,
Шабырлуу көлдөн ашты эми.
Ала-Көлдүн оюна,
Ак чокудан бек салган,
Алты кылым өткүнчө,
Турар бекен деп салган,
Арстан Манас баатырдын,
Күмбөзүнө шаңданган,
Жетип булар келгенде,
Аттан түшө калышты.
Ала келген жетектеп,
Ак боз бээни чалышты.
Арбагын сыйлап Манастын,
Ак күмбөзүн тайышты.
Бакай менен Семетей,
Кайтып атка минди эми.
«Кайыр кош!» —деп Манаска
Кара жолго кирди эми.
Андан ары барганда,
Атасы Манас жайлаган,
Сапырып сары кымызды,
Сан миң бээни байлаган.
Алтын мамы казыктуу,
Жерге жетип келди эми.
Желпинген гүлүн Семетей,
Жыттаймын деп эңди эми.

Анда Бакай кеп айтат:
«Семетей уккун — деп айтат.
Атаң Манас башында,
Абаң Бакай кашында,
Жайлап жүргөн жер эле.
Каз канаттап конуучу,
Ак калпак кыргыз эл эле.
Бай-жардысы билгисиз
Баары жогу тел эле.
Байлыкка толуп белинен,

Балырлап жаткан эл эле.
Кымызга бээни байлатып,
Эңишке эрди шайлатып,
Тамаша кылып жатуучу,
Көкбөрү тартып, ордо атып.
Эки жүз киши аттанса,
Эки жүз киши түшүүчү.
Жетиден саба кымызды,
Бир түшкөн киши ичичү.
Сары бээден ылгатып,
Сабасын кызыл ыштатып,
Атаң Манас ичичү,
Кымызын балга чайкатып.
Алымсынбай аларга,
Аракты кошо кайнатчу.
Кыдыракей олтуруп,
Сыр аяк менен айдатчу.
Кысырдан тандап союучу,
Бышырып этин коюучу.
Майга малкып, малмырап
Беш бармакка тоюучу.
Желекти сайып найзага,
Жез кернейин бакыртып,
Жеткилең тилмеч ажыга,
Жети ханды чакыртып.
Туш-туштан келип кошулуп,
Туу кайкыган жер ушул.
Айкөл Манас казатка,
Аттанып чыккан бел ушул.
Атаңды душман жеңген жок,
Алышып пенде эңген жок.
Өчүгүшкөн душманга,
Өнөгүн өмүр берген жок.
Арстан атаң Манастай,
Ааламга баатыр келген жок».

Баштан өткөн тарыхы,
Баяндап Бакай болду эми.
Бедерленген гүл жайнап,
Белге чыгып конду эми.
Эртең менен турушуп,
Аттарын токуп минди эми.
Агызып терин борбуйдан,
Ат аябай жүрдү эми.
Кайнарлуу кара булакка

Жетип булар келди эми.
Касиетин булактын,
Хан абаң айтып берди эми:
«Башында булак шар эле,
Ысык булак ал эле.
Жээгинде анын дүпүйгөн,
Чоң чынары бар эле.
Атаң ага сыйынчу,
Суусуна ысык киринчү.
Көлөкө болуп Манаска,
Ыргалып чынар ийилчү.
Атаң Манас өлгөндө,
Соолуп калган булагы.
Жалбырагы саргарып,
Куурап калган чынары.
Келгенде өзүң чунагым,
Агыптыр оргуп булагың.
Жалбырак жайып жайкалып,
Жашарыптыр чынарың».
Бакай менен Семетей,
Аттан түшүп барышты.
Сыйынышып чынарга,
Моюнга камчы салышты.
Караса кары чынарды,
Үч ача бүрдөп бөлүнгөн.
Экөө жашыл, бирөө куу,
Шыйкырдуу болуп көрүнгөн.
Ал аңгыча болбоду,
Ыргалып чынар козголду.
Шалдырап шамал тийгендей,
Жалбырактар оштонду.
«Тилекти балам берди» — деп,
Бакай абаң кош болду:
«Булагың оргуп агылды,
Чынарың жашыл жамынды.
Арбагы колдоп атаңдын,

Ачкыдай балам багыңды».
Чынарга карап үч ача,
Таңданып Семең сурады:
«Эки ачасы бүр байлап,
Бирөө эмне куурады?»
Анда Бакай муну айтат:
«Кап, балам, бекер сурадың.
Куураган ача сыры бар,

Көңүлгө салар убайым.
Айтсам сага ачыгын,
Экөө болот жолдошуң.
Бири адал дос болот,
Жаралайт бири, жолборсум.
Жүргүн, балам, кетели
Мында туруп нетели.
Карап жолуң саргарды,
Каныкейге жетели».
Бакай менен Семетей,
Аттанып жана жол жүрдү.
Каныкейге жетүүгө,
Ал аябай мол жүрдү.
Муну мындай таштайлы,
Чачыкейди Семетей,
Алганынан баштайлы.

Семетейдин Чачыкейди алышы

Ашуу ашып, суу кечип,
Ат аябай мол жүрүп,
Өргүбөстөн күнү-түн,
Отуз беш күн жол жүрүп.
Каракандын шаарына,
Келип калды жакындап.
Алчактатып Буурулду,
Айнектей түздө закымдап.
Эртелүү-кеч Каныкей,
Эрикпей күндү саноочу,
Карарып күүгүм болгуча,
Кадалып жолго кароочу.
Кайран Каныш келаткан,
Караанга көңүл бөлдү эми.
Семетей менен Бакайдын
Келатканын көрдү эми.
Эли-журтун чакырып,
Эшикке киши койду эми.
Кайран Каныш кастарлап,
Каршы алмак болду эми.
Бургуйлаган Семетей
Буурулдун чаңын бургутуп,
Алчактата бастырып,

Атынын башын чулгутуп.
Чагылгандын отундай,

Туяктан даңкан чачтырып.
Шаани менен шаңданып,
Шайбырлата бастырып,
Бакай менен Семетей,
Барганында жакындап,
Каракан эли аларды,
Каршы алды кадырлап.
Көтөрүп аттан алдырды,
Сар улагын таптырды.
Сууруп алып өпкөсүн
Садагасын чаптырды.
Ак боз бээни таптырды,
Канжарлап кардын жардырды.
Анын этин калтырбай,
Кескилеп итке салдырды.
Чоң куржунду ачтырды,
Табактарга салдырды.
Кызыл алтын, дилдени,
Баш үстүнөн чачтырды.
Кайырчы, карып, мискинди
Карк алтынга кандырды.
Бар кийимин Семеңдин,
Кедейлерге таркатты.
Ак сарайга киргизип,
Тайбуурулду байлатты.
«Кандай сонун жылкы» — деп,
Каракан элин таңдантты.
Килем салып алдына,
Дасторконун жайнатты.
Кант, мейиз төгүп дөдөлөп,
Кара чайын кайнатты.
Акылман туулган Каныкей,
Анан мындай кеп айтты:
«Акылман Бакай барсыңбы?
Аман-эсен, саксыңбы?
Саргарган көп сагынып,
Каныштты эске алдыңбы?!
Эсен-аман жүрдүңбү?
Эстеп мени келдиңби?!
Алдыңа барган балама,
Акыл-кеңеш бердиңби?
Баштап алып балаңды,

Хан Жакыпка бардыңбы?
Абыке менен Көбөштөн,
Абдан эсеп алдыңбы?

Аярлык кылып алдаса,
Алаңдап кайта жандыңбы?
Арстандан калган белегим,
Найзага сайган желегим.
Салкын болуп аптапта,
Саябан болор терегим.
Кайран жерди көрдүңбү?
Кагылайын, Семейим!
Атаң Манас өлгөндө,
Абаңдын көрдүм пайдасын.
Атаңдай аны сыйлагын
Ак батасы жалгасын.
Хан Жакыпка бардыңбы?
Калбаны ага салдыңбы?!
Атаңдан калган жабдыкты,
Алардан тартып алдыңбы?
Абыке менен Көбөшкө,
Алдатып же жандыңбы?
Падышам мүлкүн көрсөтчү,
Басайын санаа — кайгымды?!»
Анда Бакай кеп айтат:
«Канышым уккун! —деп айтат.
Жакыпты жакшы жайладым,
Жашында жерди майладым.
Абийрин төгүп айрандай,
Кара көзүн кандадым.
Балаңды Каныш баштадым,
Айла акылга маштадым.
Абыке менен Көбөштү,
Алдына жыгып таштадым».
Анда Семең кеп айтат:
«Энекем уккун — деп айтат.
Атамдан калган жабдыктын,
Алып келдим баарысын.
Кармап миндим Буурулдай,
Арнаган мага чалышын.
Атама барып сыйындым,
Аягына жыгылдым.
Абыке менен Көбөшкө
Ант — убада кылдырдым.
Ураган ордоң салынат,

Кулаган сарай жаңырат.
Кыйраган чарбак гүлдөнөт,
Мал, пулуң колго алынат.
Алтын такта, энеке,

Арман — муңуң арылат.
Каныбыздан кечсең — деп,
Абыке — Көбөш жалынат».
Каныкей анда кеп айтат:
«Семетей уккун! — деп айтат.
Айланайын, кулунум,
Агарып чачым курудум.
Абыке, Көбөш, Жакыптын,
Сен билбейсиң шумдугун.
Ботодой боздоп ыйладым,
Сен үчүн жаным кыйнадым.
Абыке, Көбөш, Жакыптын,
Көрбөдүм ырай кылганын.
Оймок болгон көзүмдү,
Өлтүрмөк болгон өзүңдү.
Ыраазы болбойм сүтүмө,
Албасаң менин сөзүмдү.
Көкөйдөн кеткис ыр кылган,
Көңүлдөн кеткис чыр кылган.
Ордомду чаап тентитип,
Сөөгүмөн кеткис сыр кылган.
Жашымды кантип эзейин,
Жалганда кантип кечейин.
Алардын канын кеч десең,
Акырет балам кетейин.
Көрө албаган өзүңдү,
Көзүн оюп тешейин.
Падышалык талашкан,
Башын алып кесейин.
Келберсиген бектердин,
Кесири болсо көрөйүн.
Аларды алдын өлтүрүп,
Анан кийин өлөйүн.
Алданып балам кетипсиң,
Арамдыгын элебей.
Аларга менде шапкат жок,
Аяп койчу кенедей».
Анда Семең кеп айтат:
«Айланам энем! — деп айтат.
Алдымда минген бууданым,

Абыке, Көбөш тууганым.
Тууганды өзүм өлтүрсөм,
Анда менин урганым.
Абыке, Көбөш ант бузса,
Анда карап турбагын.

Көбөштүн көзүн тешкениң,
Абыке башын кескениң.
Какбаш Жакып атамдын,
Кан кылып боорун эзгениң.
Арамдык ойго албаса,
Айтканым түгөл камдаса,
Кызматы менен энеке,
Кылмышын өткөн актаса,
Өлтүрсөң болбос өчөшкөн,
Өчтүгүн алар таштаса,
Эгерде андай болбосо,
Эсерлигин койбосо,
Антынан аттап туугандык,
Арамдык жолун жолдосо,
Канын ичкин энеке,
Кастыгын дагы ойлосо».
Каныкей угуп кош болду,
Жүрөгү күйүп чок болду.
Абыке, Көбөш, Жакыптан,
Кек алууга октолду.
Аңгычакты Каракан,
Кырк-элүү бээни сойдуруп,
Эли-журтун жыйдырып,
Этке-майга тойдуруп.
«Семетейдин тою — дейт,
Чачыкейдин ойну — дейт,
Отуз күн оюн, кырк күн той,
Өткөрүлмөк болду — дейт.
Элиме айтам датым — дейт,
Таяталык карзым,— дейт.
Үйлөп коюу жээнимди,
Ата ордуна акым — дейт.
Темиркан менен Шаатемир,
Экөө менин иним — дейт.
Башынан бери бар ишти,
Аксакал болуп билем — дейт.
Чачыкейди Манастын,
Уулуна мен берем — дейт.
Айкөлдөн калган туяктын,

Калың малын жебейм — дейт.
Үстүнө үй тигем — дейт,
Айдатып мал берем» — дейт.
Кара хандын айтканын,
Кабыл алды баарысы.
Тойго келди калбастан,

Жашы менен карысы.
Каныкей, Бакай кеңешти,
Акылга акыл теңешти.
Каракан берген кара олпок,
Түшүп берген боз жорго,
Тапшырууга келишти.
Каракандын алдына,
Кара олпокту койгону,
Тартуу кылды жоргону,
Олпок менен тулпарды,
Алып келип бергенге
Ага-ини хандар кубанды.
Куда, бажа болууга,
Каныкей атасынан сұранды.
Каныкей менен хан Бакай,
Чоң куржунду ачтырды.
Караканга калыңга,
Кырк миң алтын тапшырды.
Күнчүлүк алыс жолго айдап,
Тойго күлүк чаптырды.
Көк мейкинди чаңдатып,
Көкбөрү улак тарттырды.
Кердирип аркан ат чабым,
Кийитти арбын кийдирди.
Чачыкейге Шаатемир,
Ак өргөөсүн тиктирди.
Карасаң көзүң уялат,
Күн чагылып нурланат.
Ырчылар мактап ырдаган,
Желбоосу жез чынжырдан.
Алтын менен сырдаптыр,
Жибек менен чырмаптыр.
Жыгачын кызыл сырдаган,
Жибектеп чийин чырмаган.
Бастыргычы дейилда,
Төрт эли кундуз кармаган.
Төтөгөнүн этегин,
Камка менен жээктеген.

www.bizdin.kg

Керегесин көктөбөй,
Сары жез менен тээктеген.
Босогосу алтындан,
Күн чагылып жаркыган.
Түндүгү күмүш калайдан,
Көрүнөт көзгө далайдан.
Чачыкейдин жанына

Чак келип адам барбаган.
Семетейге берүүгө,
Каракан ичтен камдаган.
Алтымыш нарга жүктөтүп,
Сарамжалын шайлаган.
Кырк кенизек, кырк жигит,
Кул, күңдүккө арнаган.
Төрт миң беш жүз жылкыны,
Энчиге бөлүп айдаган.
Мына минтип Каракан,
Каныкей көөнүн жайлаган.
Колуна мылтык карматты,
Кошуундарын жандатты.
Бир жүз токсон кишиге,
Энчи малын айдатты.
Жол керегин даярлап,
Бүткөрүптүр, Каракан.
Алтымыш күндүк азыгын,
Төп бериптир, Каракан.
Келеңгер чачпак, кең соору,
Кош каркыра олоң чач.
Орто бойлуу, алма баш,
Кырдуу мурун, кыйгач каш,
Келбеттүү сулуу Каныкей,
Алтымыш нарды жетелеп,
Кетип барат Таласка,
Кең-Колдун жолун төтөлөп.
Буулумдан ичик кийгени,
Жыбылжып жорго мингени,
«Кош, аман бол, ата!» — деп,
Кара жолго кирди эми.
Манастын уулу эр Семең,
Бала жолборс эр немең.
Арстандын уулу эр Семең,
Кайгырбаган эр немең.
Бакайды ээрчип шалкылдап,
Кетип барат калкылдап.

Алдындагы Тайбуурул,
Арыш керип алкылдап.
Алтындан кылган сагасы,
Чагылып күнгө жалтылдап.
Абаң Бакай сакалы,
Ак күмүштөй жылтылдайт.
Астындагы боз жорго,
Аяр менен кылтылдайт.

Туягын жерге мылгытып,
Кулжадай башы кылтылдап.
Тумарын көккө ыргытып,
Кундуздай жүнү жылтылдап.
Астындагы боз жорго,
Арыш керип шалкылдап.
Абаң Бакай баратат,
Асаба колдо калкылдап.
Күндүз, түнү жол басып,
Ат аябай мол басып.
Отуз беш күн болгондо,
Кең-Колго келди бел ашып.
Аттан түшүп Манастын,
Күмбөзүнө сыйынды.
Топурагын кучактап,
Кайран Каныш жыгылды.
Бакай баштап баарысы,
Буркурап ыйлап тыйылды.
Ала келген жетелеп,
Ак боз бээни чалышты.
Арбагын сыйлап Манастын,
Ак күмбөзүн тайышты.
Аттанып андан жөнөдү,
Салдырган Манас коргонго.
«Киребиз» — деп, Семетей
Жаңыланган ордого.
Баатырдын сайган багына,
Төрт-Көлдүн төмөн жагына.
Жакындашып барганда,
Төрөңдүн салган тамына.
Көчтү көрүп көр Көбөш,
Көөлөтүп жерди каздырды.
Мылтык алып колуна,
Кара боюн жашырды.
Семетейди атууга,
Милтеге от жаткырды.

Аткан кезде Тайбуурул,
Жалт берип жанга жаздырды.
Үстүндөгү Семетей
Учуп кете жаздады.
Жаалы катуу Семеңдин,
Жаалысы жаман кармады.
Арам нээт Көбөштү,
Ач албарс менен жайлады.
Чаап таштап Көбөштү,

Чалбаркаган Семетей,

Ордого жетип барганы.

Чыйырды менен Каныкей,

Жабырап кебин салганы:

«Абдан тыңда, кулунум,

Абыке сени алдады.

Тукурбаса Абыке,

Көбөш сени атабы?

Боз ала топо, чаң болуп,

Орго Көбөш жатабы?

Бар акылды үйрөткөн,

Какбаш Жакып атасы.

Ойлоп көргүн Семетей,

Айткандын жок катасы.

Убактысын өткөрбөй,

Абыкеге баргының.

Ага кошуп какбаштын,

Башын кесип салгының!»

Семетей анда кеп айтат,

www.bizdin.kg

«Энекелер!» — деп айтат.

Эрен туулган эр неме,

Энесине жеме айтат:

«Чоң атам Жакып карыптыр,

Акылынан тайыптыр.
Узак өмүр көрө албайт,
Араң жаны калыптыр.
Айтканын актап Абыке,
Сарайды мыктап салыптыр,
Качан келет иним — деп,
Мени күтүп калыптыр.
Атам менен аталаш,
Атышып калсам душманга,
Аркамда турат караандаш.
Жаманы кастык кылды — деп,
Жакшысына тийбеймин.
Арбагын сыйлайм атамдын,
Айланайын энелер,
Айтканыңа кирбеймин».
Алар антип жатканда,
Сары абаң келди калдаңдап,
Ашып-шашып далдаңдап.
Сүйлөй албай энтигип,
Таноолору барбаңдап:
«Ой, Семетей, карагым,
Карагым мени карагын!

Атаң Жакып айлына,
Аңдоочулап барганым.
Барганыма жараша,
Байкап кебин аңдадым.
Угуп турду кулагым,
Кулак түрчү чунагым.
Мен барсам Жакып үйүндө,
Абыкеге кеп айтты:
«Семетейди Көбөшүм,
Атып келет — деп айтты.
Канын ичип тынайын,
Кара мүртөс туулган,
Семетейдин кеги артты.
Каныкей, Бакай, Чыйырды
Калтырбастан бирин да,

www.bizdin.kg

Кардын жаргын — деп айтты,
Бир айтпастан көп айтты.
Тыңшап туруп Абыке,
Тири шумдук нээни айтты:
«Кам болбой, ата, жата бер,
Айласын анын табамын.
Абалтан курган тузак бар,
Абыкедей балаңдын,
Алдап жүрүп жетимдин,
Башына дүмөк саламын».
Деп, ошентип Абыке
Арамдыгын билгизди.
Адалдык көөнү канаке,
Агартпайт окшойт сиз, бизди».
Семетей угуп арданды,
Ачуусу келип каарданды.
Оңдоп оозун ачкынча,
Оюнда кебин айткынча,
Чыйырды ыйлап чыркырап,
Каныкей ыйлап буркурап.
Бакай менен Сары таз,
Кошо ыйлап чуркурап:
«Уктуңбу, Семең, нээ дейсиң?
Канча айтсак сөзгө кирбейсиң.
Абыке, Жакып кастыгын,
Алигиче билбейсиң.
Бейкуттук кылсаң сен мындай,
Кара көздү оет бейм.
Кан какшатып бир күнү,
Териң тетир соет бейм.

Алдап сага кас кылып,
Аркаңда биздей шордууну,
Темселетип коет бейм.»
Эр Семетей турбады,
Эзелки жини кармады.
Алдаганын Абыке,
Эми эсине алганы.
Жакыптын үйүн бет алып,
Кара чаар жолборстой,
Чамынып жөнөп калганы.
Абаң Бакай, Сарытаз,
Артынан бирге барганы.
Эшикке жетип Семетей,
Аттан түшө калганы.

www.bizdin.kg

Абыке чыкты аңгыча,
Шамшары колдо кармалуу.
Ошондо Семең ойлоду,
«Эки энем, Бакай айткан кеп,
Сарытаз айтып жаткан кеп.
Жалганы жок чынбы — деп.
Жалган болсо айткан кеп,
Абыке менин алдыман,
Шамшар алып чыкбас» — деп.
Ачуусу менен Семетей,
Ачалбарс колго алганы,
Абыке ооз ачкыча,
Айлантып чаап калганы.
Сарытазга Бакай хан,
Жакып жакты көрсөтүп,
Көзүн шилтеп салганы.
Калдастаган Сарытаз,
Какжаңдаган Жакыптын,
Башын кесип алганы.
Мына ошентип берендер,
Абыкени аймады.
Жакып канды жайлады.
Каршылашкан шумдардын,
Канына балта майлады.
Каныкейдин ичинде,
Калбады эми арманы.
Көбөштү көргө киргизди,
Көкжалдыгын билгизди.
«Элдин кегин алды» — деп,
Семетейге ат калды.
Айтылып журтта жат калды.

## Кырк чоронун кырылышы

Семетей келип Букардан,
Кас душманын жексендеп,
Коргонун кайра салдырып,
Ордосун тигип белендеп.
Кырк чоросу атамдын
Жаткан эле келер деп.
Кырктын башы Кыргылчал,
Кырк чорого кеп айтат:
«Атасы менен агасын,

Семетей сойду — деп айтат,
Бизге кылбайт жакшылык,
Качалы» — деп бек айтат.
Кечөө Манас өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө.
Абыке, Көбөш, хан Жакып,
Хан Манастын мал-мүлкүн,
Камчыга ченеп бөлгөндө.
Кырк чоро барбай калбадың,
Каныкей көзүн кандадың.
Чабуул салып ордого,
Чарбагын тепсеп чаңдадың.
Сарайын бузуп чакkансың,
Каныкейди чапкансың.
Семетейдин бешигин,
Көкбөрү кылып тарткансың.
Бакайды четке какkансың,

Башын айра чапкансың.
Семетейди атканда,
Милтеге отту чакkансың.
Кызыл көз Бакай ой ойлойт,
Кырк чоро сени жөн койбойт.
Башыңда эми чоролор,
Кылыч менен камчы ойнойт.
Бекер жүрбөй куу сакал,
Күн эсептеп, ай санап,
Көрдүңөр эле жатканын.
Букардан келсе Семетей,
Жолунан тосуп тапканын.
Ээрчитип алып далбактап,
Элди аралап чапканын.
Алып келип баланы,
Абыке, Көбөш, Жакыптын,
Амалын антип тапканын.
Уу берди сага Жакып — деп,
Бузуп сөздү айтканын.
Үйрөтүп акыл балага,
Жая салып, жай айтып.
Абыке, Көбөш аларга,
Жоо куралын кийгени.
Тайбуурул кармап мингени.
Бурулбастан Сарытаз,
Букарга чейин киргени.
Баарысы Бакай акылы,

Семетей аны билеби?!
Караканга кайындап,
Чачыкей алып келгенин,
Каныкейге үйрөтүп,
Билбемиш болуп Бакайың,
Абыке, Көбөш, Жакыпты
Жалмап-жутуп ийгенин.
Бул олтурган кырк чоро,
Эчтемени билбейсиң.
Баш көтөрдү кулак сал,
Баарың көргө киресиң.
Айлыңды Жакып таласа,
Кошо келген чоролор,
Аз келгенсип анысы,
Койду — деп сага жолобой.
Жакшылык сага кылбайт — деп,
Бузуп айтат ошондой.
Куйткулап жүрүп Бакайың,

Түбүңө жетет тим койбой.
Долу катын Каныкей,
Жок жерден жабат жалааны.
Жоготбосоң чорону,
Мени жогот, балам — деп,
Чыйырды салат калбаны.
Өчөшкөн болуп аларга,
Семетей кырып салбайбы?
Барыңдын ишиң бүткөн соң,
Байпак сакал Бакайың,
Эми тындым дебейби?
Семетейден өлсөңөр,
Силерди бирөө тергейби?
Чоң атасы Жакыпка,
Абыке, Көбөш агага,
Моюбаган Семетей,
Моюшабы силерге.
Кара мүртөз балага,
Каныкей, Бакай үйрөтүп,
Өлтүртүп коет жөн эле.
Көптөп акыл табалы,
Көрүнүп турган бул ишке.
Кабылан Манас барында,
Кайраттуу болдуң баарыңар.
Абыке, Көбөш тушунда,
Билгини колго алдыңар.

Бүгүн билги Бакайда,
Балакетке калдыңар.
Кызыл көз болгон Бакайдын,
Ичи заар болучу.
Туйгузбай айтып, жылмайып
Сөзү заар болучу.
Какжаңдаган Каныкей,
Өзү заар болучу.
Жетилгенде Семетей,
Ач жолборстой жойлойт, бу.
Баарыбызды чогултуп,
Түбүндө аман койбойт, бу.
Абыке, Көбөш, Жакыпка,
Алдап туруп жасатып.
Ичин кызыл сырдатып,
Тышын аппак бордотуп.
Жаңыртып алып сарайын,
Кара мүртөз Семетей,
Кан кылып берди сазайын.

Чыбыт, Кочкор экөөңөр,
Адыбай, Көлбай төртөөңөр,
Кырк чоро сенин баарыңды,
Чакыртып келдим бул жерге,
Кеңеш, кебим салууга.
Тоёбу адам өмүргө,
Кыябы өзүн өлүмгө?
Каныкей, Бакай, Чыйырды,
Бизге жапчу жалааны,
Түйүп койду көңүлгө.
Астында сиздер кетсеңер,
Кутулар жерге жетсеңер.
Мен барамын артыңдан,
Башка жакка кетели,
Мында туруп нетели.
Короодон чыгып кулжуңдап,
Койгулашсак балага.
Өлтүрүп таштап Семетей,
Көмдүрбөй таштайт талаага.
Чогулушсак бир жерге,
Кайта келип көрөбүз
Жеткирсе бизди санаага.
Туруп берсек кулуюп,
Кулакты кесет мулуйтуп.
Боорду жарып өт алат,

Көрүнө чукуп көздү алат.
Жоруга жоток талатат,
Тарпыңды жолго ташташат.
Бакай менен Каныкей,
Жилигиңди чактырат.
Жиңкиниңди катырат.
Арканга байлап астырат,
Азабыңды тарттырат.
Каныкей өзү жакыр күң,
Күн бербейт бизге катыгүн.
Чымырканган Чыйырды
Чырды таап жок жерден,
Айттырып алат сырыңды.
Күндө бирден жоготуп,
Күрпүлдөгөн Семетей,
Таап турат ыгыңды.
Көп жашаган карың бар,
Жаңы өспүрүм жашың бар,
Калбайт тирүү жаныңар,
Тилимди алсаң баарыңар,

Качып жолго салыңар!
Семетей барса аркаңдан,
Жөөт кебин салуучу.
Жайкап айтып баруучу,
Буулум тонун жабуучу,
Буурул атын тартуучу,
Бийлик сенде болсун — деп,
Бирден-бирден айтуучу.
Кошо келсең Таласка,
Билмексен болуп жатуучу.
Каныкей, Бакай, Чыйырды,
Кар жилигиң чагуучу.
Кошулбасаң бул сөзгө,
Козголуп чыксаң Таластан
Алдап айтса сүйүнүп,
Өлтүрөм десе күйүнүп,
Таласка кайта келбегин.
Иритип ишти кокустан,
Ичтеги сырды бербегин».
Кыргылчал кебин укканы,
Эшикке баары чыкканы.
Төрт-бештен болуп кужулдап,
Бузуктун кебин жактады.
Удургушуп булуттай,

www.bizdin.kg

Жүрөр жолун таппады.
«Биз ушинтип калдык» — деп,
Же бирөөгө айтпады.
Балакеттер чогулуп,
Шайтандын изин басканы.
Кечке чейин камынып,
Туйгузбастан көп элге,
Түндө жолго салганы.
Бирден тулпар байлалуу,
Манастан бери карата,
Баарысы тегиз камдалуу.
Жембаштыгы манаттан,
Урушка минчү аттарын,
Кындырдай кылып жадаткан.
Кыргылчал баштап кырк чоро.
Калбай качты Таластан.
Качкан менен иши жок,
«Кырк чоро мында келбейт» — деп,
Семетейдин ичи от.
Кабар болду аңгыча,
«Качыптыр» — деп, кырк чоро.

Адам да жок, мал да жок,
Калыптыр куру кырк короо.
Кабар алып чабуулдап,
Ат изин көрүп бел жактан.
Ачуусу келип Семетей
Жоо жарагын шайланып,
Кууп жөнөдү арт жактан.
Астындагы Буурулдун,
Борбуйдан тери куюлду.
Кырк чоронун канына,
Кочкор ата жуурулду.
Жете барып эр Семең
Бала жолборс эр немең.
«Топ экен» — деп, жазганбай
Тосуп чыкты көлдөлөң.
Атасы башка душмандай,
Одураңдап кетпеди.
Атасы Манас бир жүргөн,
Оорукта жатчу бектерди,
Урмат кылып Семетей
Кеп айтууга беттеди:
«Айланайын, агалар,
Артыңан келди балаңар.

www.bizdin.kg

Кай тарапка бет алып,
Кайгуулдап жөнөп калдыңар?
Кармашаар бизге жоо барбы?
Кечөө эле келдим Кең-Колго,
Көөнүңөр менден нээ калды?!
Карк этип катуу айттымбы?
Жазыксыз камчы чаптымбы?
Айыбым болсо айткыла!
Силерге кылмыш тактымбы?!
Өлгөндөр эчак өлүптүр,
Өрнөгүн эли көрүптүр.
Өлгөндөн калган балдарды,
Түп көтөрө алыпсың.
Ата журттан жүз үйрүп,
Аттанып жөнөп калыпсың.
Абыке, Көбөш, Жакыпты,
Ачалбарс менен сойгондо,
Эскимди алып эсиме,
Кегимди кууп ошондо,
Көөнүм башка болгондо.
Атамды көргөн кырк чоро,
Бүтүшөт элем ишиңер.

Калбайт эле силерден,
Бирде бир тирүү кишиңер.
Өткөнгө көңүл бурбадым,
Эски кегим куубадым.
Атама өткөн кадырың,
Артыңан келип турганым.
Куйругум келте коноорго,
Чалгыным кетик учаарга.
Качып кетип, агалар,
Кылбагын табаа душманга!
Адыбай, Көлбай экөөңдү,
«Иш билги» — деп, уккамын.
Чыйбыт, Кочкор төртөөңдү,
«Кеп угат» — деп, чыккамын.
Буулумду жабам, агалар,
Буурулду тартам, абалар!
Таштабай жалгыз иниңди,
Таласка баарың жаныңар,
Баш болсун Кыргыл чалыңар,
Чачылбасын малыңар!
Суубасын ысык жайыңар,
Оордуңарды табыңар!

Каныкей менен Бакайга,
Салам айтып барыңар!»
Буулумду берсе кийбестен,
Буурулду тартса минбестен,
Кыргылчал менен кырк чоро,
Кылайып сөзгө кирбестен.
Кеңеш кебин салышты,
Кедери тартып калышты.
«Алпарган менен Семетей,
Бакай менен Каныкей,
Чаары турат сөзүндө,
Чалгыны турат көзүндө.
Айдап барып Семетей,
Бириндетип кырбайбы.
Бакай менен Каныкей,
Билген ишин кылбайбы?
Жалгыз бирден өлгүнчө,
Чогуубуз менен өлөлү!
Бирге болдук төбөдө,
Эми чуңкурду бирге көрөлү!
Кан Коңурга жетели,
Аралашып кетели!»
Кеңеш кебин бүтүрүп.

Кырктын башы Кыргылчал,
Семетейге дегени:
«Атаңа чоро болсок да,
Сага чоро болбойбуз.
Акылчың Бакай, Каныкей
Ага чоро болбойбуз.
Кеткенибиз — кеткен ук,
Көз каранды болбойбуз!»
«Кыргыл чал ырас айтат» — деп,
Адыбай тетир кумтунуп.
Эки бети тултуюп,
Сакалы жок мултуюп:
«Атыңды тартып, тонуң жаап,
Торгодуң жолду ченебей.
Арамзада өсүпсүң,
Ак жериң жок кенедей.
Бакайдын оозун караса,
Кыргылчалга ал уят.
Семетей сенин кызматың,
Кылып жүрсөм маа уят».
Анда Семең кеп айтат:

www.bizdin.kg

«Бийликти бердим — деп айтат.
Андай болсо агалар,
Айлыңарга барыңар!
Бакай менен тетелеш,
Бийликти колго алыңар!
Башыңарда тажыңар,
Алдыңарда тагыңар,
Атам Манас барындай,
Салтанат, сайран салыңар!»
Анда Көлбай кеп айтат:
«Айтканың жалган — деп айтат.
Абыке менен Көбөштүн,
Агызып канын жайладың.
Уу берди — деп Жакыпты,
Улутуп каран аймадың.
Атаң менен агаңа,
Аны кылган Семетей,
Аман-эсен биздерди,
Коесуңбу сен жебей?
Коңурбайга барабыз,
Кошулуп ага калабыз.
Өлбөй тирүү турганда,
Өнөктү сенден алабыз!»
Аны угуп Семеңдин,

Жайылы катуу кармады.
«Кайткыла кайра Таласка!» —
Деп айкырып каарланды.
Кылчайбастан кырк чоро,
Кылычын алып тигилди.
Чыккынчы жолбун иттердин,
Душмандыгы билинди.
Аны көрүп Семетей,
Ач албарсты алганы.
Кырк чорону качырып,
Кызыл канга майлады.
Качканын улам артынан,
Кубалап жүрүп жайлады.
Кырылган чоро аттарын,
Кайтарып элге айдады.
Эрте кетип, кеч келди,
Элден безген иттердин
Эдебин берип тез келди.
Боз белден киши алдырды,
Арнап күмбөз салдырды.

Санаты турбас немеге,
«Кырк чоронун бейит» — деп,
Айтылып тамсил ат калды.
«Кырк чоро өлгөн жери» — деп,
Кең Кочкордо ат калды.
Гүлчоро менен Канчоро
Эки бала жаш калды.
Сегиздерде жашы бар
Карап көрсө балдары.
Куржунга салып теңденип,
Семетей артка жанганы.
Кепке көңүл буруңуз,
Гүлчоро менен Канчоро,
Аңгемесин угуңуз.

## Гүлчоро менен Канчоронун аңгемеси

Манастын уулу Семетей

Башында суусар тебетей.

Кырк чорону кыргындап,

Кас-достугун элебей,

Кырк чоронун көчүнөн

Эки бала таап келди.

Эки атка мингизип,

Каныкейге алып келди.

Балдарды көрүп Каныкей,

Семетейге кеп айтат,

«Жакшы иш кылдың балам» — деп,

Жаратып Каныш муну айтат:

«Биринин аты Гүлчоро,

Биринин аты Канчоро.

Балдарды багып чоңойткон,

Камбар, Күлдүр, Байчоро.

Гүлчоронун атасы,

Хан Алмамбет султаны.

Канчоронун атасы,

Акбалта хандын Чубагы.

Эки бала эки эрдин,

Артында калган туягы.

Жалганга алар жарытып,

Жагып кеткен чырагы.

Эс-күчкө толгон чагы бар,
Эки бала сыягы.
Эш болуп балам өзүңө,
Ээрчип басар убагы.
Казатка атаң барганда,
Кандуу кыргын салганда,
Эсенкан менен Айжаңжүн,
Кыздарын олжо алганда,
Тартуу кылган кыздарды,
Алмамбет, Чубак зардалга.
Бээжинди алган берендер

Кытайды жеңген эрендер.
Алмамбет менен Чубактын,

Тоюн тойлоп жеңгендер.
Даңазалап айтышкан,

Кайтып келген кербендер.

Үзүктөй калпак эр Шууту,

Найза кармап жол баштап,

Олжо артып нарларга

Беш жүз киши кол баштап.

www.bizdin.kg

Кең Таластын башына,

Чүйдүн жумшак сазына.

Келип түшкөн ошондо,

Алтынга толуп казына.

Алмамбет, Чубак аялы,

Айына жеткен кезинде.

Чоң казатка баргандар,

Учураган кесирге.

Эки аял төрөр маалында,

Өзүм колго алгамын.

Өз колумда төрөтүп

Өзүм эмчек салгамын.

Алмамбеттин аялы,

Аш кайнам тууду алдыда.

Эр Чубактын аялы,

Аш кайнам тууду артында.

Алдыңкы ага, арткы ини,
Ак калпак кыргыз наркында.
Гүлчоро эмген эмчектен,
Аппак сүтүм чууруган.
Канчоро эмген эмчектен,
Тамчылап каным куюлган.
Аксакалга айтпадым,
«Ат коюп бер» — деп, баспадым.
Өзүм билип баарысын,

Өзүм койгом аттарын.
Бирөөнүн атын «Гүл» — дедим,
Бирөөнүн атын «Кан» дедим.
Эмчектен чыккан сүт, канга,
Жараша атын тергедим.

Күлдүргө бердим «Гүл» уулду.
Камбарга бердим «Кан» уулду.
Анткени балдар энеси,
Төрөттөн кетип көз жумду».
Семетей анда кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
«Атамдан калган кырк чоро,
Азгындап ата жеринен,
Каза тапты колуман,
Качып тууган элинен.
Жолдош кылып алайын,
Эки жетим чунактык
Карап көрсөм бой тартып,
Караан болор убакты.
Эр сайышка маш кылып,
Үйрөтөйүн өнөрдү.
Басычудай көрүнөт,
Кырк чородой дөөлөрдү.
Кең көкүрөк, сом далы
Туткандын чыгар далдалы.
Ээрчисе экөө чоңоюп,
Семеңдин жоктур арманы».
Каныкей анда кеп айтат,
«Байкагын балам — деп айтат.
Көрө турган өзүңө,
Гүлчородон упаа бар!
Келе турган өзүңө,
Канчородон жапаа бар!»
Семетей анда кеп айтат,
«Чочуба эне — деп айтат.
Карындакы баланын,
Хан болорун ким билет?
Бешиктеки баланын,
Бек болорун ким билет?
Жаш балада нээ жазык,
Жазыксыз камчы чаппасам.
Ичке тартып инимдей,
Жатсам, турсам баптасам.
Мага жолдош болбойбу,
Асырап жакшы сактасам.

Кайран берен Семетей,
Үй тиктирип талаага
Той берем деп жар салды,
Эки жетим балага.

Тойго келген элдерден,
Кең-Колдун жолу чаңдады.
Гүлчоро менен Канчоро,
«Иним» — деп, Семең атады.
Сыр коргондун оозуна,
Жанаша үйдү кондурду.
Сексен бээни ылгатып,
Келген элге сойдурду.
Эки жетим балага,
Тон жакшысын кийгизди.
Колуна найза карматып,
Ат жакшысын мингизди.
Семетей элге муңу айтат,
Агартып тишин кылайтат:
«Гүлчоро менен Канчоро,
Эки шерден туулган.
Жеңип чыкса кимиси,
Найза саюу оюндан,
Мөрөй берем байгеге,
Аккоендой сулуудан.»
Аны угуп Чынкожо,
Ачуусу келип арданды.
«Карындашын бербейм» — деп,
Айта албай оозун карманды.
Актелки минип Канчоро,
Сайышка түштү беттешип,
Эки түгөй эр чоро.
Найзаларын кагышып,
Кечке чейин сайышып.
Эрдигине балдардын,
Эли-журт таң калышты.
Күч ортосун чектешти,
Канча кайта беттешти.
Жеңише албай бир-бирин,
Эки бала тердешти.
Күн кеч кирип күүгүмдөп,
Семетей чыдай албады.
«Болду, балдар болду» — деп,
Чылбырынан кармады.
Ак ордого алпарып,
«Сөзүмө кулак сал» — деди.

Кичүүрөгүң жол коюп,
Улуурагың ал» — деди.
Канчоро туруп мындай дейт:

www.bizdin.kg

«Кадимтен кыргыз салты экен.
Агага ини жол берүү,
Атадан калган нарк экен.
Аш кайнам алда туулган,
Агалык жолу бар экен.
Аккоенду Гүлчоро,
Алуу жолу ак экен.
Талашып эмне кылам дейт,
Тетири кеткен бак экен!»
«Канчоро кеби ырас» — деп,
Калкы кабыл алыптыр.
Аны угуп Семетей,
Айгине кабар салыптыр:
«Алмамбет уулу Гүлчоро,
Анык хандын тукуму.
Берсин буга Чынкожо,
Аккоендой сулууну!»
Аны угуп Чынкожо,
Ачуу менен элебей:
«Семетейдин кулу жок,
Чорого кыз бергидей!
Абыке менен Көбөштөй,
Көрбөсүн мени Семетей!
Кандайча кордук кылганы,
Хан башыма ченебей!»
Аны угуп Семетей:
«Эки чоро кел! — деди.
Арага киши мен салсам,
Чынкожо кызды бербеди.
Аккоенду ал жетсе,
Акырын уурдап эң!» — деди.
Гүлчоро анда кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
«Аккоенду өлбөсөм,
Алып келем» — деп айтат.
Гүлчоро менен Аккоен,
Бирге окуган башында.
Жалындашып, күйүшүп,
Ашык болгон жашында.
Жүргөндө ойноп Аккоен,
Он беш кыз менен шалкылдап,
Гүлчоро менен Канчоро

Кыздарга келди жакындап.
Калыйча деген бар экен,

Кара жаак жан экен.
Канчоро менен экөөнүн
Ашыктык жайы бар экен.
Гүлчоро келип кеп баштайт:
«Аккоен, уккун,— деп баштайт.
Абакебиз Семетей,
Аккоен кызды берсин» — деп,
Арага элчи жиберди.
«Чорого кызым бербейм» — деп,
Чынкожо мени тилдеди.
Атаңдын айткан сөзүнө,
Абакем көөнү кирдеди.
«Ашык болсоң чын эле,
Алып кел, барып сен — деди.
Гүлчоро сенин алдыңа,
Күйгөндүктөн келгени.»
Аны угуп Калыйча,
Алып учуп желдеди:
«Кыз туулганда энеден,
Күйөөгө тиер шарт экен.
Кыз качырып, баш алмак,
Кыргызда бар нарк экен.
Жаманатты иш эмес,
Мурункунун салты экен.
Көңүлү сүйсө бир-бирин,
Көрүнө ээрчип барчу экен.
Гүлчоро келсе сени — деп,
Канчоро келсе мени — деп,
Калбасын көөнү биздерден,
Экөө бирдей кайгы жеп.
Эрен Семең жиберсе,
Ээрчишип биз баралы!
Ашыктыктын анты үчүн,
Айрылып кантип калалы?!
Хан Семетей доорунда, •
Салтанат той салалы!»
Ашык жаштар ушинтип,
Антка белин байлады.
Эр Семетей баатырдын,
Ордосуна барганы.
Отуз күн оюн, кырк күн той,
Эр Семетей салганы.
Аны угуп Чынкожо,

Карарып каны кайнады:
«Семетейдин мага бул,
Кандайча чоңдук кылганы.
Чоросуна азгыртып,
Алып качып кыздарды.
Атадан калган салт кана?
Ак бата, кызыл кан кана?
Алдыма коер зар кана?
Калыңга берер мал кана?
Жакшылык жакка ыктайлы,
Каада-салттан чыкпайлы!
Той-чачылоо түшүрүп,
Анан тоюн кылбайбы?!
Эл укса муну жаманат.
Бир жылы кылсын уруксат.
Берейин кызды күтүнүп,
Той болсун анан салтанат!»
Семетей анда муну айтат,
Агартып тишин кылайтат:
«Кебинде турса Чынкожо,
Ата салты сакталсын!
Аккоендон аяр жок,
Толтуруп алтын, зар алсын!
Төө баштаган тогуздап,
Тойгуча калың мал алсын!
Кытмырлык кылам деп кокус,
Кыйыгыма калбасын!»
Айла менен Чынкожо,
Алып кетти кыздарды.
Канчоро менен Гүлчоро,
Кайгырып кыйын сыздады.
Муну мындай таштайлы,
Чынкожо, Толтой Акунга,
Кол салганын баштайлы.

## Чынкожо менен Толтойдун акун ханга кол салышы

Жабуусун сүйрөп кыш кетип

Жаз келди күлүп жаркылдап.
Калың ногой дүркүрөп,
Жайлоого көчтү салкындап.
Көчүп жатса жалпы журт,

Чынкожо көчпөй калыптыр.
Ойлогону арамдык,
Баруучу жери аныктыр.
Айткан сөзгө турбастан,
Айгырын бычып ат кылып.
Жортуулга жүрчү немедей,
Жол керегин так кылып.
Көөнүнө бүгүп жамандык,
Күн батышка бет алып.
Чегин чектеп тымызын,
Жети-Сууга чет алып.
Жыл он эки ай болгондо,
Бөлүнүп элден конду эми.
Жедигердин Толтойго,
Жетип айыл болду эми:
«Качканым үчүн алыска,
Хан Семетей жөн жатпайт.
Аккоенду албастан,
Аягы анын сай таппайт.
Артыман келсе кубалап,
Ага найза саюуга,

Кезеги келсе ыгын таап,
Кегимди андан алууга.
Камынайын эми мен,
Канкорго туздай татууга.
Карындашым Аккоен
Аялдан чыккан сулуудан.
Тартуу кылып, кол сурап,
Алайын аскер ушундан».
Муну ойлонуп Чынкожо,
Эр Толтойго барыптыр.
«Аккоенду берем» — деп,
Айтып кабар салыптыр.
Кыз кабарын укканда,
Кызыган Толтой турбады.
Алып учуп жүрөгү,
Азоо аттай туйлады.
Короосу менен кой айдап,
Кошунун Толтой жыйды эми.
Үйрү менен жылкы айдап,
Өрүлүк, өтмөк кылды эми:
«Аккоенду берем — деп,
Жиберипсиң кишиңди.
Мага айыл болом — деп,

www.bizdin.kg

Билип кылдың ишиңди.
Бар го сенин бир кектүүң,
Күйгүзгөн башта ичиңди.
Алыстан келдиң айлыма
Ат мингени келдиңби?
Жакын коңшу сен болуп,
Тон кийгени келдиңби?
Ат мингени сен келсең,
Кара ала атым тартылуу.
Тон кийгени келсең сен,
Алтын тонум жабылуу.
Төрт канаттуу Карала ат,
Учуп чыгат асманга.
Төбөсүнөн атасың,
Төгүп огуң душманга».
Аны угуп Чынкожо,
Эр Толтойго муну айтат
Көлдөй төгүп, көз жашын
Көңүлдөгү муңду айтат:
«Ат мингени келбедим,
Ат күлүгү өзүмдө.
Тон кийгени келбедим,

Тон асылы төрүмдө.
Манастын уулу Семетей,
Манайымды пас кылды.
Карындашым Коенду,
«Чоромо бер» — деп айттырды.
Бербеймин десем төрүмөн
Чорого ала качтырды.
Кайгы толуп ичиме,
Чыдабадым ишине.
Тууганчылап паана издеп,
Көчүп келдим ичиңе»
Жедигердин Толтою
Нары ойлонуп толгонуп,
Алуу үчүн көөнүндө
Аккоенду ойлонуп.
Мына мындай сүйлөдү,
Ордунан туруп козголуп:
«Семетейден кек алсаң,
Акун ханда кайны бар.
Ала турган ошонун,
Айчүрөк деген зайбы бар.
Атасы Манас зар берип,

Кудалашкан жайы бар.
Кошуунду баштап барабыз,
Акун хан шаарын чабабыз.
Айдай болгон Чүрөктү,
Ашкере тартып алабыз.
Ал Семетей чунакка,
Артыкча кордук салабыз.
Эртең менен болгондо,
Элимдин баарын жыйнайын.
Акун хандын көөнүнөн,
Чыккыс жомок кылайын!
Калкыма кабар салайын,
Калың кошуун алайын.
Тар көчөгө салайын,
Тамашага канайын.
Ылгап элден алайын,
Найза саяр мыктууну.
Балта, мылтык, кылычка
Башынан адис ыктууну».
Чынкожо, Толтой ошентип,
Таң ата элди жыйдырды.
Калкты камап мал өңдүү,
Тар көчөгө сийдирди.

Кылыч чабаар кылдатты,
Найза саяр мыктууну,
Мылтык атар мергенди,
Айбалтага ыктууну,
Абдан байкап алды эми.
Атын катка салды эми,
Күн эсебин алды эми.
Күнүн катка салды эми,
Ай эсебин алды эми,
Айын катка салды, эми.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Аккоенду тартуулап,
Он эки миң кол алып,
Эр Толтойдон ал сурап,
Акун хандын шаарына,
Аттанып чабуул салууга.
Эр Семетей алуучу
Айчүрөктү алууга,
Байлап белди камынды,
Бастырып туура баруунга.
Анда Толтой кеп айтат:

www.bizdin.kg

«Элебей кылган доо жаман,
Чынкожо уккун — деп айтат,
Эңдирип ийген жоо жаман.
Акун ханга айттырып,
Кабар салып баралы!
Айчүрөктү бербесе
Анан чабуул салалы!»
Анда туруп Чынкожо:
«Айткан кебиң жарайт — дейт,
Кадиксиз сөздү айтууга,
Кабарга ким барат» — дейт.
Кара тилин кайраган,
Хан алдында тайбаган,
Тору ала моюн айгырын,
Томукка басып кандаган,
Карабай жөнөп калды эми,
Чаңдатып жолго салды эми.
Акун хандын ордого
Салып жетип барды эми.
«Дабыр-дабыр, дабыр таш,
Дарбаза түбү темир таш,
Дарбаза тоскон кара таз,
Дарбазаңды кайра тарт!
Акун хандай бегиңе,

Айта турган сөзүм бар.
Чынкожо менен Толтойдун,
Чындап берген өкүм бар.»
Аламандап ат менен,
Атырылтып качырып,
Кирип барды Карабай
«Акун хандап» бакырып.
Алтындан кылган тактада,
Кебезден кылган пактада,
Жаткан экен Акун хан.
Карабай үнүн укканда,
Ажалы азыр жеткендей,
Амалы такыр кеткендей.
Жоо бастырып келгендей,
Жолун анын кескендей.
Эки кепич эндегей,
Жалаң чапан желбегей.
Чыгып келди Акун хан,
Эси чыгып эндирей.
Карабай анда кеп айтат:

www.bizdin.kg

«Ой, Акун хан — деп айтат,
Чынкожо, Толтой өзүңө,
Жиберди — деп бек айтат.
Жедигердин Толтою,
Жети түмөн кол менен,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Алты түмөн кол менен,
Келе жатат өзүңө
Кербен тарткан жол менен.
Айдай болгон Чүрөктү,
Чынкожого берсин — дейт.
Айчүрөктү бербесе,
Атышаар жерге келсин! — дейт.
Короого кой жуушатпай,
Коюнга бала уктатпай,
Кара сууну бурам — дейт,
Сасык камал кылам — дейт.
Айчүрөктү алам — дейт,
Албай кантип тынам» — дейт.
Акун хан угуп ал сөздү,
Ачуусу абдан келди эми.
«Кармап кулду сойгун» — деп,
Желдетке буйрук берди эми.
«Айчүрөктү бергидей,
Айыпка мен калдымбы?

Чынкожо менен Толтойдун,
Жылкысын тийип алдымбы?
Элиме бүлүк салгыдай,
Шаарына чабуул салдымбы?!
Алактаган көзүн көр,
Эшикке сүйрөп чыккын — дейт.
Айтып турган сөзүн көр,
Эшектей кардын эшкин — дейт.
Таап келген кебин көр,
Тилин мунун кескин!» дейт.
Элчиге өлүм жогунан,
Эл жаалап аман калды эми.
Катуу корккон Карабай,
Чынкожого барды эми:
«Айланайын Чынкожо
Араңдан зорго кутулдум.
Акун хан эмес ажыдаар,
Ажалга мен тутулдум.
Төгөрөктүн төрт бурчун,

Түгөл жүрүп көргөмүн.
Акундун кызы Чүрөктөй,
Ашкан сулуу көрбөдүм.
Жүзүм жесе Чүрөктүн,
Тамагынан көрүнөт.
Коон жесе Чүрөктүн,
Колкосунан көрүнөт.
Кабагын көр, кашын көр,
Чийип койгон сыядай».
Ушул кепти укканда,
Шыгайдын уулу чыдабай.
Алтын боолуу Карала ат,
Алтын боосун чечти эми,
Айды көздөй сызды эми.
Күмүш боолуу Карала ат,
Күмүш боосун чечти эми,
Күндү көздөй сызды эми.
Айланмалуу алты атар,
Аны атып өттү эми.
Алтын ооз сур жебе,
Муну тартып өттү эми.
Анда Акун хан ойлонот,
Аскерин жыйып толгонот:
«Күндөй болгон кызымды,
Күйгүзүп кармап бергиче,
Күнүгө уруш кылбасам.

Айдай болгон кызымды,
Аларга кармап бергиче,
Айда уруш кылбасам».
Ушуну угуп Акун хан
Калкына кабар билдирди,
Калың колду найзалуу
Каптатып атка миндирди.
Маңдайлашып барышты,
Майданга канды агызды.
Чекелешип барышты,
Чекеден канды агызды.
Эки хандын калың кол,
Эрегишип калды эми.
Жайнап жаткан тынч элге,
Жаман бүлүк салды эми.
Жаздын күнү болгондо,
Жерге эгин салдырбай,
Кыштын күнү болгондо,

Талаадан отун алдырбай.
Акун хандын элине.
Кордук кылды мамындай.
Эки сапар беттешти,
Эл ортосун чектешти.
Калк кырылып кан төгүп,
«Кап сени» — деп кектешти.
Алыстан келип, кол тартып,
Чынкожо алып кете албай.
Айчүрөктү коргоого,
Акун хан алы жете албай.
Кашайышып эки жак,
Кармашып жатты дем албай.
Акыры кепке келишти,
Бирин бири жеңе албай.
Акун хандын баласы,
Акылман туулган Ажыбай.
Байдын уулу Термечик,
Баш билгиси Түмөнбай.
Кара тилдин чечени,
Кара ала аттуу Калыбек,
Акунду алып ортого,
Мына мындай айтат кеп:
«Балбандын баары жыйылды,
Балталашып кырылды.
Эрлердин баары жыйылды,
Эрегишип кырылды.

Кыраандын баары жыйылды,
Кылычташып кырылды.
Калаанын баары кыйрады,
Кан жутуп эл ыйлады.
Чарбактын баары кыйрады,
Чачылып эл ыйлады.
Толтой менен Чынкожо,
Түк ырайым кылбады.
Айчүрөктү бербесек,
Алар жаман кыйнады.»
Аны угуп Акун кеп айтат,
«Аңдагын балдар! —деп айтат.
Ак шуңкардын колдогу,
Ак жибектен боосу бар.
Айчүрөктүн артында,
Арылгыс жаман доосу бар.
Көк шуңкардын колдогу,

Көк жибектен боосу бар.
Күндөй Чүрөк артында,
Күч жеткис жаман доосу бар.
Айбалта, кылыч эгешип,
Ар качан кызмат кылуучу,
Асыл тонду ууз киши,
Акыл менен бычуучу.
Кечээ, тумшуктуу тоону тоскондо,
Баары журттан озгондо,
Жолой менен Коңурбай,
Теңдеше албай корккондо.
Калдайдын башын кескенде,
Кандабай тонун чечкенде.
Каршылашкан душмандын,
Кан кылып боорун эзгенде.
Акылман Бакай жол баштап,
Айкөл Манас кол баштап,
Алмамбет, Чубак эки шер
Келген эле ой таштап.
Көп дүйнөсүн аябай,
Малдын көзүн карабай.
Бел куда болгон болучу,
Семетейге баталай.
Баатыр Манас өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө.
Абыке, Көбөш, Жакып хан
Манастын мүлкүн бөлгөндө.
Ыргыта тээп эшикти,

Улак тартып бешикти.
Каныкейди качырып,
Караканга тентитти.
Жакындан бери кеп уктум,
Семетей келди — деп уктум.
Абыке, Көбөш, Жакыптын,
Эдебин берди — деп уктум.
Атасындай Семетей,
Эрен чыкты — деп уктум.
Беттешип пенде жеңгисиз,
Берен чыкты — деп уктум.
Эрегишкен душманын,
Эңип чыкты — деп уктум.
Жер бетинде баатырды,
Жеңип чыкты — деп уктум.
Жаалысына тийгенде,

Жакып ханды жалмаптыр.
Абыке менен Көбөштү,
Агам дебей аймаптыр.
Кыр көрсөтүп качканда,
Кырк чорону кырды — дейт.
Кыйыгына тийгендин,
Кылдай жанын кыйды — дейт.
Көкөтөйдүн ашында,
Кеп жыйындын кашында,
Батадан бүткөн бала эле,
Каныкейдин кардында.
Бейажал иштен ал өлбөйт,
Беттешип пенде тең келбейт.
Айчүрөктү алам — деп,
Семетей келсе эмне дейт?
Чүрөктү тартуу кылам — деп,
Айтканыңар кандай кеп.»
Акун хан баарын жемелейт.
Аны угуп Айчүрөк,
Ай тийгендей жаркылдап,
Көпчүлүккө мындай дейт,
Күлө сүйлөп шаңкылдап:
«Айланайын, ата журт,
Азап чектиң мен үчүн.
Мени коргоп кырылган,
Айланамын эл үчүн.
Өлүп кетсем арман жок,
Өнүп-өскөн жер үчүн.
Чынкожо менен кармашпа,

Толтой менен арбашпа.
Кылыч, найза, балтаны
Кызыл канга майлашпа.
Таламым үчүн атаке,
Талашып эми таймашпа!
Чынкожо менен Толтойго,
Элчи салып келишкин.
Айчүрөкө талашуу,
Токтолду эми дегизгин.
Жообун өзүм берейин,
Алдыма менин келишсин!»
Аны угуп бардыгы,
Айчүрөккө жалбарды.
Кайран Чүрөк таратты,
Кан төгүшкөн майданды.

Чынкожо менен Толтойду,
Азгырып амал кылууга,
Айчүрөк калды камынып,
Асмандап эргип сызууга.
Төбөсүндө көзү бар,
Төп айтуучу сөзү бар.
«Эл ичинде эптүү» — деп,
Кадыры бар, жүзү бар.
Төбө бий болгон жашынан,
Эл чогулган жыйынга.
Эки келин жиберди,
Элчибектей кыйынга.
Келиндер барып кеп айтат:
«Атакебай — деп айтат —
Эрке өскөн элиңде,
Эжекем Чүрөк келсин — дейт.
Айланды башым тел болуп,
Акыл кеңеш берсин — дейт.
Айчүрөктүн алдынан,
Атайын келдим кычырып.
Укмушту баштап Айчүрөк,
Учам — дейт — көккө сызылып».
Келиндерден кеп угуп,
Элчибек элпек жөнөдү.
Перинин кызы Айчүрөк,
Пейлин — деп — бизден бөлөбү?
Акун хандын шаарында,
Кош дарбаза бар эле.
Бирин кызыл сырдаган,
Бири анын ак эле.

Жасоолдору кайтарып,
Жанаша турган чак эле.
Кызыл эшик сарайда,
Акун хан өзү жатуучу.
Калайыкка жардаган,
Хандык сөзүн айтуучу.
Ак эшиктүү сарайда,
Айчүрөк кызы жатуучу.
Кыркы келин, кыркы кыз
Тамашага батуучу.
Элчибек келди бүгүлүп,
Көргөндө Чүрөк сүйүнүп.
Алдынан тосту абасын,
Өзү чыгып жүгүрүп.

Элчибекти ээрчитип,
Ээн үйгө киргизди.
Төрөнүн кызы Айчүрөк,
Тон жаңысын кийгизди.
Алдына анын май койду,
Майга кошуп бал койду.
Казы, карта тууратып,
Кандыра кара чай койду.
Чай үстүндө Айчүрөк,
Мына мындай кеп баштайт:
«Айланайын, абаке,
Кулак салгын — деп баштайт-
Чынкожого барып кел,
Толтойдон кабар алып кел.
Жүрө бербей ал жерде
Эртеңден калбай кайтып кел!-
Кадырыңа жетүүчү,
Карындашың өзүм бар.
Чынкожо менен Толтойго,
Азгырып айтар сөзүм бар,
Жиберди Чүрөк келдим — де
Эрлигиң Толтой билдим — де
Айланайын Чынкожо,
Алдыңа баш ийдим — де.
«Чынкожо эрим болсун» — деп
«Толтой жээним болсун» — деп
Айчүрөк өзү айтты — де.
«Жети-Суу жерим болсун!» — деп
Жазгырып аны кеп айткын.
Жактырды сени — деп айткың
Той камына токсон күн,

Уруксат сурайт — деп айткын.
Ал аңгыча эбим бар,
Бара турган жерим бар.
Айланайын, абаке,
Асманга учар кебим бар.
Басындырган иттерге,
Баштап келчү шерим бар».
Элчибек угуп бул сөздү,
Куушурулду далысы.
«Тилиме чыгып тибиртке,
Тиеби — деп — каргышы.
Элчибектин карганда
Кетеби — деп — намызы».

«Барбаймын» — деп айта албай,
Айчүрөк көөнүн кайтарбай.
Эшикке чыкты Элчибек,
Мойнунан байлап жаткандай.
Көрө коюп Түмөнбай,
«Элчи ага кайда бастың — дейт.
Өчүптүр өңүң өтө эле
Акылдан эмне шаштың?» — дейт.
Анда Элчибек кеп айтат.
«Түмөнбай уккун — деп айтат.
Чынкожого баргын — деп,
Туурамды менин түгөттү.
Карындашың Айчүрөк
Салмак болду дүмөктү.
Эр Толтойго баргын! — дейт.
Эптеп жолго салгын — дейт.
Чынкожого баргын — дейт,
Жазгырып жолго салгын» — дейт.
Түмөнбай: «токто, аба — дейт,
Дагы кебиң чала — дейт.
Айчүрөк толук айтпаптыр,
Анык сырын сага — дейт.
Ат жакшысын алалы,
Аны минип баралы!
Тон жакшысын алалы,
Аны кийип баралы!
Чынкожо менен Толтойду,
Азгырып алдап жаналы!
Аңгычакты Айчүрөк,
Асмандап канат какпайбы?
Эр Семетей баатырды,
Ээрчитип келип калбайбы.

Берендин уулу Семетей,
Беттешип жоосун албайбы?
Жеңдирип ийсе Толтойго,
Жемеси жок жанбайбы!
Узарталы күн санын,
Алыс болжоп айларды.
Кыраандын уулу Семеңдин,
Кыйыгына калбайлы!»
Элчибек менен Түмөнбай
Элчиликке аттанды.
Жакшы ат минип ал экөө,
Жаңы тон кийип шаттанды.

Жалгыз көөлүң тегирмен,
Тармал саздын сеңирден,
Элчибек менен Түмөнбай
Өтүп кетти желдирген.
Атайын, чыгып кетти алыска,
Айылдап булар тура албай,
Айыл-апага жолдогу,
Атынын башын бура албай.
«Каары катуу хандарга,
Кандай десек — болор — деп.
Чынкожо, Толтой билишсе,
Көзүбүздү оер» — деп,
Акун хандын атынан
Айтып салам бердик — деп,
Айчүрөктөн атайын,
Элчи болуп келдик» — деп.
Чынкожо менен Толтойго,
Элчибек мындай кеп айтат:
«Карылык кылып Акун хан,
Акылдан азды — деп айтат.
Айчүрөк өзү жиберип,
Силерге жаккан эп айтат.
Чынкожодой баатырга
Тиемин өзүм — деп айтат.
Ашыгыш болсо Чынкожо,
Токсон күн сүлүк берсин — дейт.
Ашыкпаса теги эле,
Алты ай мөөнөт берсин — дейт.
Тойдун камын кылам —дейт,
Абдан камдап чыгам — дейт.
Чынкожо менен Толтойдун,
Көңүлүн жай кылам — дейт.
Алдыңа келген ишим бул,

Айтып келген сөзүм бул.
Ээрчитип келген кишим бул,
Карап турган көзүм бул!»
Аны угуп Чынкожо,
Аярлуу сөзүн курады:
«Эмне үчүн Айчүрөк,
Алты ай сүлүк сурады?
Алыскы жерден эр издеп.
Аныкпы анын учаары?!»
Ала көөдөк эр Толтой,
Аны угуп күүлөндү:

«Курусун айткан кебиң» — деп
Чынкожого сүйлөндү:
«Тилеги катып эр издеп,
Тийчү Чүрөк жан эмес.
Касам сөздө турбачу,
Каранын кызы ал эмес.
Тойдун камын кылам — деп,
Жиберсе элчи өзүңө,
Бул айткан кеп эп эмес!
Шек келтирип сөзүнө,
Элчибекти жиберип,
Алдыңа Чүрөк баш ийсе,
Кылыч кеспейт теги эле,
Ийилген башты нарк билсе.
Алыс болсо алты ай,
Токсон күнү ырас ко!
Ал аңгыча Айчүрөк,
Тойдун камын кылат ко?»
Аны угуп Чынкожо,

Толтойдун кебин бузбады:

«Токсон күн мөөнөт болсун»
Толгонуп жатып куптады.
Анда айтат Түмөнбай:
«Берсеңиз алты ай мөөнөт- деп
Камынсын сулуу Айчүрөк.
Карбалас болбой камын жеп
Шыгайдын уулу Чынкожо:
«Элчибек кебим уккун — дейт
«Түмөнбайым сен дагы,
Кулагыңа туткун — дейт.
Алдыңа келсе атаңдын
Кунунан кеч деген бар.
Беш айдан ашып кетпесин,
Берилген мөөнөт билип ал.

Алты айга кетип кокустан,
Азабын Чүрөк жебесин.
Мал, дүнүйө бок деген,
Кам кыламын дебесин.
Көрөр көз болсо Айчүрөк,
Көңүлүмдүн кири жок.
Арстандыгым чын билсе,
Айткан сөздө ийри жок.

www.bizdin.kg

Ашып кетсе беш айдан,
Аскерим кирет шаарына.
Бүлдүрүп анда Айчүрөк
Булүк болот калкына.
Баатыр жездем келди — деп,
Кыздар чыксын алдыма
Вазир кылып көтөрөм,
Сени Элчибек канына!
Сүт агызам көлүнөн,
Май агызам төрүнөн!
Түндүктөн ай көрсөтөм,
Түтүктөн суу ичирем!
Төө баштаган тогуздап,
Калың келет жер жайнап!
Алты айга койбой бүтүрсүн,
Айчүрөк баарын бүт камдап!
Кулагына төөлөрдүн,
Алтындан сөйкө тактырам.
Куйругуна аттардын,
Күмүштөн чолпу астырам.
Түмөнбай ага Чүрөккө,
Төркүндүгүң билемин.
Төрт канаттуу Карала ат,
Төркүлөргө беремин.
Канчалык душман келсе да,
Кайышпай турган колум бар.
Аянбай туруп салышчу,
Алп Толтой зорум бар!»
Элчибек менен Түмөнбай,
Аттанып андан кетти эми.
Ашыгып жолун караган,
Айчүрөккө жетти эми:
«Араңдан зорго көндүрдүк,
Айланайын, Чүрөгүм.
Беш айга тартып келтирдик,
Той болуучу сүлүгүн.
Чынкожо сөзү мына бул:

«Мени вазир кылам — дейт,
Жети суунун элине,
Падыша болуп тынам — дейт.
Төрт канаттуу Карала ат,
Төркүлөргө берем — дейт.
Селкинчек тээп ойноорго,
Жибек аркан керем — дейт,

Беш айга камы бүтпөсө,
Шаарыңа басып кирем — дейт.»
Анда Чүрөк муну айтат,
Агартып тишин кылайтат:
«Чынкожо күйөө болгондо,
Калдыңбы вазир болом — деп.
Арман кылып абаке,
Алтын такка коном — деп.
Чынкожону жайласак,
Толтойдун селин байласак?
Чыныгы вазир болосуң,
Элиңен жоону айдасак!
Түрк уулу кыргыздын,
Аралаймын баарысын.
Алптарын сынап мен,
Алып келем калысын.
Алып берем ошондо,
Абаке кеткен намызың.
Чынкожо мага эр болбойт,
Толтой мага тең болбойт.
Келип калса Семетей,
Аларга сыяр жер болбойт
Айтып муну Айчүрөк,
Алардын оозун бекитти.
«Айтпайбыз» — деп — өлсөк да,
Элчибек менен Түмөнбай
Аттанышып кетишти.
Айчүрөк жана кеп айтат:
«Кыз-келин келгин — деп айтат.
Чакырса мени хан атам,
Көрбөдүк — деп — айтыңар!
Кайда кеткен ал — десе,
Билбедик — деп — айтыңар!»
Калыйман жакын сиңдиси,
Кыздардын эле билгичи.
Калыйманга өзүнүн
Кийим-аягын кийгизди.
Өзү олтурчу Айчүрөк,

Алтын такка мингизди.
Акун хан кызы Чүрөктүн,
Перилиги билинди.
Азем менен кубулуп,
Аккуунун кебин кийинди.
Асмандап учуп Айчүрөк,

Ай нуруна киринди.
Көкөлөп учуп Айчүрөк,
Күн нуруна киринди.
Муну мындай таштаңыз,
Аккуу болуп Айчүрөк,
Учушунан баштаңыз!

Айчүрөктүн аккуу болуп учушу

Акундун кызы Айчүрөк,
Аккуу болуп кубулуп,
Күн нуруна чагылып,
Ай нуруна жуунуп.
Канатын айга каккылап,
Куйругун күнгө чапкылап,
Көтөрүлдү көкөлөп,
Булуттан алкып жалтылдап.
Абалап учуп жөнөдү,
Ак булутту сыдырып.
Айланып ал эргиди,
Ааламдын бетин кыдырып.
Кукулдап учуп жөнөдү,
Күн чыгышка бет алып.
«Кеги бар Толтой эрге» — деп,
Хан Коңурга чет алып.
Аскалуу бийик Ала-Тоо,
Кайкалаган кара тоо,
Чамбыл ала кары бар,
Баары бирдей мала тоо.
Акундун кызы Айчүрөк,
Асманда келет жаркылдап.
Алдынкы жерден көрүндү,
Кызыл мунар жалтылдап.
Кызыл мистен жасалган,
Көөнөрүп сыртын дат алган.

Салтанаттуу ордо экен,
Ласахтын шаары аталган.
Айланып андан жөнөдү,
Көзүнөн жашы дыбырап.
Кайкып өтүп үстүнөн
Канча тоону кыдырат.
Ар жагы деңиз чеги жок,

Кечип өтөр жери жок.
Балык кармап эл жүрөт,
Андан башка жеери жок.
Кеме минип күндүз, түн
Мaaнектерге чени жок.
Андан өтүп Айчүрөк,
Келе жатса зыпылдап,
Сурча жылкы көрүнөт,
Жыйылып жүргөн кымылдап.
Кыз-келинден кеп уккан,
«Кыраан Семей жылкысы
Кызыл буурул» — деп уккан.
Катын-кыздан кеп уккан.
«Кабылан Семей жылкысы,
Кара буурул» — деп уккан.
Акундун кызы Айчүрөк,
Асмандап учуп закымдап.
«Жылкыга ошол жетем» — деп,
Келип калды жакындап.
«Хан Манастын сарайы,
Калай, сырдан — деди эле.
Акындары кыргыздын,
Атактап айтып берди эле.
Сырдын нуру күзгүдөй,
Көрүндүбү мага — деп,
Булуттун түштү астына,
Барайынчы ага» — деп.
Узата ордо салынган,
Көчөсү кең алынган.
Айран болду Айчүрөк,
Ушул шаарга кабылган.
Жолборс менен шерлердин,
Айбандан чыккан эрлердин,
Сүрөтү таштан жасалган,
Колу менен чебердин.
Кээ бирөөнү карасаң,
Чөгөрүп жерге жаткырган.
Кээ бирөөнү карасаң,

Төрт такандуу катырган.
Күйгүзгөн топо очокко,
Алтындап казан астырган.
Кеңдигинен шаарынын,
Кербендин башын аздырган.
Алы жетер эместей,

Ага тийип кас кылган.
Чоӊ найзалар тирелген,
Чоӊ кылычтар илинген.
Сейрегирээк багы бар,
Көркөм сулуу тигилген.
Таш менен бийик салынган,
Такашкан көккө тамы бар.
Тегеретип айлантып,
Каздырган көлдөй аӊы бар.
Асмандан Чүрөк байкаса,
Бээжинге келген чагы бар.
Бийиктен көргөн баягы,
Белгилүү жылкы кабылар!
Баары сурча бурулуп,
Баратат суута чубуруп.
Айчүрөк анда муну ойлойт,
Асмандан ылдый куюлуп:
«Кечөө атасы Манас өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө,
Абыке, Көбөш дүйнөсүн
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Айгырын сурдан салганбы?
Бурулуп өӊү калганбы?
Кыз-келинден укканым,
Же болбосо жалганбы?!»
Тиктеп көзүн салганы,
Жылкыга жакын барганы.
Анда келген кези экен,
Алп Коӊурбай балбаны.
Тору айгырдын жалындай,
Аркасында айдары.
Асылуу жарак, жабдыгы,
Аркасында калканы.
Катылышкан жоо болсо,
Чыккандай анын талканы.
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткандай.
Каптаган кара толкундай,
Толкуну тоону бузгундай.

Муруту балта сабындай,
Сакалы саадак кабындай.
Мурду тоонун кыр таштай,
Кабагы кашат чабындай.
Бүткөн бою мунардай,

Колу, буту чынардай.
Карашына калчанын,
Чыдап пенде тура албай.
Чоңдугу төөнүн нарындай,
Салкыны сырттын каарындай.
Саадагы19 бар чапчактай.20
Басканы башка алчактай.
Үстүнө бардык жыгачты,
Алгандай илип калтырбай.
Чок табылгы жайылган,
Жоо дегенде шайлаган,
Жайы-кышы Кара атты,
Мамыга асып байлаган.
Каканга кеткен жоо болсо,
Канына жерди майлаган.
Кыйын чыккан бул калча,
Кызыл чок кытай журтунан.
Олчое минип Кара атка,-
Очогор мылтык асынып,
Карарып түндөй ок өтпөс
Колунда найза солкулдап,
Жанында кылыч жаркылдап,
Алеңгир жаа, сур жебе,
Оң жанында жалтылдап.
Жылкыга келген кези экен,
Башында жакут бөркү бар.
Күн чагылса кулпунуп,
Көз уялткан көркү бар.
Таажысына карасаң,
Тагылган канча асыл таш.
Канчалык ташты такса да,
Калтыраптыр кары баш.
Сакалы аппак болуптур,
Жетимиш жашка толуптур.
Бермети кетип бетинин,
Бырыш басып солуптур.
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар эр экен.
Сол далысы кең экен,
Солду бузар эр экен.

Карылыгы болбосо
Тийип алар неме экен.
Ушуну баштап барсамбы?
Толтойдон өчүм алсамбы?

Чыңкожону чыңыртып,
Чыгына колум малсамбы?!
Кең Бээжинди жердеген
Алп Коңурбай эр экен.
Качып барып карабет,
Калмакка тийди дээр бекен?
Мындай кепти уккуча,
Тирүү туруп өлөйүн.
Издегеним Семетей,
Ага учуп жөнөйүн!»
Күн батыш көздөй бет алып,
Көкөлөп учту айланып.
Көп баатырды көрсө да
Көңүлү толбой жайланып.
Шаяңдын жатат жайлары,
Калмактын жатат байлары.
Адамдын көзүн талдырат, -
Жайнап жаткан малдары.

Түндүк батыш бет алып,

Алтайды көздөй айланды.

Алмалуунун оюнда,

Аккан суунун боюнда.

Музбурчактын Аккубак,

Келген экен оюнга.
Ит агытып, куш салып,

Батыптыр ал сонунга.

Асманда учуп келатып,

Аны Чүрөк көрүптүр.

Алы канча экен — деп,

Ага көңүл бөлүптүр.

«Тотугуп өңү боло элек,

Он бешке жашы толо элек.

Секелек ойноо бала экен,

Эркелигин кое элек.

Эти катып толо элек,

Эңишер чагы боло элек.

Элирип жүргөн бала экен,

Эс-акылы толо элек.

Оң далысы кең экен,

Ойротту бузар эр экен.

Балалыгы болбосо,

Тийип алчу неме экен.
Баш бербей барып карабет,
Балага тийди дээр бекен?!»
Андан кайра тартканда,
Асмандап келе жатканда,
Канча дайра, канча көл,
Канча тоону ашканда.
Каркыранын боюнда,
Казактын жүргөн тоюнда.
Кез келип калды Айчүрөк,
Үмөтөйдөй зоруңа.
Кууш аяк, кең көөдөн,
Мындайды Чүрөк көрбөгөн.
Кан Коңурбай калчага,
Мынчалык көңүл бөлбөгөн.
«Калдайган канча зор экен,
Коңурбайдан чоң экен.
Көкчө хан уулу Үмүтөй,
Аташкан жарым болбосо,
Тийип алар эр экен.
Качып барып карабет,
Капкайда тийди дээр бекен?
Аташканын унутуп,
Ар кимге тийди дээр бекен?
Эр Семетей турганда,
Эр сынашым эп бекен?
Эр издешим кыдырып,
Элде жок кайгы чер экен!»
Андан кайкып сызды эми,
Асманга эргип чыкты эми.

www.bizdin.kg

Алтай менен Тыяншан,
Аралап учуп кыркты эми.
Тунарыктап көрүнүп,
Тумандын чети сөгүлүп.
Акчуулаң тартып көрүнүп.
Асмандын чети сөгүлүп.
Айчүрөк жүрөт асманда,
Жамгырлап жашы төгүлүп.
Айчүрөк учуп тоо бойлоп,
Аташканын таба албай.
Алда канча ой ойлоп.
Карaанын көрүп алыстан,
Таласты көрүп капыстан.
Кош болду Чүрөк эми көр,
Башы ашуу Жети-Төр,

Өзөнгө бүткөн сазын көр,
Өрдөк менен казын көр.
Тал, тереги салаалаш,
Баары өнгөн чаадалаш.
Төө куйрук, арча чамалаш,
Карагай, кайың каадалаш.
Табылгы, ыргай аралаш,
Кожогат, четин талаалаш.
Жайнап жатат караса,
Жапа өрүк, жийдеси,
Алма, анар, шабдалы,
Алча, жаңгак, мистеси.
Кызарып жатат кант агып,
Кызылчасы кырында.
Кызыгып калды бул жерге,
Кыз Чүрөк сулуу чынында.
Күнгөйүн мунун караса,
Кулпунат макмал тулаңы.
Сайраса булбул токойдо,
Ышкырат кырда улары.
Курбусун кулжа каптаган,
Адырда аркар батпаган,
Тектирде теке шагырап,
Өндүрүн элик каптаган.
Токойдо толуп жапа тоок,
Кымылдап кыргоол жайнаган.
Төрт-Көлдүн төмөн жагында,
Төрөңдүн тиккен багында,
Баркөлдүн маңдай жагында,

Бакайдын салган тамында.
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Кең-Колдун чаты кошууда,
Күн чагылган көркүндө,
Аппак болгон сарайды,
Абыдан көрүп калды эми.
Эр Семетей баатырды,
Издеп көзүн салды эми.
Акун хандын шаарына,
Чынкожо чабуул салганда?!
Тышка киши чыгарбай,
Толтой камап алганда!?
Азгырып Чүрөк эбин таап,

Асмандап учуп калганда!?
Уламадан укмуштай,
Улуулардан укту эле.
«Атасы анын Манас — деп,
Жердеген жери Талас» — деп,
Эсине бекем тутту эле.
«Табам» — деп баатыр Семеңди,—
Талпынып Чүрөк учту эле.
Баатыр Манас өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө.
Ак сар бээни сойдуруп,
Кайнарга терең койдуруп.
Кызыл дилде чачтырган,
Кыямат жолун ачтырган.
Арыстандын ашына,
Аккуланы чалдырган.
Хан Манаска Каныкей,
Кастарлап күмбөз салдырган.
Күмбөздү салар топону,
Чоң Ополдон алдырган.
«Миң жамбы менен бүттү» — деп,
Өрнөктөп оюп жаздырган.
Арстан Манас күмбөзүн,
Ак-Чокудан бек салган.
Алты кылым өткөнчө,
Турар бекен деп салган.
Жеткилең Манас күмбөзүн,
Жер чокудан бек салган.
Жети кылым өткөнчө,
Жетер бекен деп салган.

«Көсөм атам Манастын,
Күмбөзү болсо ушул — деп,
Кастарлуу бул күмбөздүн,
Үстүнөн учуп өтпөйм — деп.
Арбагы урса баатырдын,
Кантип өсүп — көктөйм» — деп.
Ала-Тоо башын айланып,
Ар жагы менен өттү эми.
Семетейди көрсөм деп,
Сел кылып жашын төктү эми.
Алмалуу булак — Шуңкар таш,
Ашып барып түштү эми.
Муну мындай таштаңар,
Семетейди Чүрөктүн,
Сындашынан баштаңар.

Айчүрөктүн Семетейди сындашы

Төрт-Көлдүн төмөн жагында,
Төрөңдүн сайган багында.
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө.
Өзөндүү булак сазында,
Өрдөк менен казында.
Кең Таластын боюнда,
Ала-Көлдүн оюнда.
Ит агытып, куш салып,
Андан алып илдирип,
Жүргөн экен Семетей,
Мындан алып илдирип.
Салмагына залкайып,
Буурул ат белин ийилтип.
Каз, өрдөктү байланып.
Канатын жерге чийилтип.
Элирген жаш баладай,
Эки чоро жанында.
Элебестен эр Семең,
Эчтемени жадында.
Акундун кызы Айчүрөк,
Асмандан туруп сынады.
Чалмасын алыс ыргытып,
Чарыктады кыялы:

Манастын уулу Семетей,
Башында суусар тебетей.

Эрлигине ишенип,
Эч нерсени элебей.
Сайрандап жүргөн чагы экен,
Салтанат менен кенебей.
Чынкожо менен Толтойду,
Бучкагына теңебей.
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар эр экен.
Сол далысы кең экен,
Солду бузар эр экен.
Иликтеп анан Семеңди,
Издебей турган эр бекен?
Тилекти берсе колуна,
Тийбей турган шер бекен?!
Келе жатат Семетей,.
Кең көкүрөк, сом далы
Кармашып калган душмандын,
Кан болуп чыгар далдалы.
Арааны аалам аймаган,
Ажыдаардай түрү бар.
Айды чапчып айкырган,
Арстандай сүрү бар.
Бар ааламга бир өзү,
Падыша болчу башы бар.
Он төрт менен он бештин,
Ортосунда жашы бар.
Байкап турат алыстан,
Балбан болчу кейпи бар.
Калың элдей башкарган,
Зардал болчу кейпи бар.
Оттой жанган көзү бар,
Опол тоодой өзү бар.
Ажарына караса,
Ай менен күндүн көркү бар.
Ашык болуп Айчүрөк,
Айланды анын башынан.
Алп экен — деп, кегимди,
Алып берер касыман.
Алтын кемер курчанган,
Ай чагылып, нур чалган.
Күмүш кемер курчанган,
Күн чагылып, нур чалган.

Жанына кылыч байлаган,
Жандашкан жоосун жайлаган.
Белине кылыч байлаган,

Беттешкен жоону жайлаган.
Ак шуңкары колунда,
Ак келтеси жонунда,
Туулгасы башында,
Чарайнасы боюнда.
Астындагы Тайбуурул,
Арыбас күлүк мал экен.
Кара байыр казан ат,
Канаттуу тулпар ал экен.
Аты да бар бир тоодой,
Өзү да бар бир тоодой.
Өжөрлөнсө жуткундай,
Өчөшкөн жоосун бүт койбой.
Ак көөбөнү жамынган,
Алтын менен чордогон,
Жигине күмүш ширетип,
Жибек менен тордогон.
Алты атар огун сологон,
Акыректе кош калта,
Жети атар огун сологон,
Желкесинде беш калта.
Бадана тонун кийинип,
Баатырларга сыйынган.
Балада мындай көргөн жок,
Кара баштуу кыйындан.
Теңдешер пенде жок экен,
Тегеренсе кылымдан.
Абайласаң түгөнгүр,
Айдай бети нур чалган.
Көзүң салсаң түгөнгүр,
Күндөй күлүп нур чалган.
Кабаттап темир кийинген,
Жарагын жанга илинген.
Жабдынып темир кийинген,
Жанына жарак илинген.
Кызыл буурул ат минген,
Кыл куйругун шарт түйгөн.
Караса көзү от чалып,
Кайрылып кара жан күйгөн.
Ала-Тоодой залкайган,
Кармагандан кан чыккан,

Карагандан жан чыккан.
Чолпону жанып маңдайдан.
Бет алса душман чекеге,
Чыккандай жалгыз жекеге.

Аны менен кездешкен,
Кеткендей узап Мекеге.
Үстүнө кийген буулумдун,
Үпчүлүгү бир тогуз.
Атадан калган Аколпок,
Топчулугу бир тогуз.
Тоого урган жапырып,
Толкуну тоонун шарындай.
Жанар тоодон атылган,
Жалыны оттун табындай.
Колуна найза кармаган,
Коркуп жоодон жанбаган.
Сундуруп найза кармаган,
Сумсайып жоодон жанбаган.
Жолборс жүрөк, шер кайрат,
Жолунан кайта кайтпаган.
Жоолашып душман катылса,
Жой кылып жерди кандаган.
Агарып тиши кашкайган,
Чоң ополдой залкайган,
Баатырлык эмей эмине,
Басташканын ал жыккан.
Барып кирген көрүнө,
Байкабай ага катышкан.
Астындагы Буурул ат,
Алты ай минсе арыбас.
Алтымыш асый болгунча,
Азуусун сөйкөп карыбас.
Кулжа көөдөн, тайган төш,
Жети айга минсе чаалыкпас.
Жанындагы Гүлчоро,
Жалындаган бала экен.
Балалыгы болбосо,
Баатыр болчу жан экен.
Өрөпкүгөн Канчоро,
Өрттөй жанган бала экен.
Өчөшкөнүн соо койбос,
Өжөр бүткөн жан экен.
Бала жолборс Семетей,
Бастырып үйгө келди эми.

www.bizdin.kg

Каз өрдөктү байланган,
Чачыкейге берди эми.
Кермесине ат толуп,
Эл казандап калыптыр.
Үйүз-бүйүз эки ордо,

Керилтип тигип салыптыр.
Маңдайдагы секиге,
Маңкайып конду Айчүрөк.
Кашкайган тиги секиге,
Кайкайып конду Айчүрөк.
«Берендин уулу Семеңе,
Беттешпей кантип кетем — деп.
Кайгылуу башын кабарын,
Канткенде ага берем — деп.
Ашык кылып күйгүздү,
Айланып кантип кетем — деп.
Аялы болуп Семеңдин,
Арманга качан жетем?» —деп.
Ары ойлонуп Айчүрөк,
Бери ойлонуп Айчүрөк,
Акыл тапты мамындай
Көп толгонуп Айчүрөк,
Чачыкей келчү булакка,
Барып конду Айчүрөк.
Абысынга арманын,
Айтмак болду Айчүрөк.
Эрке катын Чачыкей,
Ордодон чыкты маңкайып.
Адырдан башын көтөргөн,
Ак кулжадай даңкайып.
Эки жагын каранып,
Карчыгадай таранып.
Кыргоолдой кызыл кылактап,
Асталай басып булактап.
Көк кепич бутта кыйчылдап,
Жылдыздай көзү жылтылдап.
Басып чыкты суйкайып,
Эркелей күлүп шыңкылдап.
Элечек башта койкоюп,
Эркинче жүрүп оштонуп.
Ханышалык доор сүрүп,
Бактысына кош болуп.
Алтындан кылган чоң сөйкө
Акыректе жаркылдап.

Май сооруда чач мончок,
Ар кубулуп шаркылдап.
Жеңин жерге сүйрөгөн,
Желбегей басып үйрөнгөн.
Өкүм менен чамыркап,
Өзүнөн өзү сүйлөгөн.

Алтынга боюн шыбагай,
Ай чагылып жалтылдайт.
Күмүшкө боюн шыбаган,
Күн чагылып жаркылдайт.
Таластагы караса,
Талдай бою буралган.
Чачыкейди Айчүрөк,
Көрүп туруп кубанган.
«Өзү ургаачы эмеспи,
Арыз, муңумду айтайын,
Акылдашып, эжеме,
Андан кийин кайтайын».
Он бештеги кыз болуп,
Оолжуй басып барды эле.
Аны көрүп Чачыкей,
Акылынан танды эле.
Чачыкейдин корккондон,
Жүрөгү чыкты кабынан.
Кармана албай калдастап,
Билеги чыкты сабынан.
Шалдырап бою чиркиндин,
Шайы кетти абыдан.
Акундун кызы Айчүрөк,
Арка чачын булайтып,
Чачыкейге муну айтып,
Ак тамагын кылайтып:
«Шаатемир кызы Чачыкей,
Эжеке, эсен жүрдүңбү?
Эркелетип алпештеп,
Эрмекке бала сүйдүңбү?!
Чынкожо, Толтой эки дөө,
Чыр баштап, чийин чийишип,
Хан Семетей баатырга
Кастык кылып тийишип.
Арага элчи салышып,
Акылдашып алышып.
Аккоенду Чынкожо,
Толтойго берип табышып.

www.bizdin.kg

Он эки түмөн кол менен,
Шаарыма барып чабышып.
Жайы-кышы камады,
Жазда эгин эктирбей,
Күздө аштык тердирбей.
Жайлоого кенен жайлатпай,
Куйруктуу козу жедирбей.

Калайыкты какшатып,
Калаамды камап турганда,
Айчүрөктү берсин — деп,
Атамды матап турганда.
Катылган келип душмандын,
Кан кылып колун талкалап.
Калуучу баатыр барбы —деп,
Калкымды менин калкалап.
Асмандап учуп жөнөдүм,
Арманым ушул аркалап.
Арыстанын Семетей,
Арданычу балабы?
Атасы Манас аташкан,
Аялын ал алабы?!
Чынкожо менен Толтойго,
Чындап бүлүк салабы?!
Же кылган иши чалабы?
Тарттырып ийип Чүрөктү,
Талаада же калабы?!
Сулуу кызды алууга,
Жок бекен же анын талабы?
Күнү болуп калат — деп, эже,
Күйүткө мени салат — деп, эже,
Көөнүң күмөн албагын, эже,
Күйөөмдү тартып алат — деп, эже,
Ак ордоңду оңдоюн, эже,
Арамдык кылсам оңбоюн, эже.
Көчкөндө төөңдү комдоюн, эже,
Көөнүнө күмөн албагын, эже,
Кырк жылы кызмат кылайын, эже,
Кыя бассам сынайын, эже».
Арка чачын булайтып,
Этек-жеңин чубалтып,
Чачыкей анда муну айтат,
Кызылдуу өңүн кубартып:
«Кызылды кийген жоебу?
Кыз да сендей болобу?!

www.bizdin.kg

Кыз башы менен кыдырып,
Эр издеген оңобу?!
Жашылды кийген жоербу?!
Жаш да сендей болобу?
Атасынын төрүндө,
Эр издеген оңобу?!
Тиериңе эр таппай, .
Сиериңе жер таппай.

Кара көзүң катыптыр,
Кирериңе көр таппай.
Чачың буурул болгуча,
Тишиң буудай болгуча,
Эр албаган эски күң,
Туурук таман кески күң.
Тишиң буудай болгунча,
Көп олтуруп зак болгон,
Саамайың куудай ак болгон.
Керүүгө казан аскан күң,
Кербенчи жолуң тоскон күң,
Жолго казан аскан күң,
Жолоочу жолун тоскон күң.
Аккуу болуп үн катып,
Алыс жолдон түп катып.
Алты айчылык Үргөнчтөн,
Атка минбей жөө басып.
Атаңдай болгон төрөмө
Эр үчүн келдиң үн катып.
Жети айчылык Үргөнчтөн
Желден бетер түн катып,
Энеңдей болгон эжеңе,
Эр үчүн келдиң үн катып.
Атаң укса тыйбайбы?
Айлың ээлик кылбайбы?!
Энең укса тыйбайбы?
Элиң ээлик кылбайбы?!

Арстаным Семетей,

Аялы анын Чачыкей.

Алыс жогол көзүмөн,

Айланбай мени сетердей.

Айдай сулуу Чачыкей

Айчүрөктөн кем бекен?

Арстаным Семетей,

Сени карар эр бекен?

Эриме элчи болчудай,

Эси жок аял мен бекен?!

Эримди тартып алгыдай

Ээнбаш жалап сен бекен?!

Ал кебиңди ит уксун,

Ит укбаса ким уксун!»

Каарданып Чачыкей,

Кайта басты кагынып.

Буулумдан кылган чоң ичик

Буластата жамынып.

Акундун кызы Айчүрөк,
Ардангандан өлбөдү,
Чачыкейден жеме угуп,
Көзүнүн жашы көлдөдү.
«Кылбасам» — деп сага мен,
Кыяматка кектеди.
Кайкып учуп куу болуп,
Канатын катуу сермеди.
Эрке катын Чачыкей,
Эшиктен кирди эңкейип.
Үшкүрүгү таш жарып,
Үстөмөн түштү чекчейип.
Эр Семетей баатырың,
Сар улагын алдырды.
Сууруп алып өпкөсүн,
Чачыкейге чаптырды.
Гүлчоро менен Канчоро,
Кең-Колдун башы көлмөдө,
Жаткан экен жылкыда,
Өзүнчө дуулап ал экөө.
«Эр Семетей баатырга,

Учурашып келсек — деп,
Кол беришип көрүшүп,
Эсендигин билсек» — деп.
Салам айтып жарк этип,
Күлүп балдар шарк этип,
Семетейдин үйүнө
Кирип келди шарт этип.
Эр Семетей баатырың,
Эргип туруп муну айтат.
Каадасынча каткырып,
Кашка тишин кылайтат:
«Чубактын уулу Канчоро,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Эригип калган чагың бар,
Эки бирдей шер чоро.
Атамдан калган Акшуңкар,
Табына келген чагы бар.
Эти катып абыдан,
Бабына келген чагы бар.
Сайран куруп, көл бойлоп,
Сала турган кез экен.
Каз өрдөктү катарлап,
Ала турган кез экен.
Бүгүндөн калбай кайтып бар,

Жылкычыга айтып бар.
Атамдан калган көп буудан,
Экөөң тандап эки ат ал.
Көөнүң чором, таптап мин,
Көөнүң чором, байлап мин.
Куу казык кылып каңтарып,
Көөнүң чором, айлап мин.
Таласты бойлоп куш салам,
Эртеңден калбай эрте кел.
Кара жол чаңын бургутуп,
Кара суудан жете кел».
Эриккен эки чорого,
Эр Семең аны айтты дейт.
«Куп болот» — деп чоролор,
Жылкыны көздөй чапты дейт.
Күүгүм кире, күн бата,
Элдин алды жуп жата.
Алтындан кылган тактага,
Кебезден кылган пактага.
Семетей менен Чачыкей

www.bizdin.kg

Айкалышып жатышты.
Аркар менен кулжадай,
Моюн алышып жатышты.
Тараза жылдыз батканда,
Таң кашкайып атканда,
Молдо торгой чуркурап,
Комузун күүлөп какканда.
Эрке катын Чачыкей,
Ордунан турду оолжуп.
«Алда кандай болот» — деп,
Айчүрөктөн коопсуп.
«Кечөө көргөн Айчүрөк,
Кетти бекен оордунан?
Тосуп ал да карабет,
Турат бекен жолунан?»
Муну ойлонуп Чачыкей,
Басып барды шаркылдап.
Алтындан кылган кош сөйкө,
Акыректе жаркылдап.
Акундун кызы Айчүрөк,
Арка чачын булайтып,
Тосуп чыкты булактан,
Ак тамагын кылайтып.
Тозокту салчу ичине,
Толуп жаткан муңду айтып:

«Шаатемир кызы Чачыкей
Кабар салып кайтайын.
Алдыңдан өттүм билбедиң,
Арданганым айтайын.
Эр Семетей баатырың,
Тайбуурул атын миндиби?
Жоодон коркпос эр болсо,
Чүрөктүн жайын билдиби?!
Аташканы Чүрөктү
Аларга алы бар бекен?
Чынкожо менен Толтойго,
Кармашар каары бар бекен?!
Арстаның Семетей,
Намызы жок балабы?
Тарттырып ийип Чүрөктү,
Ал арманда калабы?!»
Айчүрөк муну айтканы,
Эрке катын Чачыкей
Акылынан шашканы.

Айчүрөктү билектен
Кармай калып какканы,
Акылы тайыз албуттун
Айчүрөккө айтканы:
«Ар кубулган карабет,
Айланып учуп келдиңби?
Көз байлоочу шыйкырчы,
Албарсты, же жинсиңби?
Кыз башы менен кыдырып,
Эр издеп кыз келчүбү?
Койнуңда жаткан күйөөсүн,
Колунан бирөө берчүбү?!
Көчүгү курттуу карабет,
Көзүңө колум малбасам.
Күл салып сенин куртуңа,
Күң кылып байлап албасам».
Чымырканып Чачыкей,
Чачтан кармай калганда.
Айчүрөккө асылып,
Ач билектен алганда.
Акундун кызы Айчүрөк,
Аккуу болуп кубулуп,
Чачыкейдин колунан,
Коргошундай куюлуп.
Буйтап канат какканда,
Булакты карай булт этти.

Карматпастан булактын
Кайнарына чулп этти.
Аны көрүп Чачыкей,
Акылынан азганы.
Анда туруп Айчүрөк,
Чачыкейге айтканы:
«Эр Семетей баатырды,
Көргөнүң бүгүн түн болор.
Колума тийсе Акшуңкар,
Башыңа каран күн болор.
Арыстаның Семетей,
Акшуңкар салам — деп айткан.
Кең Таластын оюна,
Ашмураттын боюна,
Бүгүн барам — деп айткан.
Кадырыңа байланып,
Үйдө калса сеники.
Айткан сөзүн аткарып,

www.bizdin.kg

Акшуңкар салса меники.
Калың кербен өтүүчү,
Кара жолдун боюнда.
Акшуңкар салып Семетей,
Келатканда жолунда.
Акбула болуп албасам,
Алты түрлүү кубулуп,
Үч көрүнүп өзүнө,
Сыр көрсөтүп көзүнө,
Ар кубулуп калбасам,
Шыйкыр менен тартпасам,
«Була» деп буруп алганда,
Канжыгага чалганда,
Эстен танып эндиреп,
Элебестен калганда,
Колундагы шуңкарын,
Эбин таап ала качпасам.
Акшуңкар издеп аңыртып,
Азапка башын салбасам.
Андан айла болбосо,
Ар кубулуп кылтылдап.
Кара суунун кайнарда,
Ак балык болуп жылтылдап.
Сыр көрсөтүп акпасам.
Сыйкырлап оюн тартпасам.
Балык деп басып аларда,
Качпастан карап жатпасам.

Ак балык деп алганда,
Канжыгага чалганда,
Эстен танып эндиреп,
Элебестен калганда,
Колундагы шуңкарын,
Эбин таап ала качпасам.
Эр Семетей баатырды,
Элиртип кетип калбасам.
Андан айла болбосо,
Жекендүү көлдүн жээгинде,
Шуудураган камышы,
Шабырлуу көлдүн бетинде.
Аккуу болуп албасам,
Куркулдап үнүм салбасам,
Ар кубулуп көзүнө,
Акылын анын тартпасам.
Куу деп кушун салганда,

Алам деп шуңкар барганда.
Ойлоп келген узактан,
Ошондо жетип арманга,
Боосунан кармап албасам.
Кайкып учуп калбасам.
Бармагыңды тиштетип,
Башыңа мүшкүл салбасам.
Акшуңкар издеп Семетей,
Артыман барса меники.
Алдырып кушун аңкыйып,
Үйдө калса сеники.
Ала көөдөк Семетей,
Шуңкарын издеп барбаса,
Аташканы Чүрөктү,
Аялдыкка албаса,
Сала турган шуңкарын,
Эр Толтойго салдырып,
Ала турган Чүрөктү,
Чынкожого алдырып,
Семетейдин эрдигин,
Жерге уруп тынбасам.
Ак калпак кыргыз элине,
Аралап жургүс кылбасам.
Айчүрөк болбой өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн.
Таалайым жок мен бейбак,
Азабым болсо көрөйүн».
Мына ошентип Айчүрөк,

Аккуу болуп кубулуп,
Асманды көздөй созулду,
Ак түтүн болуп бурулуп.
Эрке катын Чачыкей,
Эсин таппай сандалып.
«Алда кандай болот — деп,
Акыл ойлоп саргарып.
Алып кетер бекен — деп,
Алаканын шак коюп.
Атаны кокуй, арман» — деп,
Көчүгүн жерге лак коюп.
Ай караңгы түн болду,
Азаптуу ага күн болду.
«Бекем кармап албай — деп,
Күңчүлүккө салбай» — деп,
Башы анын маң болду.

«Кесирим башка жетти — деп,
Сыймыгым эми кетти» — деп,
Көөнүнө күйүт күн болду.
Шагы сынып, шылкыйып,
Үйүн көздөй басты эми.
«Кеселмин» — деп Чачыкей,
Кериле сулап жатты эми.
Акундун кызы Айчүрөк,
Канатын күнгө каккылап,
Асмандап учуп калды эми,
Куйругун жерге чапкылап.
Кубулмалуу Айчүрөк,
Чоюла оонап ойгонуп,
Кенебеген шер немең.
Зыпылдаган Айчүрөк,
Зыпылдап учуп калды эми.
Шыбыргак шамал салды эми.
Бөксөнүн башы мөндүрлөп,
Күн күркүрөп калдырлап.
Чакалап сууну куйгандай,
Жаканын башы жамгырлап.
Көктө булут тундуруп.
Көнөктөп жамгыр куйдуруп,
Асманды булут тундуруп,
Алты сай жамгыр куйдуруп.
Аш бышымга күн жаады,
Ачтырбай көздү селдетип.
Ачылып кетти заматта,
Аптап тийип, жарк этип.

Караан калган Айчүрөк,
Караса көзгө илинбей,
Көздөн кайым болуптур,
Кай кеткени билинбей.
Баатырдын уулу эр Семең,
Бала жолборс эр немең.
Кукулдап учуп калды эми,
Куюн шамал салды эми.
Умачтай көзүн ачты эми,
«Саламын» — деп шуңкарды.
Ыргып турду ордунан,
«Чабамын» — деп тулпарды.
Эшикке чыгып элирип,
Карды көрүп калды эми.
«Мен Семетей болгону,

Аш-тамагын бат ичип,
Атына жетип барды эми:
Акшуңкар колго конгону.
Кубу толор көңүлдүн,
Мындай сонор болбоду!
Көрүп туруп ушуну,
Салбаса кушту болорбу?»
Тайбуурулдай күлүккө,
Жолборстон үртүк жаптырып.
Чыраштаган эң сонун,
Жибектен кежим тактырып.
Алтын менен саптаган,
Пил терисин каптаган,
Чиркей тийсе кыңк эткен.
Камчы менен какканда,
Мылтык аткан немедей,
Тоо жаңыртып заңк эткен.
Алтындан кылган доолбас,
Кайра байлап капшырды.
Кагуу үчүн оң жаккы,
Канжыгага тапшырды.
Алдыңкы кашы карк алтын,
Аземдеп кылган акканкы,
Кийинки кашы чылк күмүш,
Бекемдеп кылган акканкы.
Эки каптал эн темир,
Тайбуурулга чак каңкы.
Басмайылын бек тартып,

Баса токуп алды эми.
Аколпок тонун кийинип,
Камынып Семең калды эми.
Топчулугу бир тогуз,
Топчуланып алды эми.
Үпчүлүгү бир тогуз,
Үпчүлөнүп алды эми.
Шуңкарды колго кондуруп,
Ортонго камчы илди эми.
Сүйүнгөн Семең абыдан,
Атын чечип мамыдан,
Куймалуу таман үзөңгү,
Теппей атка минди эми.
Бастырып жөнөй берерде,
Чачыкей башын ийди эми:
«Айланайын, хан төрөм,

Бүгүн жортпой эртең жорт.
Каз, өрдөк кагып берерге,
Эки чороң эрте жорт.
Түндө жатып, түш көрдүм,
Түйшүктү башка салардай,
Түшүмдө жаман иш көрдүм.
Шаңшыбас күндө Акшуңкар,
Шаңшып бүгүн калыптыр.
Жибек боосун тыткылап,
Кетмекчи болуп жатыптыр.
Кагылайын, хан төрөм,
Бүгүн жортпой эртең жорт.
Жалгыз жортпой жаныңа,
Жан жолдошуң эртең жорт».
Семетей анда кеп айтат,
Кеп айтканда бек айтат:
«Кое бер, долу, чылбырды,
Түш түлкүнүн богу — дейт.
Жолума каршы болгудай,
Жок аялдын чоңу — дейт.
Шаңшып жатса Акшуңкар,
Уялаш үнүн уккандыр.
Өзүң көргөн жаман түш
Өз башыңа бушмандыр».
Чылбырга бекем чырмалып,
Олоңго бекем оролуп,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Бастырбады чогоруп.
Арстандын уулу Семетей

Ачууланьш калды эми.
Толгомо саптуу булдурсун,
Толгой кармап алды эми.
Булдурсундун кайышын,
Сайга жазып кердирген.
Көк торпоктун терисин,
Ашын жакшы бердирген
Ийин жакшы кандырып,
Чеберлерге тердирген.
Он эки тилүү өрдүрүп,
Өнөрүн сонун келтирген.
Кас душманга тийгенде,
Кандуу камчы дедирген.
Булдурсун менен как ошол,
Май сооруга чапты эми.

Чыңырып ыйлап Чачыкей,
Айланып атты качты эми.
Калдыркан ала көйнөгү, .
Кат-катынан бөлүндү.
Чачыкейдин такымдан,
Куюлуп каны төгүлдү.
Ташка ойногон улактай,
Так секирип маарады.
Семетейди Чачыкей
Сел болуп жашы каргады:
«Барганыңдан келбей кал,
Базар үйүң көрбөй кал.
Кеткениңден келбей кал,
Кербен үйүң көрбөй кал.
Жетериңе жеткирбей,
Жедигер алсын кушуңду.
Айтканымды билерсиң,
Көргөндө сен ушуну.
Ээрден тайып көчүгүң,
Эр Толтой алсын атыңды.
Чыргалап сени өлтүрүп,
Чынкожо алсын катынды».
Каргап, шилеп Чачыкей,
Каргап артта калды эми.
Эси кетип эндиреп,
Талмадай талды ал эми.
«Катын каргыш эрге өтпөйт,
Кой каргышы бөргө өтпөйт.
Куралы жок колунда
Куру кайрат жоого өтпөйт».

Деп Семетей баатырың,
Тайбуурул менен чуу коюп.
Шайбырлата бастырып,
Шамалдатып дуу коюп.
Жүрүп кетти шалкылдап,
Баатыр Семең балкылдап.
Туулга, зоот, калканы
Күн чагылып жаркылдап.
Куш салуучу жерине,
Жетип барды жакындап.
Акундун кызы Айчүрөк,
Асмандан учуп жеткени
Көңүлүмдү толтуруп,
Көрөйүн деп беттеди.

www.bizdin.kg

Кыз-келинди кызытып,
Эки беттен кан тамган
Дүмөктүү кыйын бала экен,
Кызматы менен калкты алган.
Чоңдугу төөнүн нарындай,
Толкуну көлдүн шарындай.
Ысыгы жайдын айындай,
Суугу кыштын каарындай.
Качырганы жолборстой,
Илгирлиги илбирстей.
Өткүрлүгүн карасаң
Ак болоттун мизиндей.
Келберсиген Семеңдин,
Кеңдиги кенен Таластай.
Эрдигин байкап карасаң
Атасы айкөл Манастай.
Саясына карасаң
Салтанаттуу чынардай.
Маңдайынан байкасаң,
Кара кашка тынардай[27].
Ашык болуп Айчүрөк,
Арман кылат кыя албай.
«Жорго минип шалкылдап,
Бадана кийип жаркылдап,
Жүрөр күнүм бар бекен?
Атпай элге шаң болуп,
Семетейге жар болуп,
Күлөөр күнүм бар бекен?!
Буурулду минип булкулдап,
Сыр найза колдо солкулдап.
Эр Семетей толкундап,

Барар күнү бар бекен.
Арылтып баштан түнөктү,
Алчылантып Чүрөктү,
Кубандырып жүрөктү,
Алар күнү бар бекен».
Мына ушундай ойлонуп,
Өрттөлүп ичтен толгонуп,
Асманда учуп Айчүрөк,
Айласы кетип торголуп.
Арстан туулган Семетей
Аны менен иши жок,
Ажыдаардай жалкы өскөн,
Жанында жолдош киши жок.

Жалгыз жүрөт кенебей,
Жалганды бу элебей.
Кас душманды каскактуу,
Бучкагына теңебей.
Гүлчоро минип Суртелки,
Канчоро минип Актелки,
Жебедей жетип келишти,
Жетилген балдар бир келки:
«Ойго тиккен чатыр жок,
Ойноп жаткан катын жок.
Кырга тиккен чатыр жок,
Кызыгып жатар катын жок.
Арстан баатыр абамдын,
Аркасынан баралы.
Эрмекке эргип, куш салып,
Эриккенди жазалы».
Гүлчоро менен Канчоро,
Үзөңгү бутта кагышып.
Семетейдин ордого,
Жетип келди жарышып.
Ат дүбүртүн укканда,
Үйдө жаткан Чачыкей
Ыргып туруп ордунан,
Талаага чыкты так текей

Чачыкей анда кеп айтат:
«Чоролор уккун — деп айтат.
Кештелүү калпак, кең шалбар,
Кеңешим айтам жаш балдар.
Саймалуу калпак, кең шалбар,
Санатым айтам жаш балдар.
Атыңдын башын бура тур,
Арыз айтам тура тур.

Тизгинди ээрге иле тур,
Кеп айтамын тура тур!»
Кайрыла карап Гүлчоро,
Атынын башын бурду эми.
Канчоро күлүп каткырып,
«Канакей, айт — деп, турду эми.
Чакырбас күндө Чачыкей
Чакырып бизди калганбы?
Ачуусу келип абакем,
Абыдан сабап салганбы?
Эрке жеңем Чачыкей,

Же, бир жактан кабар алганбы?!»
Чачыкей анда муну айтат,
Серпип кашын муң айтат:
«Жекендүү көлдүн жээгинде,
Камыштуу көлдүн тээгинде,
Шабырлуу көлдүн четинде,
Өрдөктүү көлдүн бетинде,
Укурук моюн чоң аккуу,
Башын жерге салуучу,
Балырды сууруп алуучу,
Кукулдап канат кагуучу,
Как ошону көргөндө,
Абакең кушун салам дээр,
Куркулдаган кубулуп,
Кууну алдырып алам дээр.
Айткыла кушун салбасын,
Армандуу болуп калбасын.
Ак була көрсө албасын,
Булага көзүн салбасын!
Була деп буруп байланып,
Айрылып куштан калбасын!
Ак балык көрсө албасын,
Кармаймын — деп барбасын!
Канжыгама чалам — деп,
Айрылып куштан калбасын!
Шуңкарды балдар салдырба,
Аккууну балдар алдырба!
Буланы балдар чалдырба,
Балыкты балдар бастырба!
Жарасаңар бул ишке,
Жаныма өргөө тиктирем.
Кааласаң кандай сулууну,
Экөөңөргө алып берем.
Айтканымды кылбасам,

Убадамда турбасам,
Башымды тартып булгасам,
Көмөккө колум сунбасам,
Төбөсү ачык көк урсун!
Төшү түктүү жер урсун!
Ак милтенин чогу урсун!
Ак келтенин огу урсун!
Эки чоро айтканым,
Экөөңөргө арыз болсун.
Айтканымды кылбасаң,

Мойнуңарга карыз болсун!»
Гүлчоро менен Канчоро,
Макулдап антын айтты эми.
Семетейге жетүүгө,
Аттарга камчы басты эми.
Муну кое туралы,
Акшуңкарды Айчүрөк,
Алып качканын угалы.

Айчүрөктүн акшуңкарды алып качышы

Кара суунун боюна,
Жекендүү көлдүн оюна,
Жетип барды Айчүрөк
Семетейдин жолуна.
Алмамбеттин Гүлчоро,
Эр Чубактын Канчоро,
Алар да жетип барышты,
Семетейге тел чоро.
Кара жолдун чаңында,
Ар кубулуп нурланып,
Эшик эндүү ак була
Жаткан экен буралып,
Буланы көрүп эр Семең,
Чоролорун чакырып,
«Ак буланы ал!» — деди,
Эр Семетей бакырып.
«Анжиандын астынан,
Намангендин үстүнөн,
Көтөрмөчү соодагер
Көк муштум болуп үшүгөн
Түн катып жолдон өткөнбү?
Ооп жүгүн төккөнбү?
Мына бу жаткан ак була,
Ошолордон түшкөнбү?
Такалуу аттын изин чал,
Артынан кууп жолго сал.

Бизден качкан сарт болсо,
Соодасын бардык тартып ал.
Бизде аларман аз бекен?
Ал да бизге кас бекен?
Кызыл кулак кымбатчы,

www.bizdin.kg

Олжо кууган наз бекен.
Атам Манас өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө,
Сан дүйнөсүн атамдын,
Камчыга ченеп бөлгөндө.
Абыке, Көбөш арамдар,
Аколпокту алыптыр,
Булайт кийип салыптыр.
Тышы оңуп, тытылап,
Кыргагы кетип кырчылып,
Калган экен Аколпок,
Ичи, тышы жыртылып.
Эңип алгын буланы,
Балбандарга бурдуруп,
Ханыша энем Каныкей,
Каратып ага турдуруп,
Келиштирип тиктирип,
Аколпокту киели.
Ужмактуу* жеңең Чачыкей,
Уз экенин билели».
Анда туруп Гүлчоро
Абасына кеп айтат:
«Жолдо жаткан буланы,
Не кылабыз? — деп айтат.
Алтымыш ала жорго айдап,
Анжианга кирейин.
Керек болсо ак була,
Келтирип аба берейин.
Жетимиш жээрде жылкы айдап,
Жеркенге мен жетейин.
Жетимиш кулач ак була,
Жеткирип аба берейин.
Өрдөктүү көлгө баралы,
Өрдөккө кушту салалы!
Камыштуу көлгө баралы,
Казга кушту салалы!»
Аны угуп Семетей
Ат коюп көлгө калды эми.

Акшуңкардын башынан,
Томогосун алды эми.
Ак жибек боосун шуңкардын
Агытып Семең тартты эми.
Талпынган алгыр кырааанды,
Таманга шилтеп какты эми.

Абалап учуп Акшуңкар,
Айланып көлдү чалды эми.
Көтөрүлүп көкөлөп,
Көздөп кууну калды эми.
Алтындан кылган доолбас,
Арстан Семең какты эми.
Жайнап жаткан каз, өрдөк
Жайыла учуп качты эми.
Семетей менен Канчоро,
Жарыша атын чапты эми.
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Аярлап артта калды эми.
Эшик эндүү буланы,
Эңип жерден алды эми.
Кыян жеген кемерге,
Таш бастыра салды эми.
Аркасынан Семеңдин,
Салып жетип барды эми.
Түрөгөй өрдөк, ала каз
Түмөнү менен алдырып.
Балапан өрдөк, бала каз,
Баркылдатып алдырып,
Жүргөн экен Семетей.
Кара сууну айланып,
Тайбуурулду тер кылып,
Каз, өрдөктү байланып.
Арстан Семең муну айтат,
Агартып тишин кылайтат:
«Алмамбет уулу Гүлчоро
Акшуңкарды алалы,
Кара суунун өйүзгө
Кечип өтүп баралы.
Каз, өрдөгү көп экен,
Кандыра кушту салалы!»
Хан Семетей, Гүлчоро,
Кара суунун кайнарга,
Карап булар калды эми.
Как жонунун үстүндө,
Кара ала сыя каты бар

Төбөсүндө укмуштуу,
Бармак басым калы бар,
Айланып турган жээгинде,
Алтын балык көрүндү.
Серп салып аны көргөндө,

Семеңдин көөнү бөлүндү.
Анда Семең муну айтат,
Суу түбүнө кол жаңсайт:
«Эки түгөй эр чоро,
Шай колдогон шер чоро.
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен туйганды туйдуңбу?!
Как жонунун үстүндө,
Кара ала сыя каты бар
Төбөсүндө укмуштуу,
Бармак басым калы бар,
Алтын балык көрүндү,
Сууга кире калгыла!
Качырбастан чоролор,
Кармап аны алгыла!
Уурутунан өткөрүп,
Канжыгага чалгыла.
Эрке жеңең Чачыкей,
Тартууга алып баргыла!
Камчы чаптым сооруга,
Кабагын анын ачкыла!»
Семетей мындай дегенде,
Гүлчоро карап турчубу?
Анжиандан алдырган,
Өтүктү буттан сууруду.
Сууга кирди тепкилеп,
Балыктын башын эзгилеп.
Көрмөксөн болуп калп эле,
«Кана абаке кана» — деп.
Анда Семең кеп айтат,
Ачуусу келип бек айтат:
«Арамзаада акмак кул,
Арыбын көр, антын көр,
Көрмөмүш болуп калп эле,
Кылып турган дартын көр.
Кармабасаң, кармаба
Кармаймын мен өзүм — деп,
Ак балыкты көрбөгөн,
Агып кетсин көзүң» — деп,
Сууда жаткан балыкка,

Эр Семетей кол салды.
Шилисинен бек кармап,
Булгактатып колго алды.
«Канчоро муну карма —деп,

Канжыгага байла — деп,
Эрке катын Чачыкей
Жеңеңе аны арна» — деп.
Канчорого берди эле,
Канчоро карап турбады,
Илип алып балыкты,
Канжарын сууруп алды эми.
Ак балыктын алтындай,
Кардын жарып салды эми.
«Кирген балык экен — деп,
Эти сасык экен» — деп,
Семетейге барды эми.
Мына ошентип Канчоро,
Семетейди жайкады.
Карды жарык балыкты,
Кара суугa таштады.
«Кап сени — деп,— арам кул»
Семетей кушун алды эми.
Аттанып андан салдырып,
Көлдү көздөй барды эми.
Жекендүү көлдүн жээгинде,
Камыштуу көлдүн четинде,
Укурук моюн чоң аккуу
Шабырлуу көлдүн бетинде.
Куйругу менен кум сабап
Канаты менен суу сабап,
Кукулдап оттоп калыптыр,
Кубулуп көркү нур сабап.
Аны көрүп Гүлчоро
Семетейге кеп айтат:
«Айланайын, абаке,
Кечкече кушуң сен салдың.
Кумар болуп мен калдым.
Аккуугa кушуң салайын,
Мага бер, аба» — деп айтат.
«Бербеймин» — деп айта албай,
Берендин көөнүн кайтарбай,
Алп мүнөздүү эр Семең,
Эчтемеден шек албай.
Гүлчорого карматты.
Колундагы шуңкарды.

Шуңкар колго тийгенде,
Бура тартып тулпарды,
Карабастан артына,

Гүлчоро качып жөнөдү.
Ачуусу келип Семетей,
Айкырып катуу көгөрдү:
«Арам гана акмак кул,
Арыбын көр, мантын көр.
Салдырбай кушту аккууга,
Ала качкан дартын көр.
Торгойдой болгон мойнуңду,
Толгоп үзүп албасам.
Кекиликтей мойнуңду,
Кедери толгоп албасам».
Алты аттатпай Семетей —
Артынан жетип барды эми.
Гүлчорону качырбай,
Кайрып торгоп калды эми.
«Кагылайын, аба» — деп,
Гүлчоро анда кеп айтат.
Кара күчкө каткырып,
«Качпадым аба — деп айтат.
«Айланайын, абаке,
Ат чаптырып көрбөпсүң,
Же колума кондуруп,
Куш салдырып көрбөпсүң.
Алдымдагы Актелки,
Оозу катуу мал экен,
Ала качса, качтың — деп,
Ачуулансаң таң бекен?
«Арам» — деп аба тилдебе,
Арамдык кантип кылайын?
Кыянат кылсам өзүңө,
Кылдай мойнум кыяйын!
Ала качып шуңкарды,
Не муратка жетейин?
Кыярлык кылсам, абаке,
Кыяматка кетейин!»
Аны угуп Семетей
Ачуусу келген басылды.
Ак көңүлдүү эрендин,
Ай кабагы ачылды.
Гүлчоро менен Семетей,
Кайта жанып желишти.
Куркулдаган чоң аккуу

Көлгө жетип келишти.
Караса аккуу кубулат,

Ар башкача бурулат.
Чагылышып күн менен
Чачылып нур куюлат.
«Кагылайын, аба» — деп,
Канчоро анда муну айтат!
«Күрк болгон куу окшойт»
Деп, кайдакы муңду айтат.
«Айланайын, абаке,
Алыстан келген куу окшойт.
Уясында чайкаган,
Жумурткасы бар окшойт.
Үзүлүп анын тукуму,
Уясы бөөдө суубасын.
Шуңкарды буга салбайлы,
Убалы бизди урбасын!»
Аны угуп Семетей,
Ачуусу келип калды эми.
Гүлчоронун колунан,
Шуңкарды жулуп алды эми.
Узун боосун агытып,
Кыска боосун тартты эми.
Жагоодон басып ылдыйга,
Тамандан өөдө какты эми.
Абалап учуп Акшуңкар,
Аккууну жетип алды эми.
«Бат жет» — деп, Семең сүйүнүп,
Бакырыгын салды эми:
«Шуңкарга кууну тыттырбай,
Ажыратып алгыла!
Ак тайлактай өңөрүп,
Чачыкейге баргыла!»
Гүлчоро менен Канчоро,
Күүлөнүп чаап барышты.
Аңгыча аккуу көкөлөп,
Аңырайып калышты.
Чагарактуу алтын боо,
Жыйнай кармап алыптыр.
Акшуңкарды көтөрүп,
Асмандап учуп калыптыр.
Кукулдаган чоң аккуу,
Кукулдап учуп калды эми,
Куюн шамал салды эми,
Шыпылдаган чоң аккуу,

Шыпылдап учуп калды эми,
Шыбыргак шамал салды эми.
Бөксөнүн башы мөндүрлөп,
Жаканын башы жамгырлап,
Кулак-мээни тундуруп,
Күн күркүрөп калдырлап.
Асманда булут бурулду,
Алты сай мөндүр куюлду.
Көктө булут бурулду,
Көнөктөп жамгыр куюлду.
Алай-дүлөй нөшөрлөп,
Аш бышымга күн жаады.
Адамды аң-таң калтырып,
Ачылып арттан нур жаады.
Каректин курчун майтарып,
Караса көзгө илинбейт.
Каран калган чоң аккуу,
Кай кеткени билинбейт.
Тилекти ташка чабылтып,
Тиктесе көзгө илинбейт.
Акшуңкар менен аккуунун,
Кай кеткени билинбейт.
Көтөрүп алып шуңкарды,
Чоң аккуу кетти көкөлөп.
Асманды карап аңырып,
Семетей калды төтөлөп,
Каары катуу Семетей,
«Гүлчоролоп» бакырды.
Күркүрөп кирген буурадай,
«Гүлчоролоп» чакырды:
«Бүгүн, чором, үч кылдың,
Аягында күч кылдың.
Акшуңкарды алдырып,
Айран-таң калар иш кылдың.
Ак була көрдүм албадың,
Ак балык көрдүм кандадың.
Аккууга кушту салдырбай,
Ала качтың, алдадың.
Ар жорукка баштадың,
Аягында шуңкардан
Ажыратып таштадың.
Эртең менен Чачыкей
Бастырбай жолум торгоду.
Түшү бузук ал долу,
Түбүндө эмне ойлоду?!

Качырып алып шуңкарды,
Кандайча куунун болжолу?
Албадың менин тилимди,
Айландырып койгонбу?
Карыдан канча кеп уктум,
Мындайды бирок укбадым.
Каңгыртып мени бул аккуу
Кайда кетти шуңкарым?!
Акылмандан кеп уктум,
Арыпты мындай укбадым.
Аңыртып мени бул аккуу,
Кайда кетти шуңкарым?!
Алдымдан ажал тоссо да,
Акшуңкар таппай койбоймун.
Асман, жердин арасын
Арытсам да жойлоймун!»
Эр Семетей баатырдын,
Ачуусунун келгенин
Эми билди Гүлчоро.
Аккуунун жайын бул укпай,
Баш аягын биле албай,
Куунун жайы кандай деп,
Чачыкейден сурабай.
Байкоосуз келген жаш бала,
Өпкө оозуна капталды,
Өрөпкүп жаны тас калды.
Апкарып калган Гүлчоро,
Анда туруп кеп айтат:
«Айланайын, абаке,
Аңдагын сөздү — деп айтат.
Көрүп туруп айтпасам,
Көр азабын тартайын.
Аккуунун сырын билбесем,
Аны кайдан байкайын?
Болоорун билсем бул иштин,
Боорумду отко кактайын.
Качаарын уксам шуңкардын
Канымды өзүм татайын.»
Ак көңүлчөөк Семетей
Анда туруп кеп айтат.
«Гүлчоро менен Канчоро,
Уккула сөзүм — деп айтат.
«Айланайын, чоролор,
Алдымда жүрсөң акжолтой,
Артымда жүрсөң ээрчишип,

Арка болгон сан колдой.
Акшуңкар колдон кетти — деп,
Арзымды эми кимге айтам?
Акшуңкарды таппастан,
Калкыма кантип мен кайтам?!
Аялдап мында турбастан,
Аттанып үйгө кайтып бар.
Чачыкейге чаң салган,
Саламымды айтып бар.
Качаарын билген шуңкардын,
Кабарын айтып берсин! — де,
Кетээрин билген шуңкардын,
Келеерин айтып берсин! — де.
Качаарын билген шуңкардын,
Кабарын айтып бербесе,
Кетеерин билген шуңкардын,
Келеерин айтып бербесе,
Чачын кыркып долуну,
Кыркмач байтал кылгыла;
Бетин тилип долуну,
Кементайды кийгизип,
Кер байталга мингизип,
Айдап аны алгыла.
Шаатемирдин колуна,
Эртеңден калбай салгыла!»
Муну укканда эр чоро,
Эки түгөй шер чоро.
Жарыша чаап аттарын,
Жетип келди Кең-Колго.
Эрке катын Чачыкей,
Эшикке чыкты делбиреп,
Эки чоро түрүнөн
Эси кетип эндиреп.
Семетей жок караса,
Селейип калды сендиреп.
«Аккуута кушун салган, бейм,
Алдырып кушун жанган, бейм,
Балакеттү шыйкырдан
Балаага башы калган, бейм!»
Аярлап басып Чачыкей,
Арка чачын чубалтып,
Тосуп чыкты алдыдан,
Чоролорго муну айтып:
«Казга кушуң салдыңбы?
Канжыгага чалдыңбы?!

Өрдөккө кушуң салдыңбы?
Байланып келип калдыңбы?!
Ат-атыңан түшө кал!
Суусунга кымыз иче кал!
Алдырып дем атыңды,
Андан кийин жолго сал!»
Гүлчоро анда кеп айтат,
«Ичпейбиз кымыз — деп айтат,
Акшуңкардын дайынын,
Айтып бер» — деп бек айтат.
Чачыкей анда муну айтат,
Чамыркап сөзүн улантат:
Табасы канган немедей,
Тарап чачын булайтат.
«Сонорго бүгүн барба — деп,
Аккууга кушуң салба — деп,
Айтпадымбы куш салып,
Азабын тартып калба!» — деп.
Гүлчоро анда кеп айтат,
Күүлөнүп катуу бек айтат:
«Арытпай абам тулпарын,
Айтып бер кушту» — деп айтат.
Чачыкей анда муну айтат,
Агартып тишин кылайтат.
Акчыланып карганып,
Карматпай куйрук чунайтат:
«Талаада эркек ал болсо,
Үйдөкү аял мен болсом,
Талаадан качкан шуңкарды —
Арытпасын «барба» — деп койсом,
Талаадан качкан шуңкарды.
Үйдөкү аял билеби?
Качырып кушун колунан,
Каары мага тиеби?!
Эркек кушун билүүчү,
Катын ишин билүүчү.
Айтып баргын чоролор,
Чачыкейдин кеби ушу».
Келберсиген Чачыкей,
Кедери басты кенебей.
Эки бирдей чорону,
«Адамбы» — деп элебей.
Семетей ага жиберген
Пейилдерин бейлебей.
Шай колдогон Гүлчоро,

Теминип атын чиренди.

Толгомо саптуу камчыны,

Толгой кармап имерди.

Кайта баскан долуну,

Капталга тартып жиберди.

Калдыркан ала көйнөгү,

Капталынан бөлүндү.

Бүлдүркөн ала көйнөгү,

Бүгүшүнөн сөгүлдү.

Бети менен жыгылып,

Берметтей жашы төгүлдү.

Оролгон узун олоң чач,

Ороп колго алыптыр.

Чачыкейди чаңдатып,

Гүлчоро сабап калыптыр.

Торпоктойдун Канымжан,

Арачалап алыптыр.

Айыл башы Сары абаң,

Алдырап, а да келиптир.

«Айтып бер!» — деп билгениң,

Ага сөздү бериптир.

Анда долу Чачыкей

Айкырыгын салды дейт.

«Талаадан качкан шуңкарды,

Табам —деп,— кайдан калды» —дейт.

Анда келип Каныкей,

Акыл менен кеп айтат.

«Айтып бергин кушун» — деп,

Аяп аны эп айтат:

«Кечөө келдиң Чачыкей,

Кер жорго минип шаркылдап.

Кетесиң эми сен кантип,

Кер байтал минип салпылдап.

Шаатемирдин шаарынан,

Шаң менен келдиң жаркылдап.

Эми кантип кетесиң,

Кементай кийип салпылдап.

Сендей долу катындан,

Семетей коркчу эр эмес.

Атайын келген Гүлчоро,

Аяп койчу шер эмес.

Качарын билген шуңкардын,

Кабарын эми айтып бер,

Кетерин билген шуңкардын,

Келерин эми айтып бер!»

Чачы кеткен чубалып,
Чачыкей анда муну айтат,
Чакчылекей чаң болуп,
Чаңырып ыйлап муң айтат:
«Кечөө күнү кечинде.
Кечки салкын бешимде,

Акундун кызы Айчүрөк,
Айткандыгы эсимде:
«Аташканым Семетей
Аялдыкка алсын — деп,
Аялдыкка албаса,
Акшуңкар издеп калсын» — деп.
Айткан тилим албастан,
Аккууга кушун салгандыр.
Акундун кызы Айчүрөк,
Алып кетип калгандыр.
Барса издеп Семетей,
Базар үйүн көрбөсүн.
Кетсе издеп Семетей,
Кербен үйүн көрбөсүн.
Эрегишкен урушта,
Эр Толтой алсын тулпарын.
Айчүрөккө олжолоп,
Чынкожо салсын шуңкарын.
Катын алам деп барып,
Кармалып жоого байлансын.
Ачалбарс тийип мойнуна,
Канына жер майлансын».
Чачыкей каргап ушундай,
Чаңдатып топо сапырды.
Гүлчоро күүлөп камчысын,
Чачыкейди качырды.
«Каңкылдаган ит долу,
Каргышың кара ташка — деп.
Кара көзүң кашайып,
Капталсын кандуу жашка» — деп
Гүлчоро менен Канчоро,
Семетейге жөнөдү.
Алдыдан тосуп Семетей
Ачуусу менен көгөрдү:
«Оюнду коюп чыныңды айт.
Эки чоро сырыңды айт.
Шырылдаңың укпаймын,
Шылдыңды коюп ыгыңды айт.
Чачыкейге бардыңбы?

Чачын кесип салдыңбы?
Чаргыткан ал долудан,
Акшуңкар дайнын алдыңбы?»
Анда чоро кеп айтат,
«Абаке, уккун — деп айтат.

www.bizdin.kg

Акшуңкар дайнын таптым» — деп,
Кулакка жаккан эп айтат:
«Айланайын, абаке,
Чороңо бергин сүйүнчү.
Бак талашкан сен менен,
Душманга болсун күйүнчү.
Сымбаттуу сулуу сеники,
Сыналган күлүк меники.
Айтылуу сулуу сеники,
Атактуу күлүк меники.
Чачынан сүйрөп камчылап,
Чачыкейден кеп уктум.
Акшуңкарды Айчүрөк,
Алып кетти — деп уктум.
Айчүрөктүн, абаке,
Айтып бүткүс сыры бар.
Акындар мактап ырдаган,
Ак кардан аппак сыны бар.
Калемден кара кашы бар,
Кундуздай сонун чачы бар.
Берметтей тизген тиши бар,
Перизат — деп даңкы бар.
Ургаачыдан уз деген.
Укмуштуу учар куш деген.
Күн менен айдай төгүлөт,
Көзүнөн анын нур деген.
Аккуу болуп кубулуп,
Ар башкача бурулуп,
Ай нуруна чагылып,
Күн нуруна жуулуп,
Абалап көктө учту — дейт,
Ай астында сызды — дейт,
Аташканы сизди издеп,
Ааламды кезип чыкты дейт.
Аттанып, аба, баралы,
Акшуңкарды табалы.
Аташканың Чүрөктү,
Күйөөлөп барып алалы.
Чынкожо менен Толтойго
Чырды катуу салалы.

Тарттырып ийип Чүрөктү,
Тамтайып кантип калалы».
Аны угуп Семетей,
Атасын эске алды — дейт,

www.bizdin.kg

Арбагына жалынып,
Ак күмбөзгө барды — дейт.
Айчүрөккө барууга,
Аттанмак болуп калды — дейт.
Каныкей менен Бакайдан
Канып кеңеш алды дейт.
Муну таштай туруңуз,
Чүрөктү издеп Семетей
Жөнөшүнөн угуңуз.

Семетейдин Айчүрөктү издеп жөнөшү

Жыргалдуу Кең-Кол жеринен,

Ак калпак кыргыз элинен,
Кайнардын кара көзүнөн,
Как чынардын өзүнөн.
Төрт-Көлдүн төмөн жагынан,
Төрөңдүн сайган багынан.
Баркөлдүн маңдай жагынан,
Бакайдын салган тамынан.
Жергенин сары талаадан,
Чатырап жаткан шалбадан.
Аз олуя Баркөлдөн,
Кыз олуя Кең-Колдон —
Ала-Көлдүн кашынан,
Айдың-Көлдүн сазынан.
Жекендүү көлдүн жээгинен,
Камыштуу көлдүн четинен,
Өрдөктүү көлдүн өзүнөн,
Шабырлуу көлдүн бетинен,
Акшуңкарды качырып,
Ак белести ашырып,
Ат арытып чапкылап,
Алыскы жерден кеп угуп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Алып кетти деп угуп.
Аркасынан Чүрөккө,
Барамын — деп, дем уруп,

Хан абасы Бакайдай,
«Акыл, кеңеш алам — деп.
Айчүрөк менен шункардын,

Аркасынан барам — деп,
Аташканым Чүрөктү,
Аялдыкка алам — деп,
Чынкожого алдырып,
Кантип карап калам — деп,
Айтып турду Семетей,
Акылман Бакай абам» — деп.
Бу дүнүйө жалганда,
Көрбөгөн адам арманда.
Бакай айтпай турабы,
Жол сурап Семең турганда.
Акылман Бакай кеп айтат,
«Абайлап уккун» — деп айтат.
Чымыркап Бакай кеп айтат.
«Чырагым уккун» — деп айтат:
«Баатыр Манас барында,
Турганымда жанында.
Көрбөгөндү көргөмүн,
Ар жорукка көнгөмүн.
Абыкенин тушунда,
Азап чегип өлбөдүм.
Эр жеткени сен өзүң,
Эл башкарып төрөлдүм.
Бакай абаң, Семетей,
Барбаган жери калбады.
Жалгандын бул, абакең,
Жалпагынан аттады.
Жол маанисин менден ук,
Менден уксаң бейлеп ук.
Айтып турган сөзүмдүн,
Ар тарабын тейлеп ук.
Ак сакал кара чагында,
Болуп турган маалымда.
Саадагым кырк кез экенде,
Алгыр куштай табымда,
Атаңа кылдым кызматты,
Аянбастан жанында.
Ал кездеги чагым жок,
Баштап барар алым жок.
Карып калган кезимде,
Армандуу ичке салдың чок.
Ашыкпай жүрсөң чырагым,

Алтымыш күндө барасың.
Аман болсоң тынарым,

Душмандан кегиң аласың.
Эрикпей жүрсөң чырагым,
Элүү күндө барасың.
Эсен болсоң тынарым,
Эңсегениң аласың».
Айтканындай Бакайдын.
Жолдун баарын каттады.
Акылга алып Семетей,
Көңүлүнө жаттады.
Каныкей анда кеп айтат,
«Калтырбай уккун — деп айтат.
Атаң Манас барында,
Алмамбет, Чубак жанында.
Абаң Бакай баш болуп,
Кашкарга барган чагында.
Тумшуктуу жолду тоскондо,
Баары журттан озгондо.
Коңурбай менен Жолойдун,
Миң төө чайын алганда.
Кебез тоону айланып,
Чоң Үргөнчкө барганда.
Кийик уулап жүргөндө,
Таап келген талаадан,
Ага сонун ат коюп,
«Айчүрөк» — деп атаган.
Акундун ошол кызына,
Бел куда болгон хан атаң.
Кийит кийип кайтышкан
Баштап Бакай хан абаң.
Анда балам Семетей
Курсактагы кезегиң.
Эске балам бекем түй,
Эми айтам эсебин.
Акун хандай кайның бар,
Айчүрөктөй зайбың бар.
Тор этине толсун деп.
Айтпай жүргөн айбым бар.
Чынкожо, Толтой кол баштап,
Акун ханга барган, бейм.
Айчүрөктү алам деп,
Ага бүлүк салган, бейм.
Аргасы кетип Айчүрөк,
Өзүңдү издеп калган, бейм.

Айта албай сага арманын,
Кушуңду алып качкан, бейм.
Алтымыш күнү жол жүрсөң,
Акундун шаарын табасың.
Кекенишкен душмандын
Кесип башын аласың».
Деп, Каныкей кең пейил,
Ачкычын колго алды дейт.
Хан Манас жыйнап калтырган
Казынага барды дейт.
Алдырып бардык буюмун,
Ачтырып килит куржунун,
Сууруп алып берди дейт.
Сыйга киер сыр тонун.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Уздук менен тигилген,
Эки кабат ичи бөз.
Сыйга кийчү сыр тондун,
Сырты көркөм буулумдан.
Он эки катар топчулук,
Топчуланып коюлган.
«Атаңдан калган ак олпок,
Аны да кийип ал — деди.
Саймалуу сары кандагай,
Аны да кийип ал» — деди.
Айта берсең кандагай,
Аңгемелеп арбын кеп.
Кандагайдын жомогу,
Баары журтка дайын кеп.
Чоң Ополдун көп теке,
Тандап туруп аттырган.
Алмалууга киргизип,
Алма кабык алдырган.
Ашын берип абыдан,
Ашка жакшы кандырган.
Малмырата эзилтип.
Малмага канык кандырган.
Аябастан өңдөтүп,
Аялды канча жадаткан.
Аппак кылып буладай,
Эки берип агарткан.
Керип-чоюп ийлетип,
Балбандарды таңданткан.
Акылы артык Каныкей,

www.bizdin.kg

Уздук менен иштеген.
Алтымыш келин тигишип,
Арыганча тиштеген.
Кашка тиштер жоюлган.
Кара көздөр оюлган.
Кармап тартса кандагай,
Кайыштай бекем чоюлган.
Кое берсе кандагай
Кол башындай чогулган.
Отко салса от өтпөйт,
Милтеге салса чок өтпөйт.
Карсылдашкан казатта,
Канча атса да ок өтпөйт.
Кандагайды ылайым,
Чапса кылыч кеспеген
Кандагайга канчалык,
Найза сайса тешпеген.
Алтындан кылган чоң кемер,
Анда Семең курчанды.
Жагалданып берениң,
Жаркылдап өңү нур чалды.
Каныкей жана кеп айтат:
«Гүлчоро менен Канчоро
Келгиле, мындай» —деп айтат.
Канчорого калтырган,
Чубактын берди тондорун.
Темирден кылган күрөөкө,
Туулга, калкан, зоотторун.
Гүлчорого калтырган,
Алмаңдын берди тондорун.
Жалаң кылыч, сыр найза,
Туулга, калкан, зоотторун.
Жана берди Каныкей
Алмамбет ага каттырган.
Кырк эки тилдин баарысын,
Кылдаттык менен айттырган.
Сай сагызган тилине,
Дуба менен катырган,
«Аны берди жегин» —деп,
Алмамбет атаң таптырган.
Берендердин белегин,
Берип болуп калтырбай,
Акылман энең Каныкей,
Насаат айтат мамындай:
«Атаңар аты эр Манас,

Жердеген жери кең Талас.
Атаңар атын булгатпай,
Ар-намысты бек талаш.
Үргөнчтүн жери сом деген,
Агын суусун чоң деген.
Кечүүсүн таап кечип өт,
Ойнобо тилсиз жоо менен.
Тууганым менин экен деп,
Чынкожону аяба,
Тогошпосо өзүнчө,
Толтойго кара санаба.
Калтырбай кадыр-көңүлүн,
Кеңеш кебиң сала жүр.
Ээрчитип эки чороңду,
Кайда барсаң ала жүр.
Жолуңда сонун жерлер бар,
Кара кулак шерлер бар.
Буралган тулаң чөп болот,
Кайберени көп болот.
Жерине балам кызыгып,
Кайыбына тийбегин.
Уктап жаткан калаага,
Түн ичинде кирбегин.
Атаңа наалат конбосун,
Айкөл Манас колдосун.»
Каныкейден бата алып,
Хан Бакайдан кат алып,
Алачтан тандап Семетей,
Он төрт күлүк ат алып.
Ичин кызыл сырдаган,
Тышын аппак бордогон,
Жүрмөк болду чунагың.
Каныкейдин ордодон.
Жоготкон жогу шуңкары
Жоого минген тулпары.
Качырганы — шуңкары,
Казатка минген тулпары.
Айдаганы он төрт ат,
Астындагы Тайбуурул.
Издегени Айчүрөк,
Ээрчиткени эки уул.
Айдаганы Семеңдин,
Албуут туулган эрендин,
Калдуу кызыл жалдуу көк,
Тумардуу кызыл турна көк;

Токомбайдын Торала.
Токо бийдин Бозала,
Текечинин Темиркөк,
Тердебеген Көкала.
Ажыбайдын Карткүрөң,
Алмамбеттин Сарала,
Байбиченин Бозжорго,
Чачыкейдин Койжорго,
Хан Бакайдын Сурчолок,
Айта берсең көп жомок.
Сары хандын Туучунак,
Каныкейдин аргымак.
Абыкенин Актелки.
Көр Көбөштүн Суртелки.
Уйдан жоош кең колтук,
Азык арткан Акборчук.
Алты жууркан, беш мамык
Аны арткан Айбанбоз.
Шоошактын башын чалбаган,
Чуңкурга бутун салбаган,
Жекендин башын чалбаган,
Жээренге жетпей калбаган.
Күрүчүн жазда айдаган,
Күрүчкө күлүк байлаган.
Арпасын арбын айдаган,
Арпага күлүк байлаган.
Күндө жарак шайлаган,
Күрөшкөн жоосун жайлаган.
Айда жарак шайлаган,
Атышкан жоосун жайлаган.
Алты айга минсе арбаган
Азуусун сөйкөп карбаган.
Жети айга минсе арбаган,
Тиштерин сөйкөп карбаган.
Караңгыда калт этпес,
Башка чапса жалт этпес.
Алаштан чыккан он төрт ат,
Жооруп, чарчап жалп этпес.
Гүлчоро менен Канчоро,
Экөө бирдей эр чоро.
Ээрчиткени Семеңдин,
Эки бирдей шер чоро.
Арстандын уулу эр Семең,
Кайгырбаган эр немең.
Эрендин уулу эр Семең,

Элебеген эр немең.

Жетим калып жетилген,

Эркин өсүп элирген.

Эчтемеден кайтпастан,

Ителгидей теминген.

Ат көтөргүс зор болуп,

Ала-Тоодой керилген.

Кайтпаган жоонун баарынан,

Кайраты артык кабылан.

«Кайыр, кош» — деп элине,

Камылга кылып абыдан.

Аттарынын кундуздай

Куйрук, жалы төгүлүп.

Алты сан кыргыз элинен,

Алыстап чыкты бөлүнүп.

Ак асаба, кызыл туу,

Айгайлаган ызы-чуу.

Наакери бутта чойкоюп,

Сыр найза колдо койкоюп.

Кылыч белде кыңгырап,

Айбалта жанда шыңгырап.

Ай далыга жарашып,

Аккелте элди каратып.

Канчоро катуу ат айдап,

Гүлчоро кошту бат айдап.

Аттардын башын чулгутуп,
Топону көккө бургутуп.
Бөкөйдүн бөксө жол менен,
Бөрү жортпос жон менен.
Казылган кара шор менен,
Карышкыр жүрбөс жол менен.
Чалгындуу тулаң чөп келсе,
Чалдырбай жүрүп олтуруп.
Кайнарлуу булак суу келсе,
Каптырбай жүрүп олтуруп.
Оргуган аппак шор менен,
Он төрт күнү жол жүрдү,
Айлана кара тоо менен.
Айланып узак жол жүрдү,
Күнү-түнү алтымыш
Ат аябай мол жүрдү.
Тутумдашкан карарып,
Тоо түгөнүп түз болду.
Жорто-жорто бөлүнүп,
Жол айрылып үч болду.

Токтогон жери жолборстун,
Күн кеч кирип түн болду.
Санап көрсө Семетей,
Санаты кырк беш күн болду.
Каныкей сөзүн эске алып,
Бакайдын катын карады.
Алаштан чыккан он төрт ат,
Сүмбөдөй болуп жарады.
Тоо түгөнүп сай болуп,
Сай түгөнүп саз болуп.
Бакайдын кылган катынан,
Болжолу түгөп, аз болуп.
Айткандай Бакай болуптур,
Күн эсепке толуптур.
Артып алган аттарга,
Суусу байып, соолуптур.
Эр арыктап, най болгон,
Ат арыктап, тай болгон.
Чарчаганда чаалыгып,
Суу табылбай сай болгон.
Жиниккенде араңда.
Жер сонуну көрүндү.

Чаңкап таңдай катканда,
Суу сонуну көрүндү.
Булагы оргуп сайында,
Күкүгү таңшып талында.
Ар кубултуп тил безеп,
Булбулу сайрап багында.
Төр-төрүнөн карасаң,
Төгүлүп гүлү бураган.
Төшөгүңдөй төшөлүп,
Түрлүү тулаң булаган.
Өрүгү чирип көң болгон,
Көргөн адам мас болгон.
Өзөн, дайра, көлүнө
Өрдөк менен каз толгон.
Ачылып гүлү аңкыган,
Адамдын көөнү чалкыган.
Жойлогон жери чочконун,
Кемегедей казылган.
Төшүнө кайып жабылган,
Айдаган малдай жайылган.
Ырыскына адамдын,
Издегени табылган.
Чырпыгы бар чынардай,

Чынары бар мунардай.

Чымчыктарын карасаң,
Башка жердик улардай.
Чырылдаган үнүнө
Чыдап пенде тура албай.
Таранчысы өрдөктөй,
Талдары бар түркүктөй.
Бүркүттөрү үзүктөй,
Чычкандары күчүктөй.
Жекендери челектей,
Балтырганы билектей.
Маралдарын карасаң,
Мала кашка инектей.
Ор коену улактай,
Куландары кунандай.
Кунандарын карасаң,
Куруп салган дубалдай.
Кескелдирик жойлосо,
Кере кулач жыландай.
Жыландары чубалса,

Кере тарткан аркандай.
Эрен Семең чунагың,
Жерди көрдү ар кандай.
Жергелеп адам конгудай,
Жерле тартып койгундай.
Үйдү тиксең өрүштөн —
Май агып пенде тойгундай.
Арыстаның Семетей
Атынын башын бурганы.
Аркасына кылчайып,
Балдарга айтып турганы;
«Кештелүү калпак, кең шалбар,
Кеңешим айтам жаш балдар.
Саймалуу калпак, кең шалбар,
Санаамды айтам жаш балдар.
Алты күн өргүп бул жерде,
Ат сергитип алалы,
Анан Чүрөк баралы!
Жети күн өргүп бул жерде,
Бой сергитип алалы,
Анан Чүрөк баралы!
Жеткилең туулган Чүрөктөн,
Шуңкардын жообун алалы!
Жолукса Толтой, Чынкожо
Аянбай найза салалы.

Атабыз Манас болгон соң,
Аянып кантип калалы!
Ууруча шаарга кирбейли,
Учугуна тийбейли!
Атага наалат келтирип,
Абийирден кетип жүрбөйлү!»
Эр Семетей баатырың,
Балдарга мындай кеп айтты.
«Гүлчоро менен Канчоро,
Кошту түшүр» — деп айтты.
Төрт төбөлүү көк чатыр,
Танаптарын тарттырды.
Жез бурама казыгын,
Жерге мыктап кактырды.
Кермелерин чойдурду,
Кемегесин ойдурду.
Арбактарга ататып,
Кер байталды сойдурду.
Көмкөрмөлүү казанын

Алып келип астырды.
Арчадан кылган чөмүчүн,
Эт оодартып бастырды
Муну мындай таштайлы,
Семетейди Айчүрөк,
Тосконунан баштайлы.

Айчүрөктүн Семетейди тосуп чыгышы

Таң агарып атканда,

Тараза жылдыз батканда.
Айдарым зыркаар жел жүрүп,
Камыштын башы шуудурап,
Кара каш торгой чулдурап.
Теректин башы ыргалып,
Желеде кулун үн салып.
Суунун бети чымырап,
Жандын баары кыбырап.
Айчүрөк турду кашкайып,
Ак маралдай маңкайып.
Уктап жаткан кыздарга,
«Тургула!» — деп жар салып.
Улуусунуп кеп айтат:
«Ой сиңдилер» — деп айтат.
Теңтушсунуп кеп айтат:
«Ой курдаштар» — деп айтат.
«Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө сонун иш көрдүм.
Байланды буудан мамыга,
Тартынбай жерди кемирди.
Арпада баккан немедей,
Байлоодо туруп семирди.
Бу эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу!
Буудайык конду туурума,

Талпыйа күндү чүмкөдү.
Булуту жок апачык,
Карартып күндү бүркөдү.
Булбул конду талыма,
Сайрабай боюм эриди.
Бууланган Чүрөк элирип,
Канатсыз жаным эргиди.

Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу!
Көсөө куйрук көк даңгыт,
Көчөнүн ичин жойлоду.
Көргөн иттер кыңшыды,
Кыңшыганга болбоду.
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу!
Кара чаар кабылан,
Калаанын ичин жойлоду.
Карс этип иттер каппады,
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу!
Ажыдаардай ак жылан,
Аралап шаарды сойлоду.
Асман менен тең болду,
Аркырап шамал жел болду.
Аны көргөн адамдар,
Айбатынан тел болду.
Кара чаар сур жылан,
Калаада эркин сойлоду.
Караны тоого тең болду,
Каркырап шамал, жел болду.
Калаадагы биздин эл,
Карап ага тел болду.
Күндүн көзүн бүркөдү,
Көрсөтпөй көктү чүмкөдү
Аккан суулар бөгөлдү,
Көл толкубай көгөрдү.
Ойрон болгон биздин эл,
Ойлоп калды олорду.
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу!
Жедигердин Толтою,
Жергелей тартып жүгүндү.
Жер майышкан көп колу,

Желегин таштап бүгүлдү.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кара жандан түңүлдү.
Чынкожо, Толтой чымыркап,
Тосуп алдын турушту.
Аламандап ат коюп.
Алты күндөй урушту.
Ак ажыдаар буларды,

www.bizdin.kg

Асмандан арбап түшүрдү.
Торопоюн тоздуруп,
Торуңкай кылып бүтүрдү.
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу»
Отуз келин, отуз кыз,
Ойротто жок Калыйман.
Кыркы келин, кыркы кыз,
Кылымда жок Калыйман.
Эркелеген эркиндеп,
Эжеси Чүрөк доорунда.
Эжесине ийилип,
Эки колу боорунда.
Ийни салык, мойну кез,
Издеп тапкыч ойду тез.
Жумуру билек ак шакшак,
Кирсиз тиши апаппак.
Кош каркыра олоң чач,
Орто бойлуу, алма баш.
Кырдач мурун, кара көз,
Кымча белдүү, кыйгач каш.
«Эжеке Чүрөк» — деп айтат,
Эптүүсүнүп кеп айтат.
«Апаке Чүрөк» — деп айтат,
Аңкоосунуп кеп айтат:
«Мен жоруюн түшүңдү,
Оңунан келген ишиңди.
Айтып берем, эжеке,
Ашык болгон кишиңди.
Байланса буудан мамыга,
Тартынбай жерди кемирсе,
Арпадан баккан немедей,
Байлоодо туруп семирсе,
Булчуңу бука мойнундай,

Буурул ат келе тургандыр,
Мунун несин айтасың.
Буудайык консо тууруңа,
Булбул консо талыңа,
Булутсуз күндү бүркөсө,
Көрсөтпөй көктү чүмкөсө,
Арка жүнү бедерлүү,
Акшуңкар турат колунда,
Анын несин айтасың.
Кара чаар кабылан,

Калаанын ичин жойлосо,
Карс этип иттер каппаса,
Күлгөнү кыздын үнүндөй,
Жаалысы кыйын, жалкы шер,
Гүлчоро келе тургандыр,
Анын несин айтасың?
Көсөө куйрук көк даңгыт,
Көчөнүн ичин жойлосо,
Көргөн иттер кыңшыса,
Каары катуу, жалдуу шер,
Канчоро келе тургандыр,
Анын несин айтасың?!
Ажыдаардай ак жылан,
Аралап шаарды сойлосо.
Асман менен тең болсо,
Аркырап шамал, жел болсо,
Анын баарын сен көрсөң,
Келе турган хан жездем,
Ажыдаардан кем беле?
Толтой менен Чынкожо,
Жүгүнбөй турган эр беле?!
Кара чаар сур жылан.
Калаада эркин сойлосо,
Кара тоо менен тең болсо,
Каркырап шамал, жел болсо,
Анын баарын сен көрсөң,
Келе турган хан жездем,
Ажыдаардан кем беле?
Каршылашкан кас душман,
Качан ага тең эле?!
Карылардан кеп уктум,
Каары катуу Семетей
Арстан чыкты — деп уктум.
Ээрди түйрүк, кең курсак,
Эргул чыкты — деп уктум.

Тентип жүрүп жетилип,
Тентек чыкты — деп уктум.
Темир кийген душманын,
Тепсеп чыкты — деп уктум.
Ажыдаардай жездемдин,
Алдын тосуп баралы.
Келе турган жолуна,
Керилтип килем салалы!
Баатыр туулган жездемди,

www.bizdin.kg

Барып тосуп алалы.
Баса турган жолуна,
Барктап килем салалы!
Ат жоргосун табалы,
Азык-түлүк алалы.
Кең Үргөнчтүн боюна,
Даяр болуп калалы!»
Кыз, келиндин чечени,
Калыймандан кеп келди.
Бактылуу Чүрөк баш болуп,
Баарысына эп келди.
Ак чатырды бүктөшүп,
Ак дөнөнгө жүктөшүп.
Көк чатырды бүктөшүп,
Көк дөнөнгө жүктөшүп.
Кол чатырды колго алып,
Минишине жорго алып,
Кечкисине соерго,
Сүт бото тайлак төө алып.
Арстан келсе ичерге,
Калаадан арак алдырып.
Жибек боолу көөкөрдү,
Кол куржунга салдырып.
Кагаз-кагаз чай алып,
Карды менен май алып.
Көнөккө салган бал алып,
Каймакка бышкан нан алып.
Сары мейиз, кишмиштин,
Сабактарын тердирип,
Шекер, шербет тамагын,
Дайындатып бердирип.
Чайкаган балга көбүртүп,
Чаначка кымыз алдырып.
Күчү жанып калат — деп,
Күчаласын салдырып.
Ак кыянын оюна,

Чоң Үргөнчтүн боюна.
Манастын уулу Семеңдин
Келе турган жолуна.

Алты бакан селкинчек
Асмандата тебишип,
Кайрып өлөң, ыр менен

Кайма айтышып* жеңишип.
Чатыраш ойноп даң салып,
Чай кайнатып, май салып.
Көнөккө каймак, бал салып,
Казанга кошо жал салып.
Отуз келин, отуз кыз,
Шаардан чыкты бөлүнүп.
Ортосунда Айчүрөк,
Жаркыны күндөй көрүнүп.
Акылман бүткөн Чүрөгүң,
Айкөлдүн уулу келет — деп,
Баштап өзү жол тосуп.
Бар керегин белендеп,
Үргөнчтүн боюнда,
Жата турсун оюнда.
Аны андай коюңуз,
Семетейден кабар угуңуз.
Таң агарып сөгүлүп,
Тараза жылдыз бөлүнүп.
Шыбырган ыскаар куркурап,
Камыштын башы шуудурап.
Кара каш торгой чулдурап,
Железе кулун чуркурап.
Карагай башы шуулдап,
Капчыгай ичи куулдап,
Суунун бети чымырап,
Жандын баары кыбырап.
Таң агарып атканда,
Тараза жылдыз батканда.
Манастын уулу эр Семең,
Кенебеген эр немең.
Чукуранып керилип,
Оң жагына толгонду.
Жанындагы чоролор
Жагалданып ойгонду.
Кермеден атты алдырды,
Чалгындуу жерден чалдырды.

Кайма айтышуу — кайым айтышуу.

Чидерин аттын алдырды,
Чүйгүндүү чөптөн чалдырды.
Кара суудан каптырды,
Сугатын мыктап кандырды.
Таянып найза көкжалың,

www.bizdin.kg

Көрөмүн деп элести,
Кылычын кыя байланып,
Бет алып басты белести.
Чыгып барды чунагың,
Көк кайкынын башына.
Көчүгүн коюп олтурду,
Көмүркөйдөй ташына.
Күргүштөгөн чамынып,
Үргөнчкө карады.
Үйдөн чыккан күндөрүн,
Эсеп кылып санады.
Үргөнүчтүн үстүнө,
Туман уюп калыптыр.
Кыпкызыл болуп, боз түшүп,
Мунарыктап алыптыр.
Ала карга, сагызган,
Айланганы билинбей.
Каран калган Үргөнчтүн,
Кайсы экени билинбей.
Топо чаңдап, тоз болуп,
Тунарыктап алыптыр.
Топурак уюп, боз түшүп,
Мунарыктап алыптыр.
Теше тиктеп ар жакты,
Туманды түрүп бөлүүгө.
Дүрбү салды Семетей,
Үргөнчтү көрүүгө.
Дүрбүнүн жайын менден ук,
Менден уксаң бейлеп ук.
Атасы Манас өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө,
Манастын калган дүйнөсүн,
Абыке, Көбөш бөлгөндө.
Берен туулган Каныкей,
Белдемчиге капшырган,
Эр жеткенде Семетей,
Белек кылып тапшырган.
Бедерлүү алтын ак дүрбү,
Караса көзгө чак дүрбү.
«Жоого барса салсын — деп,

Жоонун ченин алсын — деп.
Казатка барса салсын — деп,
Кас душман ченин алсын — деп
Алып келген эр Манас,

Семетейге калсын» — деп.
Ирмемге алып баарысын,
Ичи өрттөй кызарган.
Имерип койсо тетигин,
Күнчүлүк алыс узарган.
Алтын, күмүш, жакутту,
Аябастан чаптырган.
Алысты жакын көрсөтүп,
Адамды айран-таң кылган.
Атын уккан душманды,
Айлантып башын маң кылган.
Алтын ооз чоң дүрбү,
Алты бурап житирген.
Алты күндүк жерлерди,
Алты аркан бою келтирген.
Жез оозду чоң дүрбү,
Жети бурап житирген.
Жети күндүк жерлерди,
Жети аркан бою келтирген.
Кере кулач кез бою,
Кетмен ооз чоң дүрбү,
Асыл таштан орноткон,
Айнеги тунук кооз дүрбү.
Бой тумар чалыш кабы бар,
Болоттон кылган сабы бар.
Кармай калып сабынан,
Сууруп алып кабынан.
Кыямына толтуруп,
Кыңай карап олтуруп,
Оңдоп кармап имерди,
Ополду көздөй жиберди.
Тегеретип имерди,
Теребелге жиберди.
Кардыкпаган карда да,
Кара көзгө салды эми.
Айкөлдүн уулу Семетей,
Кайкалап карап калды эми.
Карарган шаар, калың бак,
Кайкыткан көздү алма шак.
Түнөргөн шаар, түмөн бак,
Төгүлүп жаткан алма бак.

Кызыл-тазыл чок таккан,
Калаадан чыкты бир топ жан,
Жаш Семетей баатырың

Жагалданып болду таң.
Андан бери караса,
Ак-Кыянын оюнда
Аккан суунун боюнда.
Аземдеп алтын чаптырган,
Абайылап жаптырган,
Кыз-келин аты тургансыйт,
Куюшкандап чаттырган.
Андан бери караса,
Агарып чатыр көрүнөт.
Алыстан тиги чагылып,
Алтындын зээри төгүлөт.
Кылактаган кыз-келин,
Кыргоолдой көзгө көрүнөт.
Кыйлага карап олтуруп
Кыз экенин билди эми.
Кыргоолду көргөн шуңкардай,
Кыран Семең күлдү эми.
Гүлчоро менен Канчоро,
Күүлөнүп жетип келди эми.
Күлгөнүн көрүп Семеңдин,
Гүлчоро мындай деди эми:
«Кызга карап күлбөгөн,
Кылайып сырын бербеген.
Аялга карап күлбөгөн,
Адамга сырын бербеген.
Алыска салып дүрбүңдү,
Абаке, эмне көрдүң — дейт.
Арсаң этип кашкайып,
Абаке эмне күлдүң?» — дейт.
Анда Семең кеп айтат.
«Чоролор уккун» — деп айтат:
«Маңдайдагы, тетиги,
Карарган шаар, калың бак,
Кагылып жаткан алма шак,
Түнөргөн шаар түмөн бак,
Төгүлүп жаткан алма шак,
Карасаң көңүл бөлүнөт,
Кандын шаары көрүнөт.
Кайкыган анын караанын,
Карасаң көзгө илинбейт.
Ала карга, сагызган,

Айланганы билинбейт.
Карарган шаар калаадан,

Кайкалап чыкты бир топ жан.
Жаркыны күндөй көрүнүп,
Тааный албай болдум таң.
Темир кийген жообу? — деп,
Телегей кийген кызбы? — деп,
Тел болуп башым айланды,
Теңтуш Чүрөк узбу — деп.
Андан бери карасам,
Аккан суунун боюнда,
Алыстан тиги көрүнгөн,
Ак кыянын оюнда,
Агарып чатыр көрүнөт,
Асмандап түтүн бөлүнөт.
Абайы жапкан аттардан,
Алтындын зээри төгүлөт.
Кызыл-тазыл куш баш ээр,
Кыз-келин аты көрүнөт.
Күн чагылып көркүнөн,
Күмүштүн зээри төгүлөт.
Кимиң барсаң аның бар,
Бир кишилик алың бар.

Ат азыкка көз болуп,
Бириң мында калыңар.

Ылдам барып, ылдам кел,

Ким экенин билип кел.

Көп күттүрбөй биздерди,

Кыргыектей илип кел.

Толтойдун колу болбосун,

Жол тостуруп койбосун.

Чынкожо колу болбосун,

Чалгынга коюп койбосун.

Сундурган найза жоо болсо,

Сумсайып андан качпагын.

Жоо бөрүсү чоролор,

«Манастап» ураан таштагын!»

Канчоро анда кеп айтат,

«Абаке уккун — деп айтат.

Мен ат жанында калайын.

Аш, азыкка карайын.

Айгайлаган жоо болсо,

Аянбай найза салайын.

Кыңшылап айтар кебим жок,

Кыз-келинге эбим жок,

Шыбырашар кебим жок,
Шыңкылдашар эбим жок.
Кыз-келинге калганда,
Кыргыектей тиерге,
Кыргоол жүндүү, кыз үндүү,
Гүлчоро кургур эптүү эле».
Гүлчоро анда кеп айтат,
«Абаке уккун — деп айтат.
Чалгынды өзүм чалайын,
Барбай кантип калайын.
Көрүнүп турган Үргөнчкө,
Көз ачкынча барайын.
Ажалым жетсе өлөйүн,
Азабым болсо көрөйүн.
Жумшасаң, аба, ишенип,
Аттанып жолго жөнөйүн.
Абыкенин Актелки,
Ишенчи жок ит эле.
Аягы мукур, сээри пас,
Аркасы жок бит эле.
Агыны катуу суу келсе,
Агып кетип өлбөйүн.
Ашуусу бийик тоо келсе,
Учуп кетип жүрбөйүн.
Буурулду берчи минейин,
Буулумду берчи киейин.
Тосуп чыккан жоо болсо,
Ылаачындай тиейин».

«Бербеймин» — деп айта албай,
Баланын көөнүн кайтарбай.
«Бербесем көөнгө алат — деп,
Мизи кайтып калат» — деп.
Буурулду берип мингизип,
Буулумду берип кийгизип.
Туруп калды Семетей,
Жоомарттыгын билгизип.
Муну мындай таштаңыз,
Гүлчоронун кайгуулга,
Барганынан баштаңыз!

## Гүлчоронун Кайгуулга барышы

Алмамбеттин Гүлчоро

Буурулду сурап мингенде,
Буулумду чороң кийгенде.
Үпчүлүгүн бир тогуз,
Үпчүлөнүп алды эми.
Топчулугун бир тогуз,
Топчуланып алды эми.
Кийинки кашы чылк күмүш,
Алдыңкы кашы карк алтын,
Адистер чапкан акканкы ээр.
Чеберлер чапкан акканкы ээр.
Эки каптал эн темир,
Тайбуурулга чак каңкы ээр.
Качкан элик чокулуу,
Тайбуурулга токулуу.
Куюшканы куйма алтын,
Куюштуруп токуган.
Олоңдору оймо алтын,
Оюштуруп токуган.
Көмөлдүрүк баары алтын,
Тумарчасы сары алтын.
Күн чагылып жаркылдап,
Күнгө келсе жалтылдап,
Жагоолору сап алтын.
Куйма таман үзөнгү,
Теппей ыргып минди эми.

Бура тартып эрениң,
Буйдалбай жолго кирди эми.

Көргөн киши баланын,
Көркүнө көңүл бургундай.
Капыс чыгып жолунан,
Каракташ алса тунгундай.
Семетей туруп муну айтат.
Кашка тишин кылайтат:
«Кагылайын, карагым,
Карагым мени карагын.
Ат арытып мине элек,
Ат кадырын биле элек,
Тон тоздуруп кие элек,
Тон кадырын биле элек.
Кыйгактуу найза сая элек,
Кыйкырып жоого бара элек,
Жарактын жайын биле элек,
Жалаңдап жоого тие элек.
Атамдан калган айбалта,
Тийген жери кан балта.
Бурама темир сом балта,
Буруп соккон айбалта.
Жонуна темир кырдаган,
Жомокчулар ырдаган.
Тийген жери ырбаган,
Тамсилдеп ырчы ырдаган.
Чапкан жери аң болуп,
Алжайгандан малжайган.
Ай-ааламга жар болуп,
Кандап канча баш жарган.
Көк темирден сомдогон,
Көтөргөн адам оңбогон.
Анын ыргай сабына,
Пил терисин орогон.
Сугатына чыдабай,
Көлдүн баары соолуган.
Көөрүгүнө чыдабай,
Көп букалар союлган.
Көмүрүнө чыдабай,
Көөнө токой жоюлган.
Барсканына чыдабай,
Чандан уста кырылган.
Айта берсем түгөнбөйт,
Ашагандан-машаган.
Төкөр уста Бөлөкбай,

Жайы-кышы жасаган.
Көрүүгө сонун көркөмдөп,
Сыртына алтын чөгөргөн.
Жоолуу күнү Ажыбай,
Жоболоң тартып өңөргөн.
Эмишкен эмчек эр чором,
Муну алгын колуңа.
Кас душманды кандагын,
Каргаша болгон жолуңа.
Атамдан калган сыр найза,
Атакталуу ыр найза.
Анын жайын айтайын,
Ааламга салган чыр найза.
Уңгусу болот, учу курч.
Учуна салган кара курч.
Жердиги болот, теги курч,
Жээгине салган кызыл курч.
Учу ак болоттун кыймасы,
Сабы ак кайыңдын сыйдасы.
Көк болоттун кыймасы.
Көк карагай сыйдасы,
Чиркейдин тумшугунан кураткан.
Чочконун сийдигине сугарткан.
Он эки порум кырдаган,
Отуз түрлүү сырдаган.
Колдон тайма болот — деп,
Коло менен чырмаган.
Шамал тийсе ырдаган,
Тийген жери ырбаган.
Кышта жылуу болсун деп,
Кой макмал менен каптаган.
Ташка сайса тайбаган,
Талкан кылбай калбаган.
Көгүчкөндүн канатын,
Сыйрып алып чаптаган.
Жара желим токтотуп,
Жибек менен чырмаган.
Төкөр уста Бөлөкбай,
Чебердик менен жасаган,
Муну алгын колуңа.
Кас душманды кандагын,
Каргаша болгон жолуңа.
Атакталуу ак албарс,
Мунун жайын айтайын.
Жалманган өткүр маш албарс,

Көөдөнгө урса баш жарган,
Жыгачка урса таш жарган.
Эки миздүү испиан,
Чапканын кеспей калбаган,
Эки жакка шилтесе,
Эки жүздөн башты алган.
Кынабына салганда,
Жети карыш кыскарган.
Кынаптан сууруп алганда,
Кырк аршынча узарган.
Төкөр уста Бөлөкбай,
Өрнөктөп артык узанган.
Сайы анын сап алтын,
Туткалары карк алтын.
Темиринен башкасы,
Тегерете сап алтын.
Ортосу калың өткүр миз,
Ойрон салган кандуу миз.
Учу кайкы мойну түз,
Баш алган канча кандуу миз.
Атамдан калган Аккелте,
Ай далыга чак келте.
Атканы жаздым болбогон,
Атагы элге даңк келте.
Төкөр уста Бөлөкбай
Бар енөрүн тундурган.
Камырдай жууруп темирди,
Адис менен куйдурган.
Оозундагы темири,
Ополдун кара кырымы.
Түбүндөгү темири,
Кыргыздын кызыл кырымы.
Оозу, түбүн теңеген,
Ортосун көкжал эгеген.
Кароолу дажаал, огу ажал,
Түтүнү туман, үнү заар.
Кайран уста Бөлөкбай
Бургулап ичин көзөгөн.
Аткан огу жөн учпай,
Ажалдуу жанды көздөгөн.
Чагарак моюн, алма баш,
Ыңай, туура ылгабас.
Тушакчысы он темир,

Тийген жери бир сеңир.
Кароолу адам башындай,
Огу корум ташындай.
Асынып жүрсөң Аккелте,
Ай далынын белеги.
Атып жүрсөң Аккелте,
Аманат жандын эрмеги.
Эмишкен эмчек эр чором,
Муну алгын колуңа.
Кас душманды кандагын,
Каргаша болгон жолуңа.
Атамдан калган Булдурсун,
Чапса кулак тундурсун,
Анын жайын айтайын,
Абайлап аны уккунуң.
Алтымыш эркеч терисин,
Сайлуу жерге кердирген.
Кандырып ийин талкуулап,
Кайышын кылдат тилдирген
Өрүмүн чебер өрдүрүп,
Чокусуна чок койгон.
Түшкүнүнүн учуна,
Сомдоп карыш ок койгон.
Акындар айтып жеткисиз,
Алаканын бек кылган,
Тийише келген душмандын,
Тилинтип жонун кек кылган
Как ыргайга саптаган,
Пил терисин каптаган.
Жибек менен чырматып,
Баркыт менен каптаган.
Бүлдүргү такчу тешигин,
Чулгуур салып көзөткөн.
Көк торпоктун териси,
Бүлдүргү болуп бүт өткөн.
Гүлдөрү кылган ак кайыш,
Чаян түйүп тактырган.
Кармаса колго токтомдуу,
Баатырлар көрүп жактырга
Эмишкен эмчек эр чором,
Муну алгын колуңа.
Бөөдөдөн чаппа бирөөнү,
Болбосо жолто жолуңа.
Атамдан калган Аколпок,
Атагы элге даң олпок.

www.bizdin.kg

Анын жайын айтайын,
Азамат эрге бап олпок.
Була салып булаткан,
Буудайык кандан сураткан.
Алтын менен күмүштү,
Аркы-терки сулаткан.
Ичине темир чаптаган,
Тышына бар-бар каптаган.
Келтенин огу өтпөгөн,
Бараңдын огу батпаган.
Жебенин огу жетпеген.
Жээгине алтын аштаган,
Акыректе чоң калта,
Алты атар огун сологон.
Атагын угуп кас душман,
Айдыңын угуп кологон.
Муну алгын колуңа,
Жарашсын кийсең жонуңа.
Алмамбеттей таанылгын,
Айтылып оң, солуңа.
Алдыңдагы Тайбуурул,
Атагы чыккан даң Буурул.
Кара байыр казан ат,
Кайда минсе шай Буурул.
Атасы тоонун музбурчак,
Энеси чөлдүн тобурчак,
Калбыр өпкө, жез канат,
Тоодо туулуп, ойдо өскөн,
Кулан менен бирге өскөн.
Боор эти арадай,
Кош туягы чарадай.
Азуулары болоттой,
Чаткаягы колоттой.
Кызыл тили бүлөдөй,
Кашка тиши кадоодой.
Жал, куйругу түпөктөй.
Жарашыгын карасаң,
Сымга тарткан күбөктөй,
Жараганы кабыктай,
Жалдын үстү жабыктай.
Семиргени сүмбөдөй,
Секиргени бүргөдөй.
Кең соорусу келишкен,
Жасагандай теңизден.
Кебездей болгон көкүлү,

www.bizdin.kg

Көзүнө ченеп керткендей.
Кош таноосу жыт алып,
Алыстан жоону сезгендей.
Жамбашынын кошкону,
Казан асса тургундай.
Каран калган Тайбуурул,
Үргөнчтүн суусун бургундай.
Сопол куйрук, сом туяк,
Сокмоктуу күлүк Тайбуурул.
Бото борбуй, кең соору,
Омоктуу күлүк Тайбуурул.
Аркар аяк, кулжа сан,
Булчуңу бука мойнундай.
Каз моюндуу, марал бел,
Буура көкүл, орок баш,
Карды салык, тайган төш,
Өркөчү бийик, сээри пас.
Өргө салса күйүкпөс,
Кумга салса чалыкпас.
Алыска салса арыбас,
Алты айга минсе талыкпас.
Туягында тура жок,
Жүрөгүндө кара жок,
Дулдул мүчө Тайбуурул
Тууган бээде дабаа жок.
Арка буту жез билек,
Тутам шыйрак чарчабас.
Алтымыш асый болгунча,
Азуусун сөйкөп карыбас.
Эмишкен эмчек эр чором,
Муну мингин алдыңа.
Уктап калып кокустан,
Ат-тонуңан айрылба.
Алты кат тердик, бир желдик,
Алты бүктөп капшырдым.
А, дүйнө кеткен атамдын,
Арбагына тапшырдым.
Жети кат тердик, бир желдик,
Жети бүктөп капшырдым.
Атамдын досу Алмамбет,
Арбагына тапшырдым.
Баргын, чором, бат келгин,
Акшуңкарды таап келгин.
Кечикпей, төрөм, тез келгин
Чүрөктөн кабар алып келгин.

Сырыңды бирөө сураса,
Сырдашып жатып албагын.
Алдырып ийип атыңды,
Абаңа бүлүк салбагын».
Семетейден бата алып,
Айткандарын жат алып,
Алмамбеттин Гүлчоро,
Жөнөп кетти бөлүнүп,
Чоң Ополдой көрүнүп.
Буурулду минип балкылдап.
Чарайнасы жаркылдап.
Кара темир ооздурук,
Көмөкөйдө карсылдап.
Басканында Тайбуурул,
Ак көбүктөй буу чыгып,
Керүүлөй тартып жөнөдү,
Куйругунан чуу чыгып.
Салып чыкты белеске,
Эки жагын каранып,
Койго тийчү бөрүдөй
Оозу-мурдун жаланып.
Жетти барып Гүлчоро,
Ак инектин белине.
Аскары асман тиреген,
Аша барган чегине.
Ээрдей кайкы жеринен,
Аша түшүп кадуулап,
Астындагы Буурулду
Абайы менен жабуулап.
Тайбуурул таскак салганда,
Жолдун чаңы уюлгуп.
Ооздук чайнап, көз жайнап,
Таноодон буусу бурулуп.
Жортуп жетип келгенде,
Жол билбеген жаш бала,
Шай колдогон шамдагай,
Ар өнөргө маш бала.
Улуу жолдун тоомунан,
Ак-Кыянын оюнан.
Эңкейип карап калды эле,
Энтелеген чунагың,
Эки көзүн салды эле.
Айкын талаа, сары түз,
Аңдап байкап алды эле.
Ат жыгылаар аңы жок,

Бур этерге чаңы жок.
Суур казган ийин жок,
Буурсун чийген чийин жок.
Кыян жеген кемер жок,
Жер бетинде бедер жок.
Тайбуурулду Гүлчоро,
Чаппай турган жайы жок,
Астындакы Буурулдун,
Агып кетер майы жок.
Азык кылар чайы жок,
Карап турар алы жок.
Карап көрсө чороңдун,
«Кой» — деп айтар ханы жок.
Кайра тартар башы жок,
Кырс этерге ташы жок.
Даңгыраган кеңири,
Даңгыр жолго кирди эми.
Булкунган күлүк Буурулдун,
Буудандыгын билди эми.
«Абакем Семең Буурулду,
Аябастан мактады.
Жетелеп суутуп, сугарып,
Канчоро байкуш таптады.
Мактаганы чын болсо,
Аянбай жоого тиейин.
Күлүктүгү чын болсо,
Түздө сынап билейин».
Толгомо саптуу камчыны,
Толгой кармап имерди.
Тоодой болгон Буурулду,
Томукка тартып жиберди.
Чыргалай түшүп Буурулуң,
Карарып каны жошулду.
Томуктан аккан канына,
Карга, кузгун туюнду.
Кабактын чаңы бөлүнүп,
Борбуй эти сөгүлүп.
Элгектенип кара жол,
Эчтеме көзгө илинбей,
Ачып көздү жумгунча,
Алыска кетти билинбей.
Чабыттаган канаттуу,
Чаңда калды тигиндей.
Кумай-кумай жер келсе,
Кулачтап арыш узартып.

www.bizdin.kg

Адыр-адыр жер келсе
Арымдап арыш узартып.
Өр таянган жер келсе,
Эликтей мойнун сайылтып.
Эңиширээк жер келсе
Жал, куйругун жайылтып.
Имере тартып тизгинди,
Балыктай оозун ачылтып.
Баладай болгон ак көбүк,
Омуроодон чачылтып.
Кундуздай жүнү жылтылдап
Кулжадай башы кылтылдап.
Чачыраган даңканы,
Чакмак таштай учкундап.
Аткан таңдай сүрүлүп,
Аркадан чаңы түрүлүп.
Урду десе, таш эмес,
Учту десе, куш эмес.
Урган таштай зыркырап,
Учкан куштай зыпылдап.
Караандатпай чаңына,
Канаттуу менен жарышып.
Кара кайыш, кош тизгин,
Эки колдо карышып.
Эрен чороң кебелбей,
Ээрге бекем жабышып,
Канаттуу менен жарышып.
Аттаганда аңдардан,
Аягы менен тең түшүп.
Туягы тийген кара таш,
Төрт бөлүнүп жик түшүп.
Казанбактай төрт туяк,
Кара жерди казылтып.
Кара темир ооздук,
Көмөкөйгө басылтып.
Асмандаган бургуйлап,
Аркадан туман жазылтып.
Жолум үйдөй ак көбүк,
Жол боюна чачылтып.
Көк жеке бутта чойкоюп,
Асаба колдо койкоюп.
Туулга башта жалтылдап,
Бос кисе жанда шалкылдап.
Атагы чыккан Аккелте,
Ай далыда жаркылдап.

Элирген чунак чороңдун,
Эки көзү алаңдап.
Ээн калган жар экен,
Тайбуурул барат жалаңдап.
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар.
Арыбас бул жаныбар,
Куландан бүткөн жайы бар.
Ошол кезде чороңдун,
Он экиде жашы бар.
Доолбас жанда кыңгырап,
Айбалта белде шыңгырап.
Сырнайза колдо зыңгырап,
Ачалбарс жанда кыңгырап.
Бууланган бала булкунуп,
Буурул ат менен калкылдап.
Теңгедей болгон кашкасы,
Маңдайында жаркылдап.
Алыстан көргөн Үргөнчкө,
Жетип келди жакындап.
«Абакем көргөн ак чатыр,
Кайдадыр» — деп каранат.
Кыздарды издеп чунагың,
Кыргыектей таранат.
Караса чатыр көрүнөт,
Жаркын күндөй төгүлөт.
Кылактаган кыз-келин,
Кыргоолдой көзгө өбүлөт.
Кыз-келинди көргөндө,
Кыраан чороң турабы?
Жалын атып жүрөгү,
Жагалданган убагы.
Кирип келди чоң суугa,
Тили жок ылай жоо суугa.
Өмүр, өлүм арбашып,
Өркөчтөгөн доо суугa.
Муну мындай таштайлы,
Чүрөктөн сөздү баштайлы.
Отуз келин, отуз кыз,
Ортосунда Айчүрөк.
Кыркы келин, кыркы кыз,
Ай чолпону Айчүрөк.
Алты бакан селкинчек,
Арканды керип салышып.
Кулачтарын керишип,

Көккө канат кагышып.
Теректин башын бурушуп,
Аркы-терки турушуп.
Талдын башын бурушуп,
Маңдай, тескей турушуп.
Акыйнегин айтышып,
Айылга тарап кайтышып.
Айчүрөктөн башкасы,
Эч нерсени ойлобойт.
Келе жаткан башкасы,
Ким экенин болжобойт.
Кыздардан калып бөлүнүп,
Агарып куудай көрүнүп.
Ажарынан ай балкып,
Көзүнөн күн төгүлүп,
Карап турду Айчүрөк
«Суудан кантип кечет — деп.
Алыстан келген бул бала,
Айтышпай кантип кетет» — деп.
Кылактаган Айчүрөк,
Кызыл-тазыл кийинип,
Каркырадай кыздарды,
Кайтарып баарын киргизип.
Суусар, кундуз бөрктүү,
Сымбаты сонун көрктүү.
Кол арытканы Бурулкан,
Жандаганы Канымжан.
Туура басып ээрчитип,
Тел козудай телчитип.
Кашатка жетип барды эми,
Карап Чүрөк калды эми.
Алмамбет уулу эр чоро,
Артык туулган шер чоро.
Каргадай болуп көрүнгөн,
Кайра тартпай өлүмдөн.
Ссуга көзүн салды эми,
Суу мөлчөөрүн алды эми.
Үргөнч кирген суу экен,
Үстү көбүк буу экен.
Уккан жанга дуу экен,
Агыны катуу чуу экен.
Аркы четин карасаң,
Ысык-Көлдөй чалкалайт.

Бери жагын карасаң,
Кош арыктай кайкалайт.
Чымыроонду кең сайдан,
Чымылдак тартып, жез найдан.
Суу акпаган кең сайдан,
Сурнай тартып, жез найдан.
Суулар агып кошулуп,
Башынан мөңгү бузулуп.
Туш-тушунан туура суу,
Туйлап агып кутуруп.
Чыбырын түлкү жойлобой,
Чындап кирген Үргөнчкө,
Чылбыр салса бойлобой.
Адырын түлкү жойлобой,
Абыдан кирген Үргөнчкө,
Аркан салса бойлобой.
Элдир, селдир көрүнөт,
Талдын башы сороюп.
Арасында карасаң,
Өгүздөй болгон балыктар,
Өлүп жатат торолюп.
Сайдын баары кылкылдап,
Сабасы толуп былкылдап.
Токойдун баары кылкылдап,
Толуп суугa былкылдап.
Жабалактап ташкындап,
Жарга уруп калкылдап.
Карап туруп чороңдун,
Кара бою калчылдап.
Күкүктөнүп көбүрүп,
Бүйрөлөнүп бөлүнүп.
Жарды уратып көчүрүп,
Жан алгычтай көрүнүп.
Гүр-шар этип күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп.
Ала салып түрлөнүп,
Тоо жаңырып сүйлөнүп.
Ылайланып кирденип,
Иримденип жинденип.
Ажыдаардай толгонуп,
Ач жолборстой жондонуп.
Чөйрөсү менен тал агып,
Үстү менен сал агып.
Эки чети сары агып,
Орто жерин карасаң,

Кара кочкул кан агып.
Ташкын тийген карагай,
Тамыры менен суурулуп,
Жарга келип урулуп,
Жардын боору туурулуп.
Үйдөй болгон боз чалма,
Урап суугa жуурулуп.
Аны көрүп чоромдун,
Заманасы куурулуп.
Агыны катуу шар агып,
Ар жыгачтын баары агып.
Ак көбүктөп жалданып,
Арча менен тал агып.
Бөлүнүп аккан жерлери
Бута атымча жар болуп.
Эшилип тийген жерлери,
Эшик, төрчө жар болуп.
Барып тийген жерлери,
Беш найза бою аң болуп.
Тегеренип, оң агып,
Деңизден канча чоң агып.
Имерилип, оң агып,
Иледен канча чоң агып.
Агыны катуу күркүрөп,
Адамдын бою дүркүрөп.
Кедери тартып кемечи,
Кечерге пенде зар болуп.
Муну көргөн адамдын,
Кең дүйнөсү тар болуп.
Жалган айтып койбосом,
Жалданып үстү кан болуп.
Ак мөңгү баштан бузулуп,
Аркырап суулар куюлуп.
Туш-тушунан туура суу,
Туйлап агып кутуруп.
Үйдөй болгон корумдар,
Суу түбүндө калдырап,
Ташка таштар тийгенде,
Чакмак чачып чачырап.
Эңкейиш жерин карасаң,
Тундуруп кулак шарылдап.
Маңдай жаккы кашатка,
Жаба коюп ташкындап.
Ажыдаардай алкынып,
Жаман кирип алыптыр.

www.bizdin.kg

Жайпап сайды бербестен,
Жабалактап калыптыр.
Ташкын урган жерине,
Таш туруштук бере албай,
Жайылып аккан жерлерге,
Жар туруштук бере албай.
Жашык адам жанына,
Жакын даап келе албай.
Ак чалмалап ылайлап,
Адамдын баары кудайлап.
Көбүктөнүп ылайлап,
Көргөн адам кудайлап.
Каттап пенде кечкисиз,
Канаттуу учуп өткүсүз.
Абайлап байкап караса,
Алакандай арал жок.
Аркыраган чоң суунун,
Киргенинде карал жок.
Тегерете караса,
Теңгедей болгон арал жок.
Теңир урган бул суунун,
Тереңинде карал жок.
Өйүз-бүйүз кыдырып,
Кечүү сурар киши жок,
Семетей менен Канчоро,
Гүлчоро менен иши жок.
«Адамдын мындай абалын,
Ай караңгы түн көрсүн.
Аркырап аккан чоң сууну,
Мындан башка ким көрсүн.
Айбалта алып ыктуусуп,
Абакеме мыктуусуп,
Мында келдим тыңдуусуп,
Канчородон шыктуусуп.
«Суудан кантип өтөм — деп,
Уялбай кантип кетем — деп,
Бардыңбы — десе абама,
Кантип жооп этем — деп.
Барбай койсом билер — деп,
Баркым менин кетер — деп,
Касиеттүү арбактын,
Каргышы мага жетер» — деп.
Аны ойлонуп Гүлчоро,
Кең Үргөнчкө карады.
Кыздарды көрүп түгөнгүр,

Кыраандай көзү жайнады.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ак боз бээни сойдуруп.
Кашкардан келген чайдоосту,
Каршы-терши койдуруп.
Отуз келин, отуз кыз,
Оюндун башы кызыл кыз.
Кыркы келин, кыркы кыз,
Кырктын башы кызыл кыз.
Хандын кызы Калыйман.
Кайкалаган сулуудан.
Бектин кызы Бегимжан,
Мелтиреген сулуудан.
Мелжебей пенде өтөбү,
Менменсиген ушундан.
Көгүчкөндөй көрктүүдөн,
Көк сүлөөсүн бөрктүүдөн.
Атлас көйнөк Алмакан,
Адамды көргөн таңданткан?
Карабайдын Касиет,
Кашка туулган карабет.
Ар жоругу көп кыздан,
Башка туулган карабет.
Шоруктун кызы Акылай,
Шоодураган капыр, ай.
Акылбектин Акбермет,
Ажыбектин Кызшербет,
Кадыкенин Канымжан
Ар кылганы бачым жан.
Буластаган Бурулча,
Бурала баскан Калыйча.
Ошолордун ичинде,
Аштыкчынын Кирмоюн,
Алда каткан бир моюн,
Ал да келип калыптыр.
Сугатчынын сугалак,
Суудан балык кубалап.
Бул да келип калыптыр.
Сымбаттуу туулган Тынымкан,
Сүлөөсүн бөрктүү Жүзүмкан,
Көрктүүдөн сулуу Урумкан,
Мурунку көп сулуудан.
Көркүнөн күн, ай күлүп,
Көз уялтып аз болуп,
Көрүнүшүн карасаң,

Катарлашкан каз болуп.
Жабыла чуркап баарысы,
Жар башында жарданып.
«Кантип кечет экен» — деп,
Жаш балага таңданып.
«Кайра тартаар бекен» — деп,
Карады кыздар шаңданып.
Кайра тартып кете албай,
Катын, кыздан арданып.
Кылчайып артын карабай
Кылча жанын аябай.
Кызды көрүп түгөнгүр,
Кылчаңдап туруп ала албай.
Кайраттуу туулган эр чоро
Кабыландай шер чоро.
Жардын башын уратып,
Сууга кирди чуратып.
Кирген жерден жок болду,
Сүрдүгө түшүп оңолду.
Көк болотун дат алган,
Өмгөгү менен суунун ал,
Өркөчүн жарып маталган.
Ак болотун дат алган,
Аркыраган суунун ал,
Агынын жарып маталган.
Сүзүп барат балыктай,
Как жарып сууну кайыктай.
Ташкындаган бул Үргөнч,
Тайбуурулга жайыктай.
Чаңдаган түтөп бул дайра,
Чачына келбес чачыктай.
Аны билген Гүлчоро,
Апкаарыбай, аптыкбай,
Кемеде келе жаткандай,
Келатат кечип айбыкбай.
Буудандыгын билгенде,
Букардын каны сураган.
Акчасына чыдабай
Арманда башын ыргаган.
Агар алтын берсе да,
Абакем атын кыйбаган.
Алпайып минип алганда,
Алчыланып кырдаган.
Суурулуп кайран Тайбуурул,
Суудан чыкты кылт этип.

www.bizdin.kg

Алтын така, күмүш мык,
Аягынан жылт этип.
Булгаары тердик көн желдик,
Бурчунан суусу шорголоп.
Албууттаган Тайбуурул,
Алчактай басып жорголоп.
Маңкаң-маңкаң бастырып,
Жолдун четин каздырып.
Жолум үйдөй ак көбүк
Жол боюна чачтырып.
Жүрүшү артык Тайбуурул,
Жүргөн сайын ыргыштап.
Сары жаргак кандагай,
Багалеги былчылдап.
Кара саат баланы,
Караган киши оңгундай.
Алтын, күмүш сайманын,
Карактап алса тунгундай.
Кулагын типтик көтөрүп,
Казандай соорун көмкөрүп.
Карскандай бели түйүлүп,
Жал, куйругу шүйүлүп.
Кыз-келиндин баарысы,
Жалдырап, жандан түңүлүп.
Эшигине кыз чыкпай,
Чатырына үйүлүп.
Гүлчорону көргөндө,
Кыздардын баары дүркүрөп.
Жамыраган улактай,
Жанжагынан күркүрөп.
Сакчы койгон сары кыз,
Кабарчы койгон кара кыз,
Кайра чуркап калды эми:
«Чакыр таштан бүлөөңбү?
Чарыктап учуп, эжеке,
Чакырып койгон күйөөңбү?
Алкынып аты алчактайт,
Ак тулпардын изиби?
Акшуңкардын артынан,
Атайын келген кишиби?
Кыл куйругун шарт түйүп,
Айбандан башка миниптир.
Саадактын боосу чапчактай,

Жыгачтан түркүн илиптир.
Кызыл буурул ат минген,
Кыл куйругун шарт түйгөн,
Кыргоол жүндүү, кыз үндүү
Кызыл чийкил жаш бала,
Кирип келди, мынаке.
Ишенбесең биздерге,
Өзүң көргүн, эжеке».
Акундун кызы Айчүрөк,
Келиндин барын кекетип,
Кыздын баарын кымырып,
Кыңк эттирбей жымырып:
«Шынаарлашып туш-туштан,
Шыбыр-күбүр кылганың,
Шыңкылдашып күлгөнүң,
Мени шылдың кылганың.
Эбиреген карабет,
Эбиребей ээгиң бас.
Жабыраган карабет,
Жабырабай жаагың бас.
Семетей андай жан эмес,
Серпилер оңой зал эмес.
Жетип келер жеңилип,
Жеңил жигит ал эмес.
Ал Семетей болгондо,
Айчүрөккө таң эмес».
Антип кайран Айчүрөк,
Аккуудай болуп суйкайып,
Көк сүлөөсүн, кундуз бөрк,
Чекесинде кыйшайып.
Ак маралдай кылактап,
Асылды кийип буластап.
Күлүмсүрөп кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып.
Аркасында Акылай,
Атлас көйнөк шоодурап,
Адамды тартып өзүнө,
Аркардай көзү жоодурап.
Жез комуздай шаңкылдап,
Мас болгондой шалкылдап,
Жетип келди Гүлчоро
Желбегей тону жалтылдап.
Акылай анда муну айтат,
Агартып тишин кылайтат:
«Чоочун бала экенсиң,

Кайдан келген баласың?
Жолуң болсун, чырагым,
Кайсы жакка барасың?
Кызыл буурул ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Алыс жерден келипсиң,
Асынып жарак салт жүрүп.
Тал боюңду карасам,
Солкулдаган чыбыксың.
Кызыл чийкил жаш бала,
Кыйын жолго чыгыпсың.
Куба жүлүн жаш бала,
Кубалап эмне барасың?
Ал-жайыңды айтып бас,
Арманда өлүп каласың.
Алдыңдагы калаага,
Аралап кирсең өлөсүң.
Өлбөсөң да сен бала,
Көргүлүктү көрөсүң.
Жогуңду айтып баян кыл,
Жоболоң тартып жүрөсүң.
Кандын кызы алдында,
Кашкайып кандай күлөсүң.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ачуусу келсе оң кылбайт.
Адепсиз сендей баланы,
Каарына алса соо кылбайт.
Карагым, кайда барасың,
Канышага ишиңди айт,
Баркың менен элиңе,
Башчы болгон кишиңди айт.
Акундун кызы Чүрөккө,
Адамдын баары дегдеген.
Дегдеген менен телмирип,
Чаркына чама жетпеген.
Айчүрөктүн алдынан,
Ат менен адам өтпөгөн.
Адепсиздик кылгандан,
Калган эмес өлбөгөн.
Калча чоро сандан көп,
Кайсынысы болосуң?
Калп сүйлөбөй чыныңды айт,
Кара башың жоесуң?»
Анда айтат Гүлчоро,
Айбыкпаган эр чоро.

Хан алдында качандан,
Каймыкпаган шер чоро.
«Калча дебе какылдап,
Хандан келген элчимин.
Акшуңкарды качырып,
Артынан келген ченчимин.
Кыз-келинге калганда,
Кыргыектей тиемин.
Айчүрөктөй жеңемдин,
Алыстан дайнын билемин.
Желпинбей кыздар жол бергин,
Жеңеме туура киремин».
Мына ошентип Гүлчоро,
Тентек тууган шер чоро.
Бегимжандай сулуунун,
Койнуна колун салды эми.
Корооздой болгон мойнуна,
Колун арта калды эми.
Ийик баштай эмчёктен,
Имере кармап алды эми.
Аны көргөн Айчүрөк,
Ардангандан өлбөдү.
Адамдан чыккан андай шок,
Арстан бала көрбөдү.
Ачуусу келип «чунак» — деп,
Гүлчорого муну айтат,
Ак тамагын кылайтат:
«Козу кара кочкордой,
Кортоңдогон сен кимсиң?
Чоркок өскөн эмедей,
Чортоңдогон сен кимсиң?
Эгиз улак текедей,
Энтеңдеген сен кимсиң?
Элинен элким келгенсип,
Темтеңдеген сен кимсиң?
Атаңдын атын мингенсип,
Салбыраган сен кимсиң?
Бабаңдын тонун кийгенсип,
Далбыраган сен кимсиң?
Сууга түшүп кеткенсип,
Балбыраган сен кимсиң?
Жолоочу болсоң жол мына,
Барсаң Үргөнч шаар мына,
Базарчы болсоң мал мына,
Кылбайсың ийба бизден.

Кызды көрсөң кылтылдап,
Адепсиз кандай баласың,
Абийирди билбей жылтыңдап.
Баштатан тааныш немедей,
Күлөсүң неге ырсаңдап?
Короздонуп кыздарга,
Колуңду эмне саласың?
Бул жоругуң койбосоң,
Бир балаага каласың.
Атамдын аты Акун хан,
Алтын таажы башымда.
Карап сүйлө көзүңө,
Хандын кызы кашыңда.
Жутпагын жаштай башыңда,
Жумарбек болуп жашыңда.
Бөрүмүн — деп ойлобо,
Бөөдө өлүп каласың.
Акылы кыска жаш бала,
Азапка башың саласың.
Эркелеп сүйлөп оозуң шок,
Эрмек кылар кишиң жок.
Бейбаш сүйлөп оозуң шок,
Бекерге кылган кишиң жок.
Жайыңды айтып баян кыл,
Жашырбастан аян кыл.»
Гүлчоро анда кеп айтат:
«Кечиргин, жеңе,— деп айтат.
Кечөө, балырлуу көлдүн башынан,
Ала-Көлдүн кашынан.
Өрдөктүү көлдүн сазынан,
Акшуңкарды качырып,
Артынан кууп келемин.
Ала качкан шуңкарды
Арыбың жеңе билемин.
Акундун кызы Айчүрөк,
Акылы артык жеңесиң.
Абакем келет артыман,
Акшуңкар жообун бересиң!»
Анда Чүрөк кеп айтат,
«Адепсиз бала — деп айтат.
Шумдуктанбай жөнүңдү айт,
Шуңкарыңды билбеймин.
Жеңекелеп желпинген,
Жел сөзүңө кирбеймин.
Жолоочу болсоң жол мына,

Базарчы болсоң мал мына,
Барар болсоң шаар мына,
Алар болсоң зар мына.
Түп атаңды түрүп айт.
Түп атасын билбеген,
Түпсүз кулдан болучу.
Тек атаңды терип айт,
Тек атасын билбеген,
Тексиз кулдан болучу.
Чоң атаңдын өзүн айт,
Как эле кара көзүн айт,
Өз атаңды катпай айт,
Өзүңө наамды сатпай айт.
Ат сурамак сымбаттан —
Нарк сурамак урматтан».
Күлгөнүн чоро таштады,
Күүлөнүп сөзүн баштады:
«Жеңеке, көрбөгөнсүп кеп айтпа,
Кантээр экен — деп айтпа,
Кечөө, кең Таластын боюнан,
Ала-Көлдүн оюнан,
Ак була болуп бурулуп,
Аккуу болуп кубулуп.
Ак чабак болуп кылтылдап,
Алтындай көлдө жылтылдап.
Үч көрүнүп көзүмө,
Сыр көрсөттүң өзүмө.
Акуу болгон өзүңө,
Акшуңкар салган кол ушул.
Акшуңкар издеп артыңан,
Аттанып чыккан жол ушул.
Тегимди терип кеп сурап,
Мени тексиз дедиңби?
Калкымды казып кеп сурап,
Мени калксыз киши дедиңби?
Жергемди менин сурайсың,
Кеңирсип жаткан кең Талас.
Элимди менин сурайсың,
Эзелтен даңктуу эр алаш.
Чоң атабыз Бөйөн хан,
Бөйөн хандан Чаян хан,
Чаян хандан Кара хан,
Кара хандан тараган,
Кадырлуу тууган Орозду.
Ороздунун он уулу —

Эң улуусу Жакып хан.
Жакып хандан туулган,
Ааламга салган чуулган.
Эрдиги артык алп Манас,
Эки ааламга даңк Манас.
Айкөл Манас баласы,
Ичинде жок аласы.
Башында суусар тебетей,
Кенебеген Семетей.
Семетейдин иниси,
Иниси эмей кимиси.
Жамандык кылган кишиге,
Жаалысы көмүр агарбас.
Жакшылык кылган кишиге,
Жанын аяп жалтанбас.
Азиз хандын Алмамбет,
Алтын айдар, чок белбоо.
Мен ошол Алмамбеттин тукуму,
Аныктап билгин ушуну.
Абакем, аламын — деп — аттанды,
Айчүрөк сиздей сулууну.
Акшуңкардын артынан,
Айчүрөк салган дартыңан.
Айдаганы он төрт ат,
Аттанып чыкты үч бекзат.
Арча тору бууданга,
Аяктай кебез байлатып.
Айчүрөк сага жетем — деп,
Абакем келет чаңдатып.
Калааңды камап тооруган,
Касыңа болсун күйүнчү.
Жерделип келген душманың,
Жеңеке, өзүңө болсун сүйүнчү!»
Анда Чүрөк муну айтат,
Агартып тишин кылайтат:
«Апей, бала, нээ дейсиң,
Айбыкпай, жеңе, сен дейсиң.
Семетей теңи мен эмес,
Менин теңим сен эмес,
Аташкан күйөөм Чынкожо,
Семетейден кем эмес.
Күмүштөн соккон ээрим бар,
Чынкожодой эрим бар.
Алтындан соккон ээрим бар,
Эр Толтойдой жээним бар.

www.bizdin.kg

Чынкожо оңой эр эмес,
Алуучу кызы Чүрөктү,
Алдырып койчу неме эмес.
Эр Толтой сенден кем эмес,
Таяежеси Чүрөктү.
Тарттырып ийчү неме эмес.
Толтойдон кордук көрөсүң,
Чынкожодон өлөсүң.
Артыңдан келер колуң жок,
Айчүрөк алар жолуң жок.
Ушул жерден кайтып кет,
Семетейге айтып кет!»
Гүлчоро анда кеп айтат,
«Күүлөнбө, Чүрөк — деп айтат.
Бул сөзүңдү укпаймын,
Бурулуп артка кайтпаймын.
Айтып барып абама,
Ажалыңды тартпаймын.
Акшуңкарын алдырып,
Абакем карап калчу эмес.
Чынкожо менен Толтойду,
Чыпалакка алчу эмес.
Атканын жазбас мерген бар,
Айтканы кабыл келген бар.
Чапканын жазбас балбан бар,
Далайга кыргын салган бар.
Аккелте огун атканда,
Ачуу үнүн чачканда,
Асман, жерди жаңыртып,
Кулагына батканда,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чыдай турган жан бекен?
Тоз-тозу чыкпай Толтойдун,
Токтолор алы бар бекен?!
Абайсыз айткан кебиңди,
Абакем угуп калбасын.
Каары келип кокустан,
Хан чабуулун салбасын!»
Аны угуп Айчүрөк,
Айбыгып бою чөктү эми.
Сынагынан Чүрөктүн,
Сырдана чороң өттү эми.
Күлүңдөшүп кыз-келин,
Күлкү назын төктү эми.

Семетейдин үргөчтөн кечиши

Манастын уулу Семетей,
Башында суусар тебетей.
Чоң дүрбүнү алды эми,
Чоюла карап калды эми.
Чагарагын имерип,
Ченеп көзгө жиберип,
Оңдоп кармап имерип,
Үргөнчтү көздөй жиберип.
Оң көзүнө салды эми,
Оолжуп карап калды эми.
Тентек туулган Гүлчоро,
Дайраны кечип барганын,
Кыз-келин менен чунагың,
Шынаарлашып калганын,
Бегимжандын койнуна,
Бейбашың колун салганын,
Койкойгон анын мойнуна,
Колун артып алганын,
Көрүп алып эр Семең,
«Кап сени!» — деп бакырып,
Сап бууданга камчы уруп,
Канчоролоп чакырып.
Ашыккандай кеп айтат,
«Аттарды току — деп айтат.
Ак жолтой туулган Гүлчоро,
Айчүрөктү тапкан, бейм.

Кыз-келин менен черүүлөп,
Бизди тосуп жаткан, бейм.
Чынкожо менен Толтойду,
Урушпай жолго салалы.
Ataштырган атакем,
Айчүрөктү алалы!
Акшуңкар качса колумдан,
Сыймыгым баштан тайганы.
Алдырып ийсе Чүрөктү,
Уятка башым калганы.
Чынкожо менен Толтойдун
Чын эле кордук салганы.
Айкөлдүн уулу Семеңдин,
Арылбайт анда арманы.

www.bizdin.kg

Айда чором аттарды,
Аттанып биз да баралы!
Акшуңкар менен Чүрөктүн,
Артынан кууп табалы!
Как жарып өтүп Үргөнчтү,
Как үстүнөн басалы!
Кабар кылбай Гүлчоро,
Катын, кыз менен жатабы?
Айчүрөк алып, шуңкар таап,
Анан кумар жазалы!»
Муну айтып Семетей,
Актелкини токунуп.
Аттарды айдап жөнөдү,
Аял кылбай колбутуп.
Асаба колдо жаркылдап,
Алмабаш жондо жалтылдап.
Алтын көкүл башында
Арстаның барат калкылдап.
Алып учуп жүрөгү,
Айчүрөкө алкылдап.
Кылкылдаган Үргөнчкө,
Жетип келди жакындап.
Сабасына сыйбастан,
Сапырылып ташкындап.
Үйөрлөнөт Үргөнүч,
Чаңдап, түтөп чалкылдап.
Жар түбүн түлкү жойлобой,
Чылбыр салса бойлобой.
Кечемин деген адамзат,
Өлүмдөн башка ойлобой.
Адырга түлкү жойлобой,

Аркан салса бойлобой.
Дайраны көргөн адамзат,
Акпаймын деп ойлобой.
Сурнай тартып, жез найдан,
Суу акпаган кең сайдан.
Керней тартып, жез найдан,
Кыян жүрбөс кең сайдан.
Башынан мөңгү бузулуп,
Күзгүндөп Үргөнч кутуруп.
Туш-туштан суу кошулуп,
Туйлап агып кутуруп.
Агыны катуу күркүрөп,
Адамдын бою дүркүрөп.

Жүрөгү жок адамдын,
Жүүнү калбай бүркүрөп.
Чети аппак кар болуп,
Тийген жери жар болуп.
Муну көргөн адамдын,
Кең дүйнөсү тар болуп.
Бара түшүп көбүрүп,
Батпай сайга төгүлүп.
Чалкышынан толкундап,
Чаң чыккандай көрүнүп.
Өгүздөй чоң балыктар,
Өркөчүнө чөмүлүп.
Жаткан экен чоң Үргөнч,
Жарды уруп көчүрүп.
Ажыдаардай толгонуп,
Ач жолборстой өкүрүп.
Муну көрүп Канчоро,
Муңга катып өкүнүп.
Бастыра албай сандалып,
Башы анын айланып.
Мына мындай кеп айтат,
«Абакелеп — жалбарып.
Бүгүн мында жаталы,
Кечүүнү мыктап чалалы.
Гүлчоро келер маал болду,
Андан кабар алалы.
Кечүүнү ага баштатып,
Кечип анан баралы!
Агыны катуу суу экен,
Акпай адам калабы?»
Анда Семең муну айтат,
Агартып тишин кылайтат:

«Гүлчоро кечкен дайрадан,
Канчоро коркуп качпагын.
Акылыңды алдырып,
Артыңа чором кайтпагын.
Азамат эрдин алдынан,
Агыны катуу суу келет.
Тар жол, тайгак, таш кечүү,
Тата турган уу келет.
Айкырык салган калың кол,
Аламандуу чуу келет.
Калкылдаган жер жайнап,
Каптап кара сел келет.

www.bizdin.kg

Алмаз миздүү, кыр таштуу
Ашуусу бийик бел келет.
Жакшы менен жамандык,
Андан коркуп азамат,
Артына кайтса болобу?
Ар-намыстан аттаган,
Андай адам оңобу?!
Качан болсо бир өлүм,
Капташпай сага коебу?!
Абаңды сынап маңдайда,
Айчүрөк карап турбайбы?
Кечпесең коркуп дайрадан,
Келеке, шылдың кылбайбы?
Абийирден безсең — абаңды,
Арбак анда урбайбы!?
Чүрөккө шылдың болгуча,
Суу түбүнө чөгөлү!
Ар — намыстан айрылбай,
Абийир менен өлөлү!
Агыны катуу дайрадан,
Ажал жетсе көрөлү».
Арстаның Семетей —
Айтканынан жанбады.
Арбактарга сыйынып,
Ар менен белин байлады.
Агытып он төрт тулпарды.
Агынга карай айдады.
Хан Бакайдын Сурчолок
Калкып кечүү баштады.
Канчоронун жүрөгү,
Кабынан чыга жаздады.
Актелки менен Семетей,
Айбыкпастан чуратып.

Жалбыраган кылкылдап,
Жардын башын уратып.
Кечти келип Үргөнчтү,
Кенебестен кулатып.
Кирген жерден жоголуп,
Сүрдүгө түшүп оңолуп.
Калкып сүзүп кайыктай,
Кайнаган сууну чогоруп.
Өкүргөн уруп туш-туштан,
Өркөчтүү сууга оролуп,
Башы араң көрүнүп,

Бакандай болуп сороюп.
Багалеги малынып,
Бабаларга жалынып.
Этек, жеңи малынып,
Эр Манаска жалынып.
«Атам Манас арбагы,
Ишимди менин колдо — деп,
Айчүрөктүн алдында,
Абийирди ойло — деп,
Агып кеткен сууга — деп,
Атакка жаман койбо» — деп.
Актелки менен Семетей,
Араң-араң көрүнөт.
Жаба урган толкунга,
Жабылып кээде көмүлөт.
Буурулду ойлоп булкунган,
Бук болуп ичтен өкүнөт.
«Күлчоро тез келбейт» — деп,
Күркүрөп шердей өкүрөт.
Актелки менен Семетей,
Агып барат айланып.
Канчоро келет караансыз,
Кара жанын карманып.
Арстан Семең муну айтат,
Арман менен арданып:
«Аргымак миндим, ат миндим,
Ал, Тайбуурулча болгон жок.
Азамат күттүм, дос таптым,
Ал, Гүлчорочо болгон жок.
Айдаганым он төрт ат,
Купулума толгон жок.
Жанымдагы Канчоро,
Гүлчорочо болгон жок.»
Урунарга тоо таппай,

Урушарга жоо таппай,
Аттанарга жол таппай,
Алышарга кол таппай.
Арстандан кайтпаган,
Ажыдаардан качпаган.
Арка болуп элине,
Ата журтун сактаган,
Катылышкан душманды,
Кан кылып, жерге таптаган.
Ак болоттун укулу,

Айкөл Манас тукуму.
Көк болоттун укулу,
Көсөм Манас тукуму.
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өткүр Манас тукуму.
Өчөшкөнүн кайсаган,
Өжөр Манас тукуму.
Иримге чөксө Актелки,
Ыйык жалдан көтөрүп,
Толкунга акса Актелки,
Туура тартып өткөрүп,
Араңдан, зорго кечүү таап,
Малтып жүрүп көгөрүп.
Суудан чыкты шар этип,
Этек жеңи шалбырап.
Карап турган калың кыз,
Жар башында жалдырап.
Чапкылашып туш-туштан,
Мойнунда мончок шалдырап.
Айчүрөктөн кеп сурайт,
Аламандап алдырап:
«Айта койчу, эжеке,
Семетей деген ушубу?
Сен алып келген Акшуңкар,
Как ушунун кушубу?!
Жездебиз биздин Семетей,
Жеткилең туулган эр экен.
Толтоюң тоодой болсо да,
Жанында мунун кем экен.
Чыңкожого өзүңдүн,
Тийбейм дээриң эп экен.»
Кыздардын баары күлүшүп,
Кылактап жандай жүрүшүп.
Арыстанга ичинен,
Ашык болуп күйүшүп.

«Акылы артык эже» — деп,
Айчүрөктү жакташты.
Секет болуп кетчүдөй,
Семетейди макташты.
Кермелеп катар турушуп,
Келер жолун сакташты.
Караанына кагылып,
Кара көзүн жашташты.
Маңдайынан карасаң,

Кара кашка тынардай,
Тулку бою келишкен,
Жайкалган жашыл чынардай.
Кенебеген баатырдын,
Кеңдиги кенен Таластай.
Келберсиген майланып,
Келбетин көрсөң Манастай.
Ысыгы жайдын айындай,
Ыдыгы кыштын каарындай.
Толкундаган чунактын,
Толкуну көлдүн шарындай.
Оң жагына бет алса,
Оңду бузуп алгындай.
Сол жагына бет алса,
Солду кайсап салгындай.
Кармаша келген душмандын
Кайышып бели сынгындай.
Аркалаган баатырга,
Ата журт көөнү тынгындай.
Ажары анын ай, күндөй,
Ааламды жарык кылгындай.
Калган кезде жакындап,
Кашка тиши жарк этип.
Калтырады кыз-келин,
Карай албай барк этип.
Акундун кызы Айчүрөк,
Аргымактай кайкайып.
Тал боюнда өөнү жок,
Тал, теректей чайкалып,
Жүрүшү сонун ыргыштап,
Ак жорго аттай чайпалып.
Көк сүлөөсүн, кундуз бөрк,
Оң чекеде кыйшайып.
Сылык туулган Айчүрөк,
Сылаңдай басып суйкайып.
Адамды тартып өзүнө,

Ак маралдай маңкайып.
Алдынан чыкты Семеңдин,
Ай менен күндөй кашкайып.
Айчүрөктү көргөндө,
Айкөлдүн уулу залкайып.
Толгон айды көргөндөй,
Туруп калды таңданып.
Муну таштай салалы,

Айчүрөк менен Семеңдин,
Тоюнан кабар алалы.

Семетей менен Айчүрөктүн тойу

Таң калганы курусун,
Ташка салып куручун.
Гүлчоронун жактырбай,
Кыздар менен турушун.
Айланада кыздарды,
Адамбы — деп санабай.
Айчүрөктүн тандантккан,
Ажарына карабай.
Манастын уулу Семетей,
Күңгүрөнүп, күүлөнүп.
Мына мындай кеп айтат,
Гүлчорого сүйлөнүп:
«Жолду качан чаласың?
Жоопту качан аласың?
Кыздарды көрсөң жолуңан,
Кырыңан кетип каласың.
Кепти качан аласың?
Кесирлүү чунак баласың.
Келинди көрсөң жолуңан,
Кергиштешип каласың.
Акшуңкар качан табасың?
Айчүрөк качан барасың?
Алдыңан чыкса кыз-келин,
Акылдан азып каласың.
Кайгуулга качан барасың?
Кабарды качан аласың?

Жолдо жүрсөң маминтип,
Жоболоңго каласың.
Акун хандын шаарына,
Алып качан барасың?!
Чынкожо менен Толтойду —
Чын эле качан аласың?!
Кастарлап тиккен үйүң жок,
Хандан уккан кебиң жок.
Көтөрүп тиккен үйүң жок,
Көңүлдү табар жериң жок.
Чаңкасаң ичер чайың жок,

Чарчасаң түшөр жайың жок.
Адашып чором жүрүпсүң,
Ара жолдо дайның жок.
Беттешкен жетип кишиң жок,
Белгилүү кылган ишиң жок.
Алиге, чором, жүрүпсүң,
Акыл азуу тишиң жок.
Аттангын, чором, турбастан,
Акун ханга баралы!
Айчүрөк менен шуңкарды,
Алып элге жаналы!»
Анда чороң муну айтат,
Ак тамагын кылайтат:
«Айкөлдүн уулу, тура тур.
Атыңдын башын, бура тур.
Арыз айтам өзүңө —
Азыраак сабыр кыла тур!
Атаң Манас кабылан,
Кыйырын тосуп жол салган,
Кыйратып шаарын олжо алган.
Астыңан тосуп келгидей,
Айда алым бергидей,
Кытайдын эли мында жок.
Алты шаар Анжыдан,
Аяк жагы Самаркан.
Туурасы Ташкен, Наманген,
Ортосу Кокон, Маргалаң,
Багынды болуп Сынчыбек,
Айда алым бергидей,
Астыңан тосуп келгидей,
Анын журту мунда жок.
Аттанып чыгып алышкан,
Бирин бири чабышкан.
Жорук ачып салышкан,

Жоого тынбай барышкан.
Кызыл канын агызган
Кылымга даңкы калышкан.
Алдыңан тосуп келгидей,
Ак калпак кыргыз мында жок,
Ахавлап обон салышкан.
Асканы бийик жаңырткан.
Таруусун ташта актаган,
Катын-кызын мактаган,
Кыз кубар салып ойногон,

Иленин суусун бойлогон,
Алдыңан тосуп келгидей,
Айда алым бергидей,
Казактын эли мында жок.
Лопнур көлүн жердеген,
Сан караны ээлеген,
Сасык айран, көк курут
Нойгуттун эли мында жок.
Кошомат кылбай айтайын,
Кол байлар мында кишиң жок.
Кыз-келиндин ичинде —
Ачуу кылар ишиң жок.
Айдаганың он төрт ат,
Ээрчиткениң кош чоро.
Жолугарың эр Толтой,
Атышарың Чынкожо.
Аттанып жолго сала бер,
Ачууланбай бара бер!»
Аны угуп Семетей,
Арданып артка кер тартат.
Акылман туулган Гүлчоро,
Алдын тороп муну айтат:
«Айланайын, абаке,
Арстандыгың канаке?
Аташканың Айчүрөк,
Алдыңда турат, мынаке!
Кагылайын, абаке,
Кабыландыгың, канаке?
Каалаганың Айчүрөк,
Кашыңда турат, мынаке!
Алдырганың Акшуңкар,
Аңсаганың Айчүрөк,
Сары изинен сая кууп,
Самаганың Айчүрөк.
Ак чатыр тигип жолуңа,

Алдыңан тосуп чыгыптыр.
Кан Манас уулу келет — деп,
Калкына кабар кылыптыр.
Качырганың Акшуңкар,
Казатка минген көп тулпар.
Издегениң Айчүрөк
Алдыңда турат угуп ал.
Качырган кушуң колуңда,
Кастарлуу Чүрөк жолуңда.

www.bizdin.kg

Адашып кимге барамын,
Айланып кимди табамын.
Акшуңкар таптым салып кет,
Айчүрөк таптым алып кет?
Сулуулугу сымбаты,
Акылы менен кымбаты.
Чачыкейче болбосо,
Көңүлүңө толбосо,
Акун ханга айтып кет,
Албаймын деп кайтып кет!»
Аны угуп Семетей,
Ачуусун басып ойлонду.
Айчүрөктү кыя албай,
Араң-араң токтолду.
Ошондо да Чүрөккө,
Айтамын — деп колкомду.
Айчүрөккө муну айтып,
Арстан Семең ормойду:
«Жыргалдуу кыргыз элимден,
Жылас Чүрөк козгойсуң.
Сайрандап жаткан жеримден,
Сайкал Чүрөк козгойсуң.
Козгогонго жараша,
Кол куушуруп тоспойсуң.
Ойноп жаткан жеримен,
Ойлобой Чүрөк козгойсуң.
Ордолуу кыргыз элимен,
Ойрон Чүрөк козгойсуң.
Козгогонго жараша,
Кол алып эмне тоспойсуң?»
Аны угуп Чүрөк муну айтат,
Ак тамагын кылайтат:
«Жолоочу киши жол менен,
Жоокер киши кол менен.
Чоочун киши сый менен,
Чогоол киши чыр менен.

Ачууланар акың жок,
Адам уккус кеп айтып.
Акундун кызы Айчүрөк,
Аташкан жарым — деп айтып.
Менин Толтой аттуу жээним бар
Чынкожо аттуу эрим бар.
Алактаган Семетей,
Айтышар эмне жериң бар?!»

Аны укканда Семеңдин,
Ачуусу абдан келди эми.
Айчүрөктүн кебине,
Арданып мындай деди эми.
Тебелетип кетчүдөй,
Теминип атын берди эле:
«Акундун кызы Айчүрөк,
Акшуңкар берчи кетейин.
Айчүрөк сени алганда
Кай муратка жетейин.
Жолго казан аскан күң,
Жолоочу жолун тоскон күң.
Керүүгө казан аскан күң,
Кербенчи жолун тоскон күң.
Ак булутту сыдырып,
Асмандадың кыдырып.
Көк булутту сыдырып,
Көкөлөдүң кыдырып.
Кыз башың менен эр издеп,
Кылымды кезип дууладың.
Шуркуя тойбой эрге сен,
Шуңкарымды уурдадың.
Акун хандын төрүндө,
Көп олтуруп зак болгон.
Салбар болуп каргыча,
Саамайы куудан ак болгон.
Чачы куудай болгунча,
Эр албаган эски күң.
Тиши буудай болгунча,
Тийбеген эрге кески күң.
Шумкарым берчи кетейин,
Шуркуя сени нетейин.
Сени алып Айчүрөк,
Не муратка жетейин?!»
Анда Чүрөк муну айтат,
Ачуусу менен муң айтат:
«Кергиштебей Семетей,

Кетмек болсоң, кете гой.
Кементайың сүйрөлтүп,
Кең-Колуңа, жете гой!
Кары десең, кары де,
Калы дебе Чүрөктү!
Карыдан качкан сен төрө,
Кайгуулдаба Чүрөктү!

Кадырымды билбеген,
Жашты эмне кылайын.
Кары да болсо Чынкожо,
Кадырга жетет сыйлайын.
Катын болуп ага мен,
Кастарланып жыргайын.
Калтыраткан калмакты,
Кан атаң Манас башында,
Ак сакалын жайкаган,
Акылман Бакай кашында.
Туйлатып тулпар ат минип,
Тумшуктун жолун тоскондо,
Багы артып кыргыздын,
Баары журттан озгондо.
Калмактан өчүн алганда,
Карк олжого батканда,
Жеңиш менен мөөрөйлүү,
Жергесине кайтканда.
Хан Манастын калайык,
Касиетин көргөндө,
Калмактан алган олжону,
Камчыга ченеп бөлгөндө.
Ак куржундап зар арткан,
Алтымыш эки нар айдап,
Аяктай кебез байлаган,
Алтымыш кызыл жорго айдап.
Акун хан менен хан Манас,
Бел куда болгон жери бар.
Аташкан жарын албаган,
Адамдын кандай шери бар?
Караңды тоскон Чүрөктүн
Карый турган эби бар.
Кайнатам айкөл Манастын —
Сыйлабасам арбагын.
Эр албас «күң» атанып
Болбойт элем салбарың.
Кайнатам Манас өлгөндө,
Калк чогулуп көмгөндө,

Абыке, Көбөш дүйнөңдү,
Камчыга ченеп бөлгөндө.
Каракан качып Каныкей,
Катуу кордук көргөндө.
Тентип кетип, сен калдың,
Телмирип Чүрөк мен калдым.

Жашынып качып, сен калдың,
Жалдырап Чүрөк мен калдым.
Арбакты сыйлап карыган,
Айчүрөктүн шорубу?
Аялын таап албаган,
Адамдын өзүң корубу?!
Аташкан сөзгө байланган,
Карабет Чүрөк менденби?
Аялын таап албаган,
Ары жок төрөм сенденби?!
Саамайың дейсиң агарды,
Сактаганым жаманбы?
Сактаганын саргарткан,
Санаасы жок адамбы?!
Аташканым табам — деп,
Айланып учсам жаманбы?
Аялын элге алдырган,
Ары жок сендей адамбы?
Акшуңкарың колуңан —
Ала качсам саламбы?
Эсиңде жок Чүрөктү,
Эсиңе салсам жаманбы?!
Атаңдын билсең эмгегин,
Аткарсаң анын дегенин.
Ашык жарың Чүрөктү,
Канакей издеп келгениң?!
Бекер болсо эмгегим,
Берейин кушуң келбегин
Айчүрөктү эрдемсип,
Аташкан жарым дебегин!
Кара күчкө таарынып,
Карбаластап басканың,
Чынкожо менен Толтойдон,
Чын эле коркуп качканың.
Сага тийип нетейин,
Не мураска жетейин.
Алуучу күйөөм Чынкожо,
Азыр тийип кетемин.
Акшуңкарың, ала гой.

Азыр табы, сала гой,
Кетер болсоң жол ачык,
Кең-Колуңа, бара гой.
Чамаң жетпейт Чүрөккө,
Чачыкей менен, кала гой.

www.bizdin.kg

Жети суу толгон жерим бар,
Жедигер Толтой жээним бар.
Семетей кетсең, кете гой,
Чынкожодой эрим бар.
Аккуу болуп кубулуп,
Ак булутту сыдырдым.
Ашык жарым табам — деп,
Ааламдын бетин кыдырдым.
Көкөлөп учуп көк менен,
Көк булутту сыдырдым.
Көңүлгө толор жар таппай,
Көп элди мен кыдырдым.
Далай-далай эл көрдүм,
Далысы кең шер көрдүм.
Канча калың эл көрдүм,
Кара кулак шер көрдүм.
Аларды көзгө илбедим,
Алымсынып тийбедим.
Ашык болуп даңкыңа,
Семетей сени издедим.
Каракандын шаарында,
Качып жүрөт — деп уктум.
Калдыр тонун жонуңда,
Катып жүрөт — деп уктум.
Аташканын таба албай,
Азып жүрөт деп уктум.
Чычалаба, бирок сен,
Чыгарбаймын айбыңды
Көрүп келдим кечөө мен,
Батмачык баш зайбыңды.
Абалап учуп сени издеп,
Айтарга сөзгө пас болдум.
Ашык болуп өзүңө,
Чынкожого кас болдум.
Кадырымды билбедиң,
Кантейин көзүм жаш болдум
Эр Көкчө уулу Үмүтөй,
Кара кулак шер экен.
Калмак менен кытайдан,
Кайнап чыккан эр экен.

Ошого тийбей жүргөмүн,
Арткан элди кары — деп,
Айтарыңды билгемин.
Ала көөдөк Семетей,

Эмнеге сени издедим.
Суу бойлоп жылкы жайылган,
Субайы бөлөк багылган,
Сыйынып бутка баш уруп,
Бурканына жалынган.
Жаткан иттей кашы бар,
Жан казандай башы бар,
Аркасында бир кулач,
Билектей жоон чачы бар,
Алтын найлуу, жез канжа,
Атырайган чоң калча,
Хан Коңурга тийсемчи.
«Кары» — деп атак алганча,
Ошолорго тийбедим,
Семетей сени издедим.
Күйгөнүмө күйдүрүп,
Кары дээриң билбедим.
Кары дээриң билгенде,
Карап сени ким жүрөт,
Айлана учуп башыңан,
Ашык болуп ким күйөт?!»
Кайгырып кайран Айчүрөк,
Кара жашы сел болуп,
Кайра басты таарынып.
Калды Семең тел болуп.
Гүлчоро анда кеп айтат,
Кулакка жаккан эп айтат:
«Ишенген жеңем сен болсоң,
Издеген кайниң мен болсом.
Айчүрөк шашпай тура тур,
Акылы артык кең болсом.
Талабың ташка чаппагын,
Таарынчың алат, абакем.
Кекөлөтүп өзүңдү,
Көңүлүң алат, абакем.
Кубуңа толгон жарыңды,
Кубалап кайда кайтасың?
Кашыңда турган кыздарга,
Кантип жооп айтасың».
Муңайып Чүрөк муну айтат,
Муңдуу сөзүн чубалтат:

«Каргышка калган канкоруң,
Карып калдың — деп айтат.
Асмандап учуп эр издеп,

Азып калдың — деп айтат.
Салбар болуп төрүңдө —
Сасып калдың — деп айтат.
Мындай кепти уккуча,
Өлүп кетсем болбойбу?
Кара жерге казып бек,
Көмүп кетсең болбойбу?!»
Гүлчоро жана кеп айтат,
Күлө сүйлөп бек айтат,
Семетейге жеме айтат,
Айчүрөккө тең айтат:
«Айланайын, абаке,
Акылман туулган, жеңеке.
Алышпай жатып айтышып,
Ар кимге болбо келеке.
Кагылайын, абаке,
Кадырлуу Чүрөк, жеңеке.
Көрүшпөй жатып урушуп,
Көпкө болбо келеке.
Армандап жүрүп табыштың,
Айтышпай эми табышкын.
Издешип жүрүп табыштың,
Эрегишпей табышкын.
Ак седеп күрмөң агылткын,
Айкалышып канышкын.
Кумар болгон Чүрөктүн —
Кусалуу дартын арылткын!»
Акылман туулган Гүлчоро,
Аталуу кептен айтканда,
Ырыс алды ынтымак,
Ыркка экөөнү тартканда.
Айчүрөк менен Семетей,
Аталуу сөзгө жыгылды.
Кечиришип бир-бирин
Кергилешпей тыйылды.
Жадырашып, жалжылдап,
Бири бирине караштгы.
Ай менен күн тогошуп,
Айкалышып жараштгы.
Гүлчоро менен Канчоро,
Күлүктөрдү айдады.
Айчүрөккө Семетей,

Артып колун жандады.
Ак ордодо табышып,

Армандары калбады...
Ордого булар жеткен соң,
Сыр түйүнүн чечишип,
Мурунку өткөн залдарлуу,
Каарынан булар кечишип.
Ортодо кыйла сөз өтүп,
Бир-биринен шекишип,
Семетей менен Айчүрөк
Баркына эми жетишип.
«Алыстан келген канкор» — деп,
Арнаган малын сойдуруп,
«Чарчап келди чаңкап» — деп,
Кымызга мыктап тойдуруп.
Каймакка бышкан нан берип,
Көнөккө салган бал берип.
Казы кертип, жал берип,
Кандыра кара чай берип.
Канча түрлүү аш берип,
Алма, шекер ал берип.
Кант, мейизин төгүлтүп,
Бар тамагын жай берип.
Конок камы бүткөн соң,
Козголду Семең ойлонуп.
Адыми асыл Чүрөктүн,
Отуна күйүп толгонуп.
«Арман кылган чыныгы,
Асыл жарга жеттим» — деп.
Айчүрөккө Семетей,
Аярлады «кечир» —деп.
Аны угуп Айчүрөк,
Жүрөгү күйүп чок болуп.
Ар жорукту түгөнгүр,
Акылында ойлонуп.
«Жоболоңду көп тартты,
Жоголуп колдон шуңкары.
Жолдо узак жооруду,
Жоого минген тулпары.
Кылымды жеңген бул өзү,
Кыраан эрдин кулуну.
Кыйналыптыр мен үчүн,
Кырчылып кийген буулуму.
Түйшүк тартып аябай,
Жол азабын көрүптүр.

Эки көзү төрт болуп,
Түн уйкусун бөлүптүр.
Намыс күчү баатырдын,
Найзага таккан желектир.
Эркек, аял күйүүгө,
Элирткен сүйүү себептир.
Кыйналдырбай ушуну.
Кылайын — деп кызматын,
Ашык жарым эмеспи,
Араӊ жеткен кыз башым?!»
Айчүрөк антип турганда,
Гүлчоро күлүп муну айтат.
Семетей менен Чүрөккө,
Данакер болуп кубантат.
«Айланайын, абаке,
Акылман туулган, жеӊеке!
Айланып араӊ жеттиӊер,
Аӊсаган арман, тилекке.
Дабасын эми тапкыла,
Дары издеген жүрөккө!
Кучагыӊды жай, аба,
Кумар болгон Чүрөккө!
Аккелтени асынып,
Ай балтаӊды байландыӊ.
Айчүрөккө жетем — деп,
Асаба тууӊду кармандыӊ.
Айкалышар түн бүгүн,
Ашыктардын көөнү ток.
Канчоро менен Гүлчоро,
Кайгырып ичтен болот чок».
Акундун кызы Айчүрөк,
Алардын оюн билди эми.
Семетейди ээрчитип,
Ак өргөгө кирди эми.
Гүлчоро болуп молдосу,
Канчоро болуп жолдошу.
Семетей менен Чүрөккө,
Ак нике кыйып койду эми.
Күбөөчү болду эчени,
Арачы болду чечени.
Ак төшөккө жатуучу,
Келди эми кезеги.
Алтындан кылган тактага,
Кебезден кылган пактага.
Кастарлуу төшөк салынды,

Камынды Семең жатарга.
Бала жолборс эр немең,
Он бештеги жаш болгон.
Салынып төшөк бүткөнчө,
Араңдан араң токтолгон.
Жатар менен айкашты,
Төшкө төштү жайкашты.
Элиришкен көңүлдөн,
Бирин бири байкашты.
Айчүрөк менен Семетей,
Ашыктыктан бал татты.
Аял, эр кантип унутат,
Ал түнкү таттуу лаззатты.
Талган кирпик илинбей,
Тамаша менен таң сүрдү.
Алтындап нур чачылып,
Ачылып асман күн күлдү.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кызыл өңү боз болуп,
Аягын сылтып аярлап,
Араң турду козголуп.
Ал Семетей баатырың,
Атып турду опкоолжуп.
Таң ашырган ат өңдүү,
Таманы кызып октолуп.
Аптаба колго алышты,
Жуунуп кирин агызды.
Кучакташып өбүшүп,
Кумарга булар канышты.
Ал аңгыча кыз-келин,
Аш-тамагын келтирди.
Кымызга канган Семетей,
Кызарып өңү желпинди.
Айчүрөк анда кеп айтат,
Агартып тишин кылайтат:
«Кыз кылган соң жараткан,
Эрге тийбей аял жок.
Эркек бала болгон соң,
Катын албай арга жок.
Жашың өтүп кеткен соң,
Эр, катында пайда жок.
Жаштыктагы кызыктай,
Жалганда бул жыргал жок!
Ашыктыктын дартындай,
Ааламда кыйын курал жок.

Ашык болуп жар сүйүү,
Ар кимдин бар тамаасы.
Гүлчоро менен Канчоро,
Алмамбет, Чубак баласы.
Каралды болор бекен — деп,
Ээчитип келген абасы.
Семетейге бүткөн бул,
Эки көздүн карасы.
Жашы кичүү болсо да,
Берендигин карачы.
Баш кошуп булар кыздарга,
Басылсын жаштык санаасы.
Өлсө кунун алчу мен,
Сатса пулун алчу мен.
Жакшылык менен жамандык,
Өз оюмча салчу мен.
Калыйман менен Бегимжан,
Эки кызды мен берем.
Канчоро менен Гүлчоро,
Кадырынды мен билем.
Кандын кызы Калыйман,
Улуурагың аны ал.
Бектин кызы Бегимжан,
Кичүүрөгүң аны ал».
Кучакташып кыз-жигит,
Кубанды белем курган жан.
Арман менен муңайды,
Айкалышпай кур калган.
Эскертип Чүрөк дагы айтат,
«Эрендер уккун — деп айтат.
Айланайын, Гүлчоро,
Аркалаган ишиң бар.
Кагылайын, Канчоро,
Касташкан душман кишиң бар.
Күнү-түнү күзөтүп,
Ордону багып, жолду чал!
Чыр салып келген кол менен,
Чынкожо менен Толтой бар.
Капылет кокус калбаңар,
Кайгыны башка салбаңар!
Хан абаң менен жеңеңдин,
Каргышына калбаңар!
Калыйман менен Бегимжан,

www.bizdin.kg

Кадырга жетер жарыңар!
Толтойду жеңип алган соң,
Тойду анан салыңар!»
Айчүрөктүн айтканын,
Арстан Семең куп алды.
Гүлчоро менен Канчоро,
Кайгуулга чыгып жол чалды.
Муну мындай таштайлы,
Чынкожо менен Толтойдун,
Дүмөгүнөн баштайлы...

Түшүнүктөр

1. Ойрот — уруу аты.

2. Эрөөл — кыр көрсөтүү, жоого аттануу.

3. Кирпил — уялчаак, жарамсыз.

4. Темгил — тер — ала тер.

5. Жедигер — уруу аты.

6. Кубулу — кубу — кыбы.

7. Лөк— нар төө.

8. Кол — кошуун.

9. Тийсе болот — заар, уу аты.

10. Булдурсун — камчы.

11. Алма кезек — алмашуу, кезектешүү.

12. Даңкан — аттын туягы ташка тийгенде чыккан учкун.

13. Шайбарлата — алчактата.

14. Камка — кездеменин бир түрү.

15. Келенгер — чок чачпак.

16. Жаалысы — жайыл жайылы.

17. Сасык — камал, курчап алуу.

18. Чарбак — Гүл бак.

19. Саадак — жаа.

20. Чапчак — бозо ачытуучу,  малма салчу жыгач челек.

21. Алеңгир жаа,  сур жебе — ажалдуу  жаа, ажал жок.

22. Шаяң — жердин аты.

23. Буулум — кездеменин бир асыл түрү.

24. Алты сай — алты бөлөк.

25. Үртүк — ат жабуу.

26. Дүмөктүү. Дүмөк — айбат кылуу, кыр көрсөтүү.

27. Тынар — куш падышасы.

28. Так текей — текенин мүйүзүнөн жасалган оюнчук.

29. Бадана — темир тон.

30. Кайгуул — чалгын.

31. Кыйгактуу найза — теги жок найза.

32. Испийан — кылычтын түрү.

33. Кисе — ок баштык.

34. Кандагай — кайыш шым.

35. Калча — кул, кызматкер.

36. Элкин — элким, ээн — эркин.

37. Укулу — болоттун эң асылы.

www.bizdin.kg